КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ жана ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна

# Адептик-рухий тарбиядагы көйгөйлөрдү чечүү

**10-класс**

Класс жетекчилер, тарбия завучтары үчүн методикалык колдонмо

Бишкек – 2020

Рецензиялагандар: Добаев К.Д. КББАнын ПКББ борборунун директору, п.и.д. профессор.

Бул методикалык колдонмодо жалпы билим берүүчү мектептердин 10-класстардын окуучуларын тарбиялоодогу көйгөйлөрдү чечүүгө карата класс жетекчилерге арналып жазылды. Адептик-рухий тарбиядагы көйгөйлөрдүн башаты анализденип, дүйнө жүзүндөгү тарбияга терс таасирин тийгизген тенденциялар баяндалды. Окуучуларды тарбиялоодо көрсөтмө-багыт берүүнүн мааниси, класс жетекчинин моралдык (этикалык) билиминин, этнопедагогиканын мааниси жөнүндө маалымат берилди. 10-класстын класс жетекчилерине керектүү материалдарды, тарбиялык сааттардын, класстан тышкаркы иш-чаралардын иштелмелерди таба аласыздар.

## Мазмуну

**Киришүү**...........................................................................................4

**I бөлүм**. **Адептик-рухий тарбиядагы кризистин башатын анализдөө, кризистен чыгууга карата класс жетекчиге багыт берүү**

Адептик-рухий тарбиядагы проблеманын башатын анализдөө........................6

Дүйнө жүзүндөгү адептик-рухий тарбияга терс таасирин тийгизген тенденциялар.......................................................................................14

Адептик-рухий тарбияда этнопедагогиканы колдонуунун мааниси...............25

Окуучуларды рухий тарбиялоодо көрсөтмө-багыт берүүнүн мааниси..........28

Рухий тарбияда класс жетекчинин моралдык билиминин мааниси................33

Адептик- рухий тарбияда үй-бүлөнүн жана аялзатынын ролу........................37

**II бөлүм. Тарбия сааттарынын иштелмелери**.

Үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө камкордук көрүү.....................................................47

Тарыхтан сабак алуу........................................................................................51

Жакшылык менен жамандык...........................................................................58

Коомдогу биринчи байлык – ден соолук..........................................................62

Жалпы адамзаттык баалуулуктар.....................................................................67

Көз карандылыктын зыяндуулугу, андан кутулуунун жол-жоболору.............73

Адамды, коомду деградация жолуна салуучу нерселер – арак, баңгилик, токсикомание, сойкулук, сүткорлук, кылмышкерлик, кумар оюндары..........78

Өзүнүн маселесин өзү чечүүнүн турмуштагы ролу.........................................83

Адамзаттын глобалдык проблемасы – ВИЧ/СПИД. Адамзаттын жашоосунда венерологиялык оорулардын залалы...............................................................87

**Класстан тышкаркы иш-чаралар**

Укуктук аң-сезимди калыптандыруу ...............................................................90

Экологиялык викторина....................................................................................91

Кызык экен окуп кой..........................................................................................92

Адабияттар.........................................................................................................93

# Киришүү

Тарбия – бардык мезгилде, бардык элдер үчүн коомдун рухий жашоосунда маанилүү маселе болуп келген. Адамзаттын жашоосун адептик-рухий тарбиясыз элестетүүгө мүмкүн эмес, анткени мурдагы муундун тажрыйбасын кийинки муунга жеткирбестен, коомдун өнүгүшү мүмкүн эмес. “Адамды өркүндөтүүнүн улуу сыры – тарбияда, адамдын табигатын түшүнүүнүн улуу сыры – педагогикада” (И.Кант). Тарбия – адамды интелектуалдык, рухий, физикалык өнүктүрүү искусствосу.

Тарбиялоо – татаал процесс, ал ар түрдүү педагогикалык иш-аракеттерди ичине камтыйт: окуучулар жамаатынын бирдиктүү ишин уюштурат, улуттук, элдик, адамзаттык маданияттын негизин түшүндүрөт, ар кандай кесиптин артыкчылыгын ачып, туура багыт берет, адам менен мамиле түзүүгө, кызматташууга үйрөтөт, ар башка багытта жана предметтер боюнча окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө камкордук көрөт, турмуштун философиясын үйрөтөт, жашоого даярдайт ж.б.

Тилекке каршы азыркы мезгилде окуучулардын 1/3нин психикалык, соматикалык көйгөйлөрү бар, интеллекти төмөн, кеби өнүкпөгөн, эмоционалдык абалы начар. Балдардын 25-30%нын рухий баалуулуктар жөнүндө түшүнүгү жок, 35-40% балдардын кызыкчылыгын табуу кыйын. Тарбиялык сааттарды уюштурууга мурдагы методикалык колдонмолор жараксыз болуп калды. КМШ курамына кирген өлкөлөрдүн педагогдорунун көбү өз маданиятын калыбына келтирүү боюнча эмгектенип жатышат. Азыркы шартка ылайык класс жетекчилердин ишин, тарбия сааттардын иштелмелерин иштеп чыгуу үчүн теориялык жаңылыктарды, жаңы тенденцияларды аныктоо керек, ошондой эле педагогика менен этнопедагогиканы интеграциялап тарбия сааттардын иштелмелерин иштеп чыгуу абзел.

Азыр адептик-рухий кризистен коомду чыгаруу оор маселелердин бири болууда, ошондуктан жаңы социалдык, саясый, экономикалык шартка ылайык жаңы мазмундун негизинде жаш муундарды тарбиялоо зарылчылыгы бышып жетилди. Билим берүүчү уюмдардан эл гуманист-адамды, патриот-жаранды, жакшы бүлөкорду, эмгекчил-жаратманды, ыймандуу инсанды калыптандыруусун күтүүдө. КМШ курамына кирген өлкөлөрдүн педагогикалык элитасы өз улутунун рухий казынасын, интеллектуалдык потенциалын сактап калууга жана өнүктүрүүгө багыт алууда. Мурда педагогикалык маданияттын очогу болуп эсептелген этнопедагогикалык мурастарды кайрадан калыбына келтирип жатышат. Класс жекекчилерге жаңы концепциянын, мазмундун негизинде

өспүрүмдөрдү өзгөргөн шартка ылайык тарбиялоо – оор маселе. Андыктан азыркы коомго шайкеш келген, рухий маселелерди чечүүгө даяр, демилгелүү инсанды калыптандыруунун натыйжалуу жолдорун издөөнүн зарылдыгы изилдөөнүн актуалдуулугун аныктады.

Билим берүүдөгү жана тарбиядагы теориялык жаңылыктарды, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигиндеги жаңы тенденцияларды, маданий өзгөрүүлөрдү изилдебестен тарбиялык иштерди түп тамырынан өзгөртүүгө мүмкүн эмес. Педагогика илими өнүгүп жаткан илимдердин бири болгондугуна карабастан, коомдун педагогикалык маданияты, педагогикалык аң-сезими, дүйнө жүзүнүн педагогикадагы тарбиялык талаптары деген категориялар азыркы күнгө чейин жок.Тарбиялык иштерде көйгөйлөр арбын.

Прогрессивдүү окумуштуулардын пикири боюнча: жалпы адамзат бир программанын негизинде тарбиялык иштерди уюштурушу туура эмес. Биз сунуш кылган эмгек – тарбиялык иштерди уюштурууга керек мазмундун, варианттардын бири. Колдонмого киргизилген материалдар класс жетекчилердин методикалык бирикмелеринде талкууланып, апробациядан өттү.

Бул эмгек класс жетекчилердин, тарбияны уюштуруучулардын ишиндеги өзгөчөлүктөрү эске алып, аларга практакада пайдаланууга ыңгайлаштырып түзүлдү. Мазмуну 1-11 класстардын “Тарбиялык иштердин” программасына туура келет. Биздин мурдагы тарбиялык системабызда кандай кемчиликтерди кетиргенбиз, аны эми кантип ондошубуз керек, азыркы мезгилде класс жетекчилердин мойнуна кандай милдеттерди чечүү зарыл, биз ушу сыяктуу маселелердин үстүндө ойлонуп, класс жетекчилерге колубуздан келген жардамыбызды сунуштадык. Бул методикалык колдонмо 10-класста иштеген класс жетекчилердин, уюштуруучулардын столунун үстүндөгү күнүмдүк практикада колдоно турган китепче болот го деген үмүттөбүз.

*“Мектептин максаты – тарбия, тарбия жана да тарбия” И.Песталоцци.*

*“Маданияттуулук дегенибиз – өз жашооңду башкалардын турмушуна пайдалуу кылып, кооздоо” В.Г. Кротов.*

# I бөлүм. АДЕПТИК-РУХИЙ ТАРБИЯДАГЫ КӨЙГӨЙДҮН БАШАТЫН АНАЛИЗДӨӨ, КРИЗИСТЕН ЧЫГУУГА КАРАТА КЛАСС ЖЕТЕКЧИЛЕРГЕ ЖАРДАМ

## Адептик-рухий тарбиядагы проблеманын башатын анализдөө

Адеп дегенибиз − адамдын жүрүм-турум нормасын аныктоочу моралдык эреже жөнүндөгү этикалык түшүнүк. Адептик тарбия деп − аң-сезимди, адептүү жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандырууну жана адептик ыкмаларды максатка ылайык өнүктүрүүнү айтабыз. Адептик-рухий тарбия аркылуу эң жогорку баалуулуктар, терең мааниси бар түшүнүктөр баланын аң-сезимине, жүрөгүнө жеткирилет. С.И. Ожеговдун сөздүгүндө: “Адептүүлүк – адамдын рухий дүйнөсүнүн коомдо, үй-бүлөдө жашоодогу жүрүм-турум эрежелерин аныктоочу сапаты, аны аткаруунун, кылык-жоругунун калыптанышы”-деп белгиленет. В.А. Сухомлинскийдин пикири боюнча: “Адептик-рухий тарбиянын мазмунуна: гуманизм, идеялуулук, жоопкерчиликтүүлүк, жарандуулук, эмгекти сүйүү, айкөлдүк, өзүн-өзү башкара билүү ж.б. кирет. Адептүүлүк – абийирдин мүмкүндүк берген чеги, ал эми адамдын аң-сезими жогорулап, жүрүм-туруму оңолсо, рухий өнүгүү башталат, анын чеги жок. Адамдын жакшы оюу, моралдык сезими бириккенде жакшы адептик аракети башталганда рухий дүйнөсү байыйт” Адептик-рухий тарбияга көңүл бөлүнгөн мектептин бүтүрүүчүлөрү коомду өнүктүрүүчү локомотив (кыймылдаткыч күч) сыяктуу болушат. [27].

И.Кант: “Тарбия – адамдын аң-сезимин өнүктүрүүдөгү чеберчилик, адамдын табигатындагыларды (акыл, шык, зээн ж.б.) өркүндөтүүнүн улуу сырлары – тарбияда”-деген. Совет доорунда: “Тарбия деп – жаш муунга коомдук-тарыхый тажрыйбаны, илимий көз карашты калыптандырууну, жогорку моралды, терең идеялдуулукту, коомдук активдүүлүктү, коомдогу реалдуулукка жараша чыгармачыл мамилеге, эмгекке, жогорку маданияттуулука жана жакшы жүрүм-турумга көндүрүүчү иш-аракетти”-атаганбыз. (Краткий психологический словарь. М. 1985). 90-жылдардагы адабияттарда: Тарбия деп – жаш муундарды эмгекке, пайдалуу иш-аракетке, ар түрдүү социалдык функцияларды аткарууга даярдоонун объективдүү-мыйзамченемдүү процесси”-деп белгиленген (Краткий педагогический словарь пропагандиста 1990).

Тарбия дайыма жүргүзүлүп келген, азыр да жүргүзүлүп жатат, бирок адептик-рухий тарбия боюнча проблемалар көбөйдү. Азыр биз кыргыз агартуусунда адептик-рухий тарбиядагы проблеманын башаты кайдан чыккан, эмне менен байланыштуу, аны кантип жоёбуз, ошо жөнүндө ой бөлүшмөкчүбүз.

Кыргыз агартуусунун тамыры тарыхтын тереңине, т.а. биздин замандын V-IX кылымдарына кетет. Буга байыркы Орхон-Энисей эстеликтеринин рун жазуулары күбө. Француз тарыхчысы Шавамунин, кыргыз тарыхчысы Анвар Байтурдун ырастоосу боюнча: “Кыргыздар түрк улуттарынын ичинен эң биринчилерден болуп V кылымдын башында 40 тамгалуу алфавит пайдаланышкан”. Академик Е.С. Малов: “Түрктөрдүн Энесай жазмасы” (1952) аттуу эмгегинде: “Энесай таш эстеликтериндеги жазуулары – байыркы кыргыз тили. V-IX кылымдарда кыргыз-түрк мамлекетинде агартуу, окутуу практикаланган. Борбордук Азияда кыргыздын улуу державасы билим берүүсүз держава болуп жашай алмак эмес”.

“Илгери кыргыздар балдарын мусулманча окутуп, адептүүлүккө, ыймандуулукка үйрөтүүнү биринчи парз деп эсептешкен. Ошондуктан Кашкардан, Кокондон, Үрүмчүдөн, Бухарадан, Уфадан, Казандан Олуя Атадан уйгур, өзбек, ногой молдолорду жалдап, ат, кой, акча берип, бир топ жылга чейин балдарын окутуучу (Тоголок Молдо. Бишкек.1991.180-б). Орто кылымдын башында араб тамгасы менен балдардын сабатсыздыгын жоюп, эл диний билимди өздөштүргөн. Ж. Баласагындын “Кут алгы билими” негизинен адептик-рухий тарбияга арналат, азыр да ал чыгарманын актуалдуулугу өтө элек.

XIX кылымдын экинчи жарымында патриархалдык-феодалдык Орто Азия капиталисттик Россиянын куралдуу армиясы менен кагылышууда жеңилип, колонияга айланган. Орус-тузем, диний приходдук (башталгыч) мектептер Пишпекте, Пржевальскиде ж.б. иштей баштаган. Окуу планында “закон божий” сабагы бар эле. Орус мектептерде кыргыз балдар, кыздар да окуган. Кыргыз улуту орустун адептик-рухий тартибине үйрөнүүсү XIX кылымдын экинчи жарымында башталган. Колониялык саясаттын түпкү мүдөөсү “туземецтердин” тилин, маданиятын, улуттук тамырын соолутуу эле [2].

XIX кылымдын соңунда, XX кылымдын башында Ала Тоо аймагында “жаңы метод” (усули жадид) мектептер пайда болгон. Аны идеялык жактан И.Гаспирский негиздеген. Анда куран, шарият, араб тили менен бирге жалпы билим берүүчү предметтер: арифметика, география, тарых, табият таануу, геометрия, анатомия, логика ж.б. үйрөтүлгөн. Мектепте парта, доска, карта ж.б. пайдалынылып, диний жана илимий багытта таалим-тарбия берилген. Мындай прогрессивдүү идея узакка жашай алган эмес. Жалпы агартуу жаатындагы улуттун адептик-рухий тарбиясына булардын оң салымы болгон, бирок сан жагынан жетишсиздигин моюнга алуу керек [2].

Адептик-рухий тарбия боюнча мурдагы мударистер өздөрү чыгармаларды жазып, шакирттерине анын маанисин түшүндүрүшкөн. Мисалы, “Аңгек өзүн жер ойлойт. Акмак өзүн эр ойлойт, Кебер өзүн туз ойлойт. Кемпир өзүн кыз ойлойт. Зулум өзүн ак ойлойт. Сүткөр өзүн так ойлойт. Даачан өзүн тыйынсыйт. Наадан өзүн кыйынсыйт. Орой өзүн сылыксыйт. Орок өзүн кылычсыйт” (Алдаш Молдо).

Эпостордун, элдик оозеки чыгармалардын көптүгү кыргыз элинин рухий дүйнөсү бай, адабий казынасы мол калк экендигине күбө болот. Элдик оозеки чыгармаларда терс каармандардын көп болгонуна карабастан, адептик-рухий маселелерге кенен орун берилген. Революцияга чейинки кыргыз адабияты этнопедагогикалык маалыматтарга бай, элдин материалдык кыйынчылыгы көп болсо да, улуттун рухий абалы жакшы, дили (психикасы), физикалык жактан соо болгон.

Революциядан кийин жаңы типтеги адамды тарбиялоо керек болгон, анткени мурдагы тарбия "консервативдик", "патриархалдык" катары таанылган. Н.И. Бухарин: "Эски режимдеги консервативдик катуу тарбияга каршы акырындап күрөшүү менен, үй-бүлөдөгү эски мамилелерди жок кылуу керек"-деген. Ошол жылдары үй-бүлөлүк тарбиянын стратегиялык планы иштелип чыккан. Көпчүлүк педагогдор үй-бүлөлүк тарбиянын жакшы жактарын: эмгекти сүйүүнү, чын жүрөктөн үй-бүлөлүк жылуу мамилени сактап калуу керек, – дешкен. Ошого карабастан биринчи көз караштагы окумуштуулардын пикири үстөмдүк кылып, баланы үй-бүлөдөн ажыратып, атайын мекемеде, коммуна-мектепте, интернатта, балдар үйүндө тарбиялоого көңүл бөлүнгөн. Улуу Октябрь Социалисттик Революциядан жана Улуу Ата Мекендик согуштан кийин ата-энесинен ажырагандар көп болгондуктан, мектеп-интернаттар ачылган. Мектеп-интернаттар балдарга коммунисттик идеологияны кенен пропагандалап, үй-бүлөлүк байлыкка умтулбоону, социализмди, коммунизмди курууга үгүттөгөн. Советтик мектептерде окуучулардын интеллектуалдык потенциалын өсүшүнө көбүрөөк көңүл бөлүшүп, адептик-рухий тарбия экинчи планга чыккан [3].

1960-жылга чейин 2,5 миллион балдарды интернаттарда тарбиялоо пландаштырылган. Ар бир үй-бүлө баласын интернатка берүүсүнө жетишүү керек болгон. 30-жылдары бул идеяга В.А. Сухомлинский каршы чыгып, өз эмгегинде: "Ата-эне гана балдарына улуу авторитет бойдон каларын" эскерткен. "Муундардын ортосунда байланыш болот, бала – кылымдарга уланган тукумдун бир звеносу, аны үзүү – оор трагедия, ал баланын адептик-рухий багытын кулатуучу нерсе" – деген. Анын позициясын көптөгөн педагогдор колдошкон. "Үй-бүлөдөн эрте бөлүнгөн бала ар тараптуу өнүгүп, инсан катары калыптана албайт, бирок аны аңдап түшүнө албаган абалда чоңоёт. Эрте ата-энелик мамиледен ажыраган бала кара мүртөз, ырайымсыз болуп чектелбестен, алар балалык "госпитализм" дартына чалдыгып, үй-бүлөлүк жашоо-иммунитетин жоготот" (В.А. Сухомлинский). "Жүрөгүндө жек көрүү менен кара мүртөздүк орун алган баланы ырайымдуулукка тарбиялоо мүмкүн эмес. Эркиндиктен, сүйүүдөн ажыратылган баланы күчтүү эркүүлүккө тарбиялоо мүмкүн эмес" (Л.Н. Толстой).

"Азыркы кыргыз мектептеринде балдарга көбүнчө илимий теорияны жаттатып окутабыз. Мурдагы мугалим Нурмолдо балдарды турмушка даярдап окуткан. Ал эркек балдарга дыйканчылык өнөрдүн сырларын, кыздарга бычмачылык, тикмечилик өнөрдү, элдик салт-санаа, адабият, маданият, адептик-руханий көндүмдөргө үйрөткөн" (С.О. Байгазиев) [2].

Жаңылбаган жаак, мүдүрүлбөгөн туяк болбойт. Педагогдор да жаңылышат. Мисалы, мурда класстык сааттарда коммунисттик идеологияны, саясый “идеалдарды” пропагандалоого көп орун берилген. Окуучуларга технократиялык, механикалык, рационалдык ойлом таңууланган. Адамдын табигаты, генетикалык программасы, улуттун менталитенин өзгөчөлүгү, космостук параллель күчтөрдүн адамга таасири эске алынбаган (б.а. атеисттик) тарбия актуалдуу болгон. Педагогикада дүйнө түзүлүшүнүн советтик илимден айырмаланган бөлүгү этибар алынбаган. Азыр да ошол жолдон чыкпагандар бар, айрымдары жаңы идеологияны ойлоп таап, аны пропагандалоого өтүшкөн. Мунун натыйжасы кандай?

Психологияда “бөлүкчө адам” (башкалардын баалуулугун түшүнбөгөн, күн тийген жердин күкүгү), “бурама адам” (өзүнө талаптары минималдуу, өз оюу жок, башкаруучунун сөзүн кыңк этпей аткаруучу), “адам хакер” (компьютер менен гана иши бар, өзүнчө жашаган), “тиешеси жок адам” (туугандарына, жакындарына жан тартпаган, кайдигер), “масса адам” (эл кандай болсо, мен да ошондой болом, формалдуу окуйт, аткарат), “робот адам” (адам-машине, баалуулугу жок), “адам фантом” (ырайымсыз, катаал), “адам романтик” (чексиз кызыкчылыгы бар, өзү ишсиз, аракетсиз) деген сыяктуу адамдын типтери пайда болду. Бул – биздеги цивилизациянын жемиши, бирок алардын пайда болушуна педагогика илиминин да, практик педагогдордун да салымы жок эмес. Философ Н.Бердяев: “Техникалык цивилизация – импересионисттик, ал адамдан инсан чыгышын каалабайт, активдүүлүгүн каалайт,” – деген.

“СССРдин тушунда окуучулардын адептик аң-сезимин жогорулатууга жеткиликтүү шарт болгон эмес” – деп ырасташат көрүнүктүү адистер, “анткени коом регресс жолунда болчу” – дейт. Мисалы профессор А.И. Кургановдун эсептөөлөрү боюнча социализмди куруу үчүн Россияда 26,2 млн. адамдын өмүрү курмандыкка чалынган. Кыргызстанда 0,05 млн. адам курман болгон. Улуу Ата Мекендик согушта 20 млн. адам курман болгон. Ушунча жоготууга учураган элдин адептик-рухий тарбиясында да чоң жоготуусу болот.

Эми 1989-жылкы 16 жашка чейинки өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугу боюнча статистикага көңүл бөлөлү: күнүгө (орто эсеп менен) 1507 никесиз бала төрөлгөн (1989). Кылмыш кылгандыгы үчүн күнүгө 2625 бала ички иштер бөлүмүнө жеткирилген, 611 ар кандай майда кылмыш катталып, 245 бала элдик сот менен соттолгон, 207 бала үйдөн качып кетчү, 1411 бала ӨИИге (ИДН) учетко алынган, 2 адамды өлтүрүү, 11 автомобиль уурдоо, 64 үй тоноо, 358 мамлекеттик же жеке буюм уурдоо катталган. Күнүгө 7323 никеге туруу, 2602 ажырашуу катталган. Күнүгө 2124 бала толук эмес үй-бүлөдө калган, 53 бала балдар үйүнө өткөрүлгөн, 27 ата-эне укугунан ажыратылган. Күнүгө 842 (14чейинки) баланын өлүмү катталган [26].

СССРда бир жылда төрөлгөн 5238810 баланын 584096 бул дүйнөгө оорулуу келишкен, бир жылга чейин анын 132978 чарчап (өлүп) калышкан, 18ге чейинки 219730 бала каза болгон. СССР беш жашка чейинки балдардын

өлүмүнүн коэффициенти боюнча дүйнөдө 40чы орунда турган (б.а. ар бир 1000 баланын СССР-32, АКШ-13, ФРГ-10, Япония-8 ж.б. чарчаган). 2673056 түгөй никеге турса, 949796 ажырашуу катталган (б.а. 100 никеге 35,5 ажырашуу туура келет). 1988 жылы 6,8 млн. адамга алимент төлөөгө чечим иштеген жерине жөнөтүлгөн. Бул − регресс жолундагы коом. Мындай шартта жогорку аң-сезимдүүлүктү өнүктүрүү кыйын, ыймандын ыйыктыгы жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес. “Коом регресс жолунда болсо, адамдын аң-сезими дегредацияга кетет, регресске бара жаткан адамдар адептик-рухий жактан пас болот”- деп ырастайт О.Т.Торсунов [30].

Совет өлкөсү жаштардын интеллектуалдаштыруу индекси Эл аралык баалоодо 50-жылдары 2-3-орунду ээлеген, 90-жылдары 50-52 орунга түшкөн. Элдин идеалы өзгөргөн.

Класс жетекчилер (көбүнчө) өзүнө жаккан план түзүп, ошол план боюнча аракеттенет. Балага ошол план керекпи, жагабы, баланын абалы кандай, эмнеге муктаж, аны жеткиликтүү баалабаган. Биздин жаңылыштыгыбыз ушул жерде. Айрым класс жетекчилер окуучуга мүнөздөмө жазуудан кыйналышат, анткени баланы жакшы билбейт. Класстык сааттардын мазмуну окуучуга кызык эмес, баланын терс эмоциясын козгой турган, көңүлүн оорута турган маалымат берилген. Бул туура эмес. Окуучу менен чын жүрөктөн сүйлөшүп, жан дүйнөсүнө үңүлүп, “кирип”, ага эмне керек экендигин билүү маанилүү. Класстык саат баланы ойлондуруп, жаман сапатын жоюуга, жакшысын жандандырууга, көкүрөгүндө жакшылыктын үрөнүн калтырууга тийиш.

Мурунку доорлордо кийим зарыл нерсе болчу, азыр кийим байлыгын “көрсөтүүчү” нерсе болду, ал инсандык сапатты “эритүүгө” айланды. Адамдар байлыктын кулчулугуна өтүүдө. Бала бул реалдуулуктан кайда качат? Калыссыздык, ырайымсыздык орун алган коомдо АДАМ болуп калыптануу кыйын. Класстык саат ушундай реалдуулукта окуучуга АДАМ болууга жардам бериши керек, тилекке каршы тарбиялык иштер конкурс, кече, ШТК (КВН) ж.б. иш чараларды өткөрүү менен чектелген учурлары кездешет .

Азыр Батыш педагогикасынын Чыгыш маданиятына жат элементтери таңууланууда. Мисалы балдар укугу жөнүндөгү конвенцияны ашыкча пропагандалоо менен мугалимдердин укугу тебеленди. “Менин баламды эмнеге урушасыз?” – деп мугалимди “тарбиялоочулар” көбөйдү. Мугалимдин ачуусу келип калган учурду телефонго тартып, интернетке киргизүүгө жол берилди. Мугалимдин өзүн чарчаган абалга жеткирдик. Батышта балага ырайымсыз мамиле үстөмдүк кылгандыктан, баланын укугу корголбой келген. Э.Фроммдун пикири боюнча: “Баардык доорлордо Батышта балдар чондордун зулумчулугунан запкы жеп чоңоюшкан”. Чыгышта деле мурда тоталитардык тартип болгон, бирок Батышка караганда Чыгыштын тарбиячылары балага гумандуу мамилени туура көргөн.

Азыр балдар интернетке көп тартылышат. Эмнеге балдар интернетке көп тартылышат? Интернет – жалгыздыктан жапа чеккендердин эрмеги. Бала

интернетте билгенин кылып отура берет. Адам менен мамиле түзүү интернеттик “мамиледен” пайдалуу. “Адам эмнени кылганына, иш-аракетине жараша жакшы же жаман, аң-сезими жогору же пас адам болот” (К.Ясперс).

“Балдардын жүрөгүнө оң таасир этилбеген (рухий тарбия жетишсиз) класстык саат, окуучулар коллективинин турмушу – бала үчүн чыныгы уу, ал жылуу сезимге суусатат” – деген С.Т. Шацкий. “Балалыктан жаштыкка өткөн курак оор, бул – өзүн, адамды, коомду, дүйнөнү тааныган мезгил, ушул убакта мүнөзү калыптанат, бул дүйнөдөгү максаты аныкталат, адептик идеалын иштеп чыгат, турмуштун сабактарын үйрөнөт, жашоонун жол-жобосун, маңызын түшүнөт” (Г.А. Мединский). “Карылыктын бир жылы – он эки ай, балалыктын бир жылы – доор” (А.Алексин).

Рыноктук экономикалык мамилеге тарбиялоо, прогматикалык ойломду калыптандыруу, элдин көп кылымда топтогон моралына туура келбеди. Фундаменталдык, элдик адептик-рухий таалим-тарбиясын сактап калбаган шартта хаоско жол берилип, эл рухий кризиске келди. Мурдагы элдик педагогикада баланы коомго гармониялуу мамиле түзүүгө үйрөтүүсү акырындап унутулду.

Окуучулардын психологиялык өзгөчөлүгүн изилдөө менен окумуштуулар: алардын ишеними, идеалы, социалдык жана турмуштук позициялары, коом таанымы о.э. дүйнөгө илимий көз карашы (дүйнө жөнүндөгү түшүнүгү, адамдын табигаты, жашоодогу программасы), дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшү (дүйнөнүн толук, бирдикте системалаштырып түшүндүрүлүшү, образдардын сүрөттөлүшү), элестеши да адептик-рухий абалына таасири болот деген жыйынтыкка келишкен. Окуучулардын дүйнөгө илимий көз карашынын калыптанышы – бул конкреттүү илимдердин мазмунун жалпылап коюу эле эмес, доорлордун ичинде адамзаттын кылымдаган тажрыйбасы, адептик-рухий багыты, эстетикалык, диний практикасы, адамдын дүйнөгө, коомго жана өзүнө мамилеси, теориялык билими жана практикалык аракети менен байланышат. Көпчүлүк психологдордун пикири боюнча окуучулардын дүйнөгө илимий көз карашы мектептин жогорку класстарында интенсивдүү калыптанат. Анткени адамдын табигатына таандык антропологиялык (интеллект, ой жүгүртүү, аң-сезим, туюм ж.б.) жана адептик баалуулуктары калыптанат. Адамдын жакшы ою менен моралдык сезими биригип, жогорку адептик аракети башталганда рухий дүйнөсү байыйт [16].

Азыр окумуштуулардын түзгөн дүйнөнүн сүрөттөлүшүнүн тактыгы жөнүндө ар кандай ойлор бар, себеби бир эле пейсажды бир нече сүрөтчү абсолюттуу бирдей түстө тарта албайт. Ал эми дүйнөнүн мурунку доордогу “тартылган” илимий сүрөттөлүшү азыркысы менен дал келбейт, кийинки доордогу сүрөттөлүшү азыркы менен дал келбеши мүмкүн. Инсандын рухий баалуулуктары ал жашаган маданият менен байланыштуу болот. Адамдын табигаты, өнүгүү процесси өткөн замандын көптөгөн окумуштуулары болжогондон татаалыраак болуп чыкты. В.А. Крутецкий: “Окуучулардын дүйнө таанымынын, илимий көз карашынын калыптанышынын белгиси

өспүрүмдөрдүн моралдын жактан жетилиши жана инсандын эмоционалдык эркинин калыптанышынан көрүнөт" – дейт. Биздин чоң жаңылыштыгыбыз: "Дүйнөдө бир гана туура илимий көз караш бар, ал – марксисттик-лениндик көз караш" – деген догмада болгон. Биз окуган дүйнөлүк тарыхтын бурмалангандыгы, биз жашаган идеологиянын кемчиликтери аныкталды. Алардын окуучулардын адептик-рухий тарбиясына таасири тийди.

Азыр да адептик-рухий тарбияда мугалимдердин объективдүү кыйынчылыктары бар:

– бүгүнкү күндүн талабына, компетенттүүлүк парадигмага ылайык концептуалдык адабияттардын жетишсиздиги;

– жаштардын философиясында аномалдык, негативдүү ойлор көп.

В.А. Канкенин "Философиянын негиздери" – деген китебинде: "Акценти рок, поп музыкага, рок-н-рол стилдеги бийлерге, экстравагантуу (денеси көргөзүлгөн), модалуу кийимдерге, ачык сексуалдык революцияга басым кылган өзгөчө маданият түзүлдү. М. Джексондун, Э. Джондун компакт-дисктери, пластинкалары 30 миллион тираж менен сатылып кетти. 1998-жылы россиялык рок музыканттардын лидери Б.Гребенниковго "Триумф" деп аталган эң жогорку сыйлыктын берилиши жана рок музыканттардын концерттерине жаштардын толтура болушу, жаштар маданиятынын массалык мүнөзү жөнүндө кабар берет. Жаштардын баалуулуктары жөнүндө В.А. Канке:

– формалдуу же формалдуу эмес коомдорду (бир көчөнүн, топтун, класстын) колдоосу;

– тажрыйбасыздыктын "өзүм билем" менен коштолуусу;

– жаштардын экстремизми, козголоң чыгарып коюп, социалдык пассивдүүлүккө өтүп кетиши;

– чексиз эркиндикти эңсөө менен анархияга умтулуусу, бирөөнүн багуусунда жашоону каалоо;

– жаштар маданиятында оюн-зоок, тамашалардын көптүгү, иронияның (кокустуктун) басымдуулугу, пландуулукка каршы чыгуу;

– эркектердин кыздарга, кыздардын жигиттерге окшошуп кийиниши, жигиттердин сөйкө-шакек тагынып, чачын өстүрүшү, эмансипация, феминизация, жыныстык органды алмаштыруу ж.б. [16].

Математикалык маятниктин сол жакка термелүү амплетудасы канчалык кенен болсо, оң жакка термелүүсү ошончо чоң болот. Билим берүү системасы ушундай активдүүлүк менен идеологиялаштырган "тарбия" берилген. Натыйжада жаштар өздөрү жаңы "маданият" иштеп чыгышты. Үн-алгыда, сын-алгыда, адабияттарда, искусствонун бардык түрлөрүндө "эркин сүйүүнү", моралдык бузулууну пропагандалаган сюжеттер, бейадеп ырлар пайда болду, парнография көрсөтүлдү.

Азыркы коомдун адептик-рухий көйгөйлөрү – качандыр бир мезгилдеги мектептин, үй-бүлөлүк тарбиянын, мамлекеттеги, дүйнөдөгү саясаттын кемчилигинин натыйжасы. Өспүрүмдөрдүн адептик-рухий тарбиясы – педагогикалык процессте өтө маанилүү маселе болуп эсептелет,

ал – билим берүү системасынын олуттуу милдеттеринин бири. Азыр дүйнө жүзүндө адептик-рухий тарбияга өзгөчө маани берилүүдө. Ошондуктан бардык гуманитардык предметтердин мазмунунда адептик-рухий тарбияга өзгөчө көңүл бөлүнүүдө.

Өсүүнү ойлогон мамлекеттер эң биринчи таалим-тарбия маселесине көңүл бөлүшөт. Мисалы, 1997-жылы Сингапурда жаштардын ой жүгүртүүсүн туура калыптандыруу проблемасы боюнча дүйнөлүк конференция уюштурушуп, илимдин жаңы жетишкендигин практикада пайдаланышкан. Сингапур жаратылыш байлыктарына жарды мамлекет, бирок өлкө жаштарды туура ойлондурууга, таалим-тарбиясына камкордук көрүү менен гүлдөп өстү, билимдүүлүгү боюнча да алдыңкы өлкөлөрдүн бири болуп саналат.

Азыркы окумуштууларды көп кылымдан бери адам жок болуп кетпей жашап келе жатышы ойлондурууда. Эмне үчүн алсыз адам космостук күчтөрдүн, жердеги коркунучтардын (геноцид, фашизм, расизм, колониялык саясат, согуш, репрессия ж.б.) баарына туруштук берип, жашап келе жатат? Эмне үчүн бир нече кылым колониялык эзүүдө болуп, кыйналган элдер депрессияга дуушар болбой, жашоого умтулушат, эмнеге алар мөңгүрөп, чөгүштүн ордуна жашагысы келет? Алардын байлыгын тартып алган, илим менен техникасы, технологиясы өнүккөн Европа, Американын элдери жыргап жашоонун ордуна депрессияга, дилдин кеселдигине дуушар болушту? Эмне үчүн Европанын, Американын элдери өзүнөн өзү азайып баратат? Адам – феномен, биз ойлогондон алда канча татаал, масштабдуу, демек, дүйнө гармониялуу, биз билбеген мыйзам ченемдүүлүктөрү бар" – деген жыйынтык чыгаруулууда [16].

Кыргызда: "Байлык – колдун кири" делет. "Бүгүн бар бийлик, эртең жок, ушундай болот дүйнө шок" – деген пикир Манас эпосунда бар. Мурдагы доорлордо байлыкты, бийликти сүйгөн адамдарды рухий оорукчал катары баалашкан. Азыр ал туура багыттагы адам катары таанылууда, анткени коом рухий сыркоо абалда.

Эми адептик-рухий кризистен чыгуу үчүн эмне кылуу керек, ошого токтололу. Окуучуда адептик-рухий маданиятты калыптандыруу үчүн класс жетекчилер төмөнкүлөрдү түшүнүү керек:

– окуучу элдик маданиятты, тарыхый чындыкты кабыл алуучу, улантуучу экендигин билген;

– окуучу социумдун мүчөсү, өз өлкөсүнүн жараны катары өз укугун жана милдетин билген, өлкөнүн рухий абалына кайдигер эмес атуулу болуп калыптанган;

– өспүрүмдөрдүн коомунда жашап, алардын коммуникативдүү маданиятын көрүп, баарлашкан, алардын абалына кайдигер эмес;

– өз айылынын, шаарынын тазалыгына, жашылданышына салымы бар, тууган-уруктарынын жамандык-жакшылыктарына катышкан;

– үй-бүлөсүнө, коомго пайдалуу, Ата Мекендин өсүшүнө салымы бар;

– адамзаттын масштабдуу маселелерине кайдигер болбогон, элдин диний ишенимин урматтаган, табигий кырсыктарга жардамын аябаган инсан болушу керек.

Инсан (личность) – бул бытиенин, адамдын, коомдун табигатын тааныган эркин адам. “Бала макоо эмес, алардын эси жоктору чоңдордон көп эмес, аларга чоңдой мамиле кылгыла” – деген Я.Корчак. Адептик-рухий кризистен чыгуунун каражатынын бири катары дүйнө жүзүндө “дин таануу” предмети окуу планга киргизилди, бизге азырынча курс катары аны киргизүү жана этнопедагогикабызга кайрылуу керек. Биздин Мекенибиздин географиялык абалы КМШга кирип, Азияда жайгашкандыктан, Чыгыштын акылмандуулугу менен КМШнын билимин бириктирүүгө мүмкүндүк берет. Мындай шарт адамдарды сабырдуулукка, кең пейилдикке өз ара жардамдашууга умтулууга, жалпы адамзаттык баалуулуктарды жергиликтүү улуттук баалуулуктар менен айкалыштырууга ыңгайлуу.

Адептик-рухий тарбияда педагог сөз, мамиле, иш-аракет аркылуу окуучуга ордун, рухий өнүгүү багытын көрсөтөт, мында сөз менен иште ажырым болбош керек. Адамдын наркы ишинин өлчөмү, сапаты адеп-ахлагы менен аныкталарын балага түшүндүрүү керек. Ак ниеттүүлүгү менен өзгөчөлөнгөн баланын репутациясы булганбайт, элге, улутуна, табигатка, өлкөгө жакшылык тилеп, колунан келген аракетин кыла берсин.

Окуучунун жүрөгүнө жакшы сезим калтырып, позитивдүү энергияны “ойготуш” үчүн класстык саатка:

– даярдануу, ар түрдүү темада керектүү маалымат берүү;
– окуучунун оюн угуп, ага өнүктүрүүчү ой салуу, демилге берүү;
– класстык жамааттын өнүгүшүнө пайдалуу болуу;
– пессимизмди, негативизмди жеңүүгө, оптимизмге, позитивизмге “зарядоо”, жаратман эмгекке шыктандыруу;
– окуучуларды маалымат издегенге, тапканга, анализдегенге, өз турмушунда аларды пайдаланганга үйрөтүү керек. Анда эмесе ишиңерге ийгилик каалайбыз.

## Дүйнө жүзүндөгү адептик-рухий тарбияга терс таасирин тийгизген тенденциялар

Дүйнө жүзүндө адептик-рухий тарбияга терс таасирин тийгизген тенденциялар төмөнкүлөр: геноцид, фашизм, расизм, диний экстремизм ж.б. Акыркы жүз жылдыкта миллиондогон адамдар согуштарда курман болушкан, бирок ага караганда геноцидден көбүрөөк адамдар көз жумган. Ошондуктан XX кылымды геноцид кылымы деп аташат. XX кылымдын адабияттарынан көпчүлүк каармандардын турмушун, башына түшкөн азабын, коркунучун, мүдөөлөрүн, ошого карабастан үмүт-тилегин көрөбүз. Булар – геноциддин, фашизмдин, расизмдин, диний экстремизмдин ж.б. натыйжасы. Тарыхта XX кылымга чейин геноцидден кырылгандар миндеп саналган, бул кылымда миллиондоп саналат.

Геноцид (грекче genos – уруу, тукум, лат.caedo – өлтүрүү) – адамзатка каршы оор кылмыштардын бири. Элдин айрым тобун, расалык, улуттук, этностук жана диний белгилери боюнча атайы кыруу, (физикалык) жок кылуу, балдардын төрөлүшүн азайтуу, ал “этностук тазалоо” деп аталат. Немецтик фашизмдин тушунда Европадагы словян элдерине колдонулган чаралар геноцид болуп саналат. Геноцидге (“этностук тазалоого”) түрткү болгон себептер төмөнкүлөр:

Чарльз Дарвин 1871-жылы “Ааламдын келип чыгышы” – деген эмгегинде мындай деп жазган: “Жакында жапайылык менен кошо дененин жана акылдын чабалдыгы жок болот. Биз цивилизациялуу адамдарбыз, бирок чабалдыкты жоюу процессине, аны чектөөгө аз аракет жумшайбыз. Акылы кем, майып жана оорукчалдар үчүн башпаанек жайларды, бейтапканаларды курабыз. Жарды-кембагалдарды колдогон мыйзамдарды чыгарабыз. Дарыгерлер ар бир адамдын жанын сактап калууга тынымсыз аракеттенишет. Ошентип, цивилизациялуу коомдордун чабал мүчөлөрү өз тукумун улай беришет. Мал баккандардын бири да муну туура көрбөйт, анткени адамзат тукуму үчүн канчалык зыяндуу экендигине шек санабайт. Адам баласынан башка бир дагы жаныбар ушундай түркөйлүк менен эң начарларынын тукумунун уланышына жол бербейт”. Дарвиндин бул теориясынан кийин “цивилизациялык агартуу” жүргүзүлүп, мурдагы моралдык чектерди жоюп, немецтерде зөөкүрлүк идеология пайда болгон.

Фридрих Ницшенин (1844-1900) идеалдуу адам жөнүндөгү концепцияны жазган, анда: «Адамдарга табият акыл-эс, күч берген же акылын, күчүн кем жараткан. Акылдуулары – маңыздуу жашагандар, тандалгандар. Күчтүүлөрү – көпчүлүк. Чабалдар жана акылсыздар өлүп жок болуш керек». Ницшенин оюу боюнча: “Эси жок азчылык тандалгандардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн жашайт. Жогорку “маданият” деп аталган нерселердин баары ырайымсыздыкты күчөтүүгө, жандандырууга негизделген. Асылзат адамдар чындыгында бийликке умтулат, оюн ишке ашырат, ал – табияттын негизги кыймылдаткыч күчү”. 1882-жылы ал «Кудай өлгөн» – деген сөздү жазган. Ницше бул «идеяны» адамды боштондукка чыгаруу катары эсептеген. “Кудай жок” деген «ачылыш» түрмөдөгүлөр үчүн «кароолчу жок, эшик ачык» деген сыяктуу болгон. Мына ушундай жол менен «эркиндикке» чыккан адамдар табияттын үстүнөн бийлигин, чабал адамдарга үстөмдүгүн өз билгениндей орнотушкан. Ницшенин оюу боюнча: «Адам кемчиликтүү, өркүндөбөгөн, акыл-эси калыптана элек биологиялык жан, алардын көбөйүшү керек эмес. Мен парданы ачып, бузулган адамдын чыныгы жүзүн көргөздүм» – дейт. Анын концепциясы боюнча акылдуу жана күчтүү адамдар идеалдуу [24].

1904-жылы Колумбия чөлкөмүндө, Вашингтон шаарында “Эксперименттүү эволюция түйүнү” түзүлүп, “биологдор менен табият таануучулар” Дарвиндин эволюциялык теориясынын жыйынтыктарын аныктап чыгышкан. Алар евгениканын (грекче eugenes-жакшы тукум) жол-жоболорун иштеп чыгышып, үй-бүлөлөрдүн генетикалык

жадыбалдыларынын негизинде “кем баалуу” (неполноценный) адамдар менен имбецилдер (акылы жеткиликтүү өнүкпөгөндөр) көрсөтүлгөн евгеникалык архивдерди түзүшкөн. Ошондон кийинки кырк жылдын ичинде миңдеген адамдар “этностук тазалоо” максатында стерилденген (тукумсуздандырылган).

Евгеника – тукум куучулук теориясынын негизинде адамзаттын соо тукумун калтырууга, аны жакшыртууга арналган илимдин тармагы. Евгениканын принциптерин Ф.Гальтон (1869) формулировкалаган. Ал адамдын тукум куучулук сапатын, ден соолугун, акыл жөндөмүн, дээрин изилдөө менен, кийинки муунду жакшыртууну сунуштаган. Прогрессивдүү окумуштуулар евгениканы ачууда гумандуу максаттарды койгон. Тилекке каршы аны фашисттик-расалык теорияга айландырып, расалык дискриминацияда пайдаланып, саясатчылар өзүн “акташкан”. Ошондуктан евгеника жабылган. Азыр илимде евгениканын тукум куучулук ооруларга каршы күрөшүү маселелерин медициналык генетиканын негизинде чечишет. Евгениканын жөндүүлүгү жана саясатта укуктуулугу илимде талаш маселе бойдон калган [29].

Ошол мезгилде Марагет Сангер “акылы же денеси жагынан кемчилиги барлардын укумдап-тукумдап кетишин чектөө жана токтотуу үчүн: “Төрөлүүлөрдү көзөмөлдөөнүн америкалык лигасын” иштеп чыккан. Бойдон алдырууну (абортту) жайылтуу максатында негрлер жашаган райондордо атайын бейтапканалар ачылып, “этностор тазаланган”. Иш жүзүндө бул геноциддин накта өзү болчу. “Адептик бузулуунун эң жеткен чегинин далили – абортту кадимки иш катары эсептөө” (В.С. Кукушин) [20].

Расалык концепцияны XIX кылымдын ортосунда француз ишмери Ж.А. Гобино түзүп, арийецтерди (актарды) жогорку раса деп жарыялаган. Расизм бул – илимге каршы концепциялардын топтому, анын негизин расалардын физикалык, психикалык тең эместиги жөнүндөгү жобо түзөт. Кийин расизм социалдык дарвинизм теориясы, мальтузианство (анын жактоочулары Д.Хайкрафт, Б.Килд (Улуубритания), Ж.Лапуж (Франция), Л.Вольтман, Х.Чемберлен, О.Амнов (Германия)) евгеника менен чырмалышып, булар фашизмдин идеологиялык негизи болгон [29].

Мальтузианство (негиздөөчүсү Т. Мальтус) – илимге каршы теория. Бул теорияда: “Эмгекчилердин абалы түбөлүктүү табигый мыйзамдар менен аныкталат. Калктын өсүшү алардын жашоого керек каражаттан, тамак-аштан озуп кетпеш керек, ошондуктан элдин өсүшүн каражаттардын өсүшүнө жараша жөнгө салуу зарыл”. Т.Мальтустун теориясы боюнча: “Элди азайтуу үчүн эпидемияны, ачкачылыкты таратуу согушту ачуу, адамдын алы жеткис эмгек менен кыйнап азайтуу керек”. Мальтустун “идеясын” колонизатор өлкөлөрдүн саясатчылары элди багындырууга, согуш ачууга негиз катары бетина карманган. Неомальтузианствонун жактоочуларынын (Г.Бутуль, Н.Чемберлен, У. Фогт ж.б.) пикири боюнча: “Айрым элдердин социалдык, экономикалык жактан артта калышынын себеби элдин көп төрөлүшү, ошондуктан үй-бүлөнү пландаштыруу керек”. Бул теория –

мальтузианствонун логикалык уландысы.

1933-жылы Нюнберг шаарындагы улутчул (нацисттик) партиянын жыйналышында Адольф Гитлер мындай деген: “Багындыруу – жөн гана күчкө таянган укук, бул укук табигый илимдер көрсөтүп тургандай, түшүнүүгө мүмкүн болгон эле нерсе, анткени ал акылга (илимге) негизделет”. Американын үлгүсү менен ал “Он төрт аракет” уюмун уюштуруп, Германияда дал ошондой “электен өткөрүү” принциби колдонгон. 400000ден ашык адам “жашоого татыксыздар” катары таанылып, күч колдонуу менен стерилденген. Олуттуу физикалык кемчилиги бар адамдарга карата мындан да катуу чара көрүлүп, 70000 адам өлтүрүлгөн. Дарвиндин илимий теориясына таянган бул “жүйө” он миллион “керексиз” кишилердин (көбүнчө еврейлердин, словяндардын) системалуу өлтүрүлүшүнө идеологиялык негиз болгон.

Бул идеология сегрегациянын (Түштүк Африка Республикасында негрлерди расалык укуктан ажыратуунун ар түрдүү формасынан турган дискриминациянын), апартеиддин (африкача apartheid-бөлүнгөн жашоо) жана геноциддин негизи болгон. Апартеид – расалык дискриминациянын ашынган формасы, негрлерди саясый, социалдык, экономикалык, жарандык укуктан ажыратуу, террор, боштондук кыймылын токтотуу максатында урууларга бөлүп, арзан күч катары пайдалануу усулу.  Пол Пот менен Иенг Сари жетекчилиги астында жаман ойлуу адамдардын тобу башкарып турган мезгилде кампучийлик элдерге каршы кылмыштуу аракети апартоид болуп эсептелет.

Зидмунд Фрейд (1856-1939) адам жөнүндө психоаналитикалык концепция түзгөн. Анда: «Адамдын аң-сезими эки: рационалдуу (акыл-эстүү) жана иррационалдуу (аны түшүнүүгө акыл жетпес) бөлүктөн турат.  Бардык психикалык дарттын себеби – христиандык нормаларды сактап, интимдик жашоодон уялуудан пайда болот, (интимдик) жакындыктан өзүн тыюу нервди бузат”, – деп ырастаган. Анын таасири менен Д.Макдоуэл 30 жашка чейин үйлөнбөй калган жалгыз адамга өзүн-өзү тыюусу анын психикасына оңолушу мүмкүн болбогон зыянга учуратарын белгилеген.

Азыр Батышта денесин саткан аялдар тейлөөчү мекемелер бар, бирок психиатриянын клиникасынан алынган статистика жаштарда психикалык проблемалардын көптүгүн ырастайт. Демек, З.Фрейддин ырастоолору далилденген жок, бирок ага ишенгендер сексуалдык көз карандылыктан азап тартып жатышат. Германияда миллион адам сексе ыгы жок берилүүдөн жабыркоодо. Америкада күнүнө 1900 аял сексуалдык зордукка дуушар болот. Алардын 20%  өзүнө жакын эркектер (атасы, өгөй атасы, агасы ж.б.) зордукташат, 47% физикалык (денеси) жаракатка дуушар болуп, зордукталат. Кызматта иштеген аялдардын 42% (көбүнчө жетекчиси) акидей асылып жүрүп, мажбурланат. Жер жүзүндө СПИДге (ВИЧ) кабылгандар 50 миллиондон (2008) ашты.  БУУнун маалыматы боюнча дүйнө жүзүндө СПИДден (ВИЧ) каза болгон жаштар 32 миллиондон ашты (2018). Ар бир секунд сайын 15-20 жаштагылар ВИЧ инфекциясын жугузуп жатышат.

Алардын саны күнүгө 6 миңге көбөйүп жатат. Алардын жарымынан көбү 25 чыга элек жаштар. Фрейддин теориясын колдогондордун материалдык кызыкчылыгы бар. Мисалы, АКШнын сойкулуктан түшкөн жылдык кирешеси 2500 миллион доллар түзгөн (2008). Европа өлкөлөрү да сойкулуктан “киреше” алышат [21].

Карл Маркстын концепциясы боюнча: “Адамга коомдун укуктук, эстетикалык, адептик ж.б. таасири тийип турат. Адам – кырдаал, жагдай жараткан коомдун бөлүкчөсү. Эл кырдаал, жагдай жаратгандай эле, элди кырдаал, жагдай калыптандырат. Адам – чөйрөнүн продукту. Мына ушундан «Хомо сапиенс» (хомо-латынча адам, сапиенс-концепция) келип чыккан. К.Маркстын оюу боюнча: «Адептүү адам аң-сезимдүү, ыктыярдуу түрдө коомдун кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору коюш керек. Бул – идеалдуу адам». Чындыгында адам өзүнүн кызыкчылыгын коомдун кызыкчылыгы менен гармониялуу айкалыштыра билиш керек. “Товардык өндүрүш шартында баары товарга айланат” (К.Маркс). Маркстын идеясы – марксисттик-лениндик философиянын негизин түзгөн, ал Россияда Улуу Октябрь Социалисттик Революциянын, жарандык согуштун себеби болгон.

Советтик идеологиядагы ашынган авторитаризм тушунда геноцидге жол берилген: жардылар байларга (кулактарга) караганда, атеисттер диний адамдарга (попторго, исламисттерге) караганда, большевиктер түрк тилдүү элдердин биримдигин жактоочуларга (пантуркисттерге) караганда жашоого татыктуу, – деген “идея” эле. И.В. Сталиндин тушунда миллиондогон адамдар репрессияланган. Түрктөр менен армяндардын Руандадагы хуту урууcу менен тутси урууcунун, сербдер менен Косоводогу албандардын өз ара касташуусуна түрткү болгон нерсе – бир эл экинчи элге караганда жашоого татыктуу деген пикир. Ар бир учурда адамдар геноцид – бул кылмыш экендигин билбеген сыяктуу аракеттенген. Алар “илимге негизделген” саясат жүргүзүп жаткандыгына толук ишенишкен. Эл аралык, улуттар аралык, дүйнөлүк согуштардын ар бири – өзүнчө геноцид. Сталиндин мезгилинде орус, татар, казак ж.б. улуттардын прогрессивдүү интеллигенциясынын репрессияланышы элдин адептик-рухий абалына терс таасирин тийгизген [22].

1948-жылы “Геноцид кылмышын жазалоо жөнүндө эл аралык конвенция” кабыл алынып, ал кылмыш катары жазаланыш керектиги белгиленген.

Илим чоң жолдогу талоончуга курал берген, жоопкерчиликсиз, ырайымсыз адамдар биринчи жана экинчи дүйнөлүк согушту ачышкан. Ал кыргындарга караганда христиандардын чабуулу, поптордун инквизициясы ж.б. майда кыргын болуп калат. Азыр адамзатты кыруунун өтө натыйжалуу каражаты катары атомдук, термоядролук, суутектик бомбаны илим берди. Илим адамзатты жок кылуунун жолун ойлоп тапты, бирок алардын зыяндуулугунан элди сактап калуунун жолун таба элек.

Жер жүзүндөгү рухий проблемалардын себептеринин бири – диний экстремизм (аша чабуу, чектен чыгуу, жүйөлүү ишти четке кагуу), терроризм

жана такфиризм (адамдын улуту, салты, үй-бүлөсү, мамлекети жана коому менен байланыштырып турган бардык нерсени, боордоштукту четке кагуу). Ал – бүткүл адамзаттын коркунучу. Радикалдуу "исламдаштыруунун" терроризмдин салттуу динге эч кандай тиешеси жок, анын мекени, чек арасы да жок. Радикалдар дайыма мусулман коомчулугуна чоң коркунуч алып келген, азыр жалпы адамзатка коркунуч туудурууда.

Бүгүнкү Жакынкы Чыгыш төгөрөктүн төрт бурчунан миңдеген радикалдарды, экстремисттерди жана ДАИШ (ИГИЛ) деп аталган террористик топту магнит сыяктуу өзүнө тартууда, анткени жарым жартылай талкаланган мамлекеттүүлүктүн абалында куралдуу бандиттер кылмыш иштерин жүргүзүп жатышат. Бул жалдангандар деструктивдүү (бүлдүрүүчү) радикал адамдар диний сезимден эмес, жергиликтүү калкты өлтүрүп, карактап, талап-тоноп "пайда" көрүшөт. Ал жер ата-бабалардын жери эмес, ал жерде жалдангандардын аяй турган эч нерсеси жок. ДАИШ өзүнүн согушчандарын батыштын жана исламдын ондогон мамлекеттеринен жыйноодо. Экстремисттик топтордун өкүлдөрү жалаң мусулмандар эмес, башка конфессиянын өкүлдөрү бар. Өзүнүн кылмыштуу торуна түшүрүп алгандардын арасында секуляризмдин жана либерализмдин баалуулуктары аркылуу бардыгы жыргалда жашай турган коомду курууга мүмкүн деген ойго көңүлү калгандары азыр көбөйүүдө [36].

Жер жүзүндө халифатты (мусулмандардын мамлекетин) орнотобуз деген ураанды таратуучулар Ирак менен Шам (Сирия) элдеринде куру кыялдын жетегинде элге бүлүк салууда. Алардын аракети диний билим аркылуу эмес, жалган сезимге алданган, салтуу динге каршы аракет. Мындан дин душмандары пайдаланышат, максаты: мусулмандарды бөлүп-жаруу, ынтымагын ыдыратуу, жалданган адамдардын колуна курал-жарак берип, бирин-бирине өлтүртүү, элди азайтуу, мусулмандардын жүзүн жалпы элге жаман көрсөтүү. Мындай аракетке жол берген мусулмандардын да кемчилиги бар, ал – элдин билимсиздиги, биримсиздиги, жаштарга түшүндүрүү иштеринин, тарбиянын жетишсиздиги, мектептерде жана ЖОЖдордо диндин негизи окутулбагандыгы, бул жаштардын – дин душмандарына жеңил олжо болуп калышынын негизги себеби.

Ислам тарыхында биринчи радикалдардан болуп, "харижиттер" (арабча – моюн сунуудан чыккандар, VII-VIII кылымда алар хавариждер б.а. динден чыккандар деп аталчу) эсептелишет. Экстремисттик ызы-чуу төртүнчү халиф азирет Алиге каршы чыгуудан башталган. Фанаттар Муавияны, Амр ибн аль-Асты, ж.б. өлтүрүүнү чечишкен. Мыкаачылыкты жума намаз учуруна болжоп, ишке ашырган. Ал радикалдык секта тарыхта калган. Азыркы такфирчилер ошол секталардын кандуу жолу менен бара жатышат. Ошол үрөн XXI кылымга чейин мезгил-мезгили менен отоо чөп сыяктуу "өнүп" чыгууда. Бул мусулмандардын кыйынчылыгынын, кризисинин же тышкы кол салуунун тушунда күчөп турган "өнөкөт оорусу" сыяктуу болуп калды. Мезгили келгенге чейин "уйкуда болуучу" баш аламандык маанайлары кылымдардын арасында мусулман дүйнөсүнүн ар кайсы бурчундагы

калктардын ичинде дүрт этип от алып турууда. Азыр белине жардыргыч заттарды байлап, өзгөлөрдүн жанын кыйып, өз өмүрүнө кол салган жанкечтилер өздөрүн “шейитпис” деп эсептешет. Шейиттик мартаба бейкүнөө жарандарды өлтүрүү менен келүүчү нерсе эмес [36].

Такфирчилердин принциптери: “жеңиш бардыгын жоёт”, “максат каражаттарды, курмандыктарды актайт”, “эч кандай олку-солкулук”, “бейиш бул жерде жана азыр”, “ким биз менен болбосо, ал бизге каршы”, “ал каапыр, анын малы адал”.

Орто Азиянын элдери эч качан такфиризм жана терроризм сыяктуу коркунучтуу алааматтарды билишкен эмес. Бул бизге СССРдин кулашынан кийин экинчи он жылдыкта сырттан келген – рухий дарт. Азыр өзүбүздүн мазхабыбызды кармануу менен элибизде тынчтыкты камсыздашыбыз туура көрүнүп турат.

“Такфиристтик идеялардын жана сабатсыз чечимдердин улутттук кызыкчылыкка жана эл аралык мамилелерге тийгизген коркунучу” – деген аталышта Каирде 2014-жылы өткөн конференцияда: “Такфиризмдин мусулман коомчулугуна тийгизген коркунучу эбегейсиз, ал исламдын туусун жамынуу менен мусулмандардын рухий биримдигин, сырткы душмандардын чакырыктарына каршы туруу жөндөмдүүлүктөрүнөн ажыратып, ичинен ыдыратып талкалайт” – деп белгиленген. “Экстремисттик, террористтик актылардын, исламофобиянын ааламдык кесепети ЖМК аркылуу динди жек көргөзүү өсүп жатат. Террористтердин жоопкерчилигин исламга жүктөө – бул күнөөсүз адамды дүйнөлүк деңгээлде күнөөлүү деп табуу менен барабар” – дейт Б.А. Юнусов [36].

Бишкек шаарында “Эстремизм жана такфиризмдин коомго келтирген коркунучу” – деген аталыштагы I эл аралык симпозиумда (2014) чыгып сүйлөгөндөр: экстремизм биздин өлкөдө интернет аркылуу таратылып жатканын белгилешти. Аалымдар жаштарга акыйкат маалыматтарды алууну, өздөрүн чыныгы окумуштуубуз деп жарыялаган псевдоаалымдарды укпоого кеңеш беришти. “Ислам дини – тынчтыктын, мээримдүүлүктүн, тазалыктын, ынтымактын, адилетүүлүктүн, боорукердүүлүктүн дини. Кан төгүүнүн, зордук-зомбулуктун, адилетсиздиктин, бөлүп-жаруунун, талкалоонун динге тиешеси жок”.

Ааламдаштыруу саясатынын адептик-рухий тарбияга таасирин айтпай кетүүгө болбойт. Ааламдаштыруу (глобализация) деген сөздүн уңгусу – аалам (латынча “глобус”), б.а. жер шары. Бул – 80-жылдардын аягында постмодернизация теориясынын ордуна келген идея. Ааламдаштырууга – экономикалык интеграция, дүйнөлүк байланыштар системасын өнүктүрүү, улуттук жана мамлекеттик функцияларды өзгөртүү жана алсыздандыруу, мамлекеттик эмес билим берүүнү активдештирүү, транснационалдык, анын ичинде этникалык диаспорлорду (топту), диний кыймылдарды, мафиялык топтордун ишин активдештирүү кирет (В.Кузнецов. Что такое глобализация. //МЭ и МО №2. 1998.12-б).

Америкалык изилдөөчү П.Ратленд ааламдаштыруунун алты багытын

белгилейт:

1) маалымат технологиядагы революциялык өзгөрүү;
2) неолиберализмдин негизиндеги экономикалык революция;
3) либералдык демократиянын баалуулуктарынын жеңиши;
4) улуттук саясатты кыскартуу. Ар бир улутка экономикалык ааламдашууга жана аймактардын ыкташуу формасын издөө;
5) горизанталдык байланыштар, аймактык соода-экономикалык жана саясый топторду өнүктүрүү;
6) уюлдаштыруу, мамлекет аралык теңсиздик, өлкөнүн ичиндеги теңсиздик (П.Ратленд. Глобализация и постмодернизм. //МЭ и МО. №4. 2002.15-17-б).

Ааламдашуу саясаты батыштын баалуулуктарын, индивидуализмди адамзатка таратуу максатын көздөйт. Батыштын саясый оюндарын чыгыш дүйнөсүнө таратуу тенденциясын, билим берүүнүн европалык үлгүсүн (моделин), коомду демократиялаштырууну, рационализмди, материалисттик көз карашты таратууну жактайт.

Ааламдашуу саясатынын позитивдүү жагы: атаандаштык шартында илимдин, техниканын, жаңы технологиянын өнүгүшүнө шарт түзүлөт, алар бардык өлкөлөргө тез тарайт, товарлардын арбышы менен, баанын арзандашына алып келет. Байланыш жеңилдегендиктен, калктар мобилдүү болушат. Интернет аркылуу тажрыйба алмашууга, маданий кызматташтыкка жол ачылат.

Ааламдашуу саясатынын негативдүү жагы: либералдык саясат лидерлик позициядагы чоң өлкөлөргө пайдалуу, алар чабал өлкөлөрдүн мамлекеттик бюджетин, коргоо кубаттулугун кыскартуу боюнча чараларды көрүшөт. Ааламдашуу саясатын жүргүзгөн Америка, Европа дүйнөнүн 1/5 бөлүгүн түзөт, бирок дүйнөлүк саясаттын, экономиканын негизги рычагы алардын колунда. Ааламдашуунун артыкчылыктарын көбүнчө бай өлкөлөр алышат, б.а. АКШ жана Европа дүйнөлүк ресурстардын 70%ын, НВПнын 84,7%ын, соодадан түшкөн кирешенин 84,2%ын, ички аманат акчанын 85,5%ын ошол өлкөлөр алышат. 1960-жылдан 90-жылдарга чейин өнүккөн өлкөлөргө инвестиция 50%тен 16,9%ке кыскарган. Республикабыздан интеллектуалдык, маданий деңгээли жогору инсандар чоң державаларды көздөй ооп жатышат [35].

Өткөн кылымдын 60-жылдарында бай жана кедей өлкөлөрдүн байлыгынын ажырымы эки эсе өскөн. Бай өлкөлөрдөгү 356 миллионер адамдары 3,5 миллиард адамдардын (б.а. планетанын жарымынын) байлыгына барабар каражатка ээ. Алардын өнүгүп келаткан өлкөлөргө жардамы жөнүндөгү убадасын статистикалык маалыматтар калыс эместигин тастыктайт. Ааламдашуу саясатынан 14,5% батышта жашаган калк пайдасын көрөт, а Кытай, Индия, Түштүк Чыгыш Азия, Латын Америка, КМШ, Африка, Түштүк Азия элдерине пайдасы тийбейт. Дүйнө калкы көп маданияттуу система катары жашап келген [35].

Планетада 3 миллиард калк тамак-аштын жетишсиздигинен азап

чегишет, (ден соолугу патологиялуу). АКШда 100 миллиард доллар соргоктуктан семирген адамдардын дартына каршы күрөшүүгө жумшалат. АКШнын 55%, Улуубританиянын 51%, Германиянын 50%, калкы соргоктуктан ден соолугу патологиялуу. Ошондуктан өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө ааламдашууга каршы (антиглобалдык) кыймыл пайда болду.

Эми модернизм саясатына токтололу. Христиан дүйнөсү жаңы багытта өнүгүүнү максат кылып, диндин айрым элементтерин илим менен этиканы интеграциялап, динди модернизациялап келген. Алар динди модернизациялап, өз түшүнгөнүнө жараша «түшүндүрүп», отуруп, жер жүзүндө 10 миңдей багыттагы ишенимдерди жараткан [22].

Модернизм деп – католик динин 19-кылымдын аягында 20-кылымдын башында илимий жана философиялык ой жүгүртүүгө заманбап ылайыкташтырып өзгөртүлгөн католик дининин «жаңыланган» түрүн айтышат. Анын натыйжасында Европада, Америкада педагогиканын жаңы багыты пайда болгон. Аны модернисттик педагогика деп аташат, б.а. Европада, Америкада окутулган педагогика католик динин модернизациялоодон пайда болгон педагогика. Анын методологиялык негизи – модернисттик философия. Бул педагогиканын жемиши – буржуазиялык (батышта капиталисттик өлкөлөрдө үстөмдүк кылуучу эксплуатациялоочу таптык) маданияттын негизин түзгөн. Азыр модернизм кризиске келген, бирок салтуу христиандык педагогикадан, адабияттан, реализмден ажырап калган [22].

Дүйнөнү таанызысы келүү – адамдын табигый талабы. Ал талабы менен өздөштүрүлгөн билим – чыныгы билим, көөнөрбөс баалуулук. Бирок модернисттик билимге абсолюттуу ишенимдеги адамдар чыныгы илимди таануу жана иштеп чыгуу жөндөмүнөн ажырап калды. Илимге абсолюттуу ишенүү, модернисттик окумуштуулардын калыптанышы, европалыктардын ойломунун монополиясын пайда кылды. Азыркы батыштык билим берүү – адамдын проблемасын чечүү менен алектенип, технологиялык рамка менен чектелди. Катардагы батыш адамы дүйнөнү өз алдынча тааный албай, билимди “өндүрүүчү” профессионал адистен көз каранды болгон абалга жетти. Бул жагдай коомдун адептик аң-сезиминин, саясый ойломунун деградацияланышына өбөлгө болуп, “билимдүүлүктүн” иллюзиясына келди. Азыр Европада, Америкада билимдүүлөрү көп, а коому рухий кризисте, элинин психикалык, соматикалык проблемалары көп. Алар рухий баалуулукка жеткиликтүү маани бербей, материалдык баалуулук үстөмдүк кылган коомго келди. Билимди терең өнүктүргөн, европалыктардын төрөлүү

коэфициени k=1,38 абалга жетти, б.а ал континентде жок болуу коркунучуна келген улуттар көбөйдү.

Шпенглердин “Европада Күндүн батышы” (Закат Европы) деген белгилүү китебинде алдын ала айтуусу боюнча европа элдери келе жаткан чейрек кылымда 13% тен 24% кыскарышы, суициддин өсүшү күтүлөт. Рим империясы ушинтип кулаган. Эмне үчүн алсыз адам космостук күчтөрдүн, жердеги коркунучтардын (геноцид, фашизм, расизм, колониялык саясат, согуш, репрессия, диний экстремизм ж.б.) баарына туруштук берип, жашап келе жатат? Эмне үчүн эркиндикке жана байлыкка жеткен Европа менен Американын калкы азайып баратат? Ал эми төрт кылым колониялык эзүүдө болгон элдердин жашагысы келет? Анткени эл массалык “илимий философиялык” аң-сезимидин принциби менен жашайбыз деп өздөрү “модернисттик капканга” кабылган: “Чабалдарды өлтүрсөк сапаттуу эл калат” – деген фашизм идеясы, “Чабалдарды коргосок, сапаттуу эл чыгат” – деген революциячыл идеялар батыштын педагогикасы тарбиялаган элдерден чыккан, бирок аны Орусияда “сынашкан”. “Күчтүүлөр чабалдарды өлтүрүшөт” – деген “илимий теория” колониялык саясатты жактоочулардын ойлоп тапканы. “Элдин сапатын ондоо” деген термин геноцид же евгеника (грекче eugenes-жакшы тукум) менен ассоциацияланат. Эвфемизм (грекче – маданиятсыз сөздү айтпай токтотуу) “социалдык рерурс”, “адамдык капитал” деген сөздөр – батыш педагогикасынын жемиши, анын арты – адептик-рухий проблема болду.

Эми модернисттик педагогика жөнүндө улуу ойчулдардын ойлоруна көңүл бөлөлү. Нобель сыйлыгынын эки жолку лауреаты Мари Складовская Кюри өзүнүн кызын Иренди (ал да луреат) жөнөкөй мектепке берүүдөн баш тартып: “Балдарды мектепке бергенден көрө сууга чөгөрүп жиберген дурус” – деген. Азыр Америкада ушу сыяктуу сөздөр айтылууда. “Мектептер адамдын духун сындырат” (Дж. Леонардо). “Алар адамдын акылына жана жүрөгүнө бүлүк салат” (Дж.Козол). “Мектептер окуучуну адам болуп өсүшүнө өбөлгө болбойт” (Ч.Патерсон). “Жер жүзүндө күнөөсүз адамдарга арналгандардын эң жаманы – мектеп. Ал түрмөдөн да жаман, ырайымсыз” (Бернард Шоу). “Мектеп менен маданият мындан 200 жыл мурунку максатына, табигатына кайрылса дурус болот” (Жан Жак Руссо).

Пуарто Рикодогу Католик Университетинин вице ректору Иван Иллич: “Мектепсиз коом” – деген китебинде: “Мындай мектептерди жабыш керек. Планетанын, коомдун, адамдын деградацияланууусу ошондо гана токтойт” – деген. Анын пикири боюнча: “Европалыктардын билим берүүсү адамдын

жашап кетишине жолтоо болот. Мектептерде билим алууга көз каранды бала профессионалдуу модернисттик духовенствонун педагогдорунун көзүн карап, алар үйрөткөндөй ойлоп, өз алдынча билим алуу жөндөмүн жоготушат. Ойломдун модернисттик нугу – илим өңдөнгөн апийим" (И.Иллич). "Азыркы адептик-рухий, моралдык кризис – модернисттик жана атеисттик педагогиканын жемиши. Модернисттик билим берүү системасы мурдагы кубаттуу чиркөөнүн билим берүүсүнө окшош. Ал социалдык мифтердин карама-каршы пикирлердин, реалдуулук менен мифтин айырмасы жашырылган ритуалдуу аракеттин, мыйзамдуу каражаттардын борбору". (И.Иллич).

Эми Кыргыз Республикасында секталар жөнүндө айта кетели. Секта деп – өзүнүн жеке кызыкчылыгы менен салттуу динден бөлүнгөн топту, коомду аташат. Баласы сектага кирген, ата-энеси өздөрүн мусулманмын деп эсептеген үй-бүлөлөр бар. Алар эки тилде сүйлөгөн адам сыяктуу бири-бирин түшүнбөй калууда. "Мындай үй-бүлөлөрдүн келечеги кең болбойт. Анткени ата-энеси менен баланын рухий жакындыгы баланын гармониялуу өсүшүнө өбөлгө, мамиленин жаттыгы бузулушуна өбөлгө болот. Муундар арасындагы байланыш үзүлүп, бири-бирине каршылашуу нормага айланат. Балдардын диний секталарга кириши, коомдорго бөлүнүшү – трагедия, ал конфессионалдык экстремизмге өбөлгө болот. Анда баланын ден соолугу начарлайт, тагдырына зыяны тийип, психикасы бузулат, жөндөмүн өнүктүрбөй коёт". (С.Н. Лазарев) [22, 9-бөлүк. 12-б].

Бул тенденциялардын баарынын элдин адептик-рухий тарбиясына терс таасири тийген. Эми адептик-рухий кризистен чыгуу үчүн эмне кылуу керек, ошого көңүл бөлөлү. Окуучуларды тарбиялоодо көрсөтмө-багыт берели, этнопедагогиканы классикалык педагогика, психология менен интеграциялап, тарбия сабактарын өтөлү. Класстан, мектептен тышкаркы иштерди жандандырып, элдик маданияттын көөнөрбөс дөөлөттөрүн, элдик педагогиканын берметтерин калыбына келтирели. Ата-бабалардын адептик-рухий казынасын изилдеп, жаштарга жеткирели. Эл катары сакталык калуунун жолун ойлонолу, балдарыбыздын ашказанын эле азыктандырып чектелбей, жүрөгү менен башын (акылын, аң-сезимин) "азыктандыруу" (окутуу, ойлондуруу, өнүктүрүү, өркүндөтүү) маселесине көңүл бөлөлү. Интернетте жогоркулардын таасири өтө көп экендигин эске алып, Ата Мекендик китептерге көңүлүбүздү буралы.

**Адептик-рухий тарбияда этнопедагогикалык билимдин мааниси**

Ар бир элдин өз тарыхы, элдин педагогикалык салттары болот, ар бир элдин улуттук тарбиялык өзгөчөлүгү бар, ошого жараша элдин менталитетинин өзгөчөлүгү болот. Демократиялык коомдогу билим берүү системасында этнопедагогиканын татыктуу орду болуш керек. Этнопедагогика – элдик тарбиянын мыйзамченемдүүлүктөрүн, улуттун өзгөчөлүктөрүн, этносоциумдун, тарбиялык маданиятын изилдеген педагогиканын бөлүгү. Этнопедагогика – этностун, улуттун этикалык, адептик-рухий, көркөм-образдуу, идеяларын ичине камтыйт. Элдин кылымдап топтогон тарбиялык тажрыйбасын чагылдырат, элдик билимди, турмуштук акылмандуулукту, диний окуулардын тарбиялык, философиялык, этикалык, педагогикалык ойлорун чогултат. Этнопедагогика – элдин маданиятын, салтын, адамдардын өз ара байланышын, социалдык өз ара таасирин анализдейт, элдик тарбиялык системаны изилдөө менен улам жаңы мазмун-усулдарды таап турат, улуттун сакталып калышына да салымы бар. Этнопедагогиканын предмети – элдин, этносоциумдун, улуттун, уруунун педагогикалык маданияты” (Г.Н. Волков). Этнопедагогика ар түрдүү элдердин тарбиялык салтын, салыштырмалуу анализдейт. К.Д. Ушинский: “Баланын биринчи мугалими жана тарбиячысы – эл болот”-деген [5].

Этнопедагогика – этномаданий инсанды калыптандырууга арналган илим. Интеграция, деэтнизация, ассимиляция бул – улуттун жоголушуна алып баруучу жол, алар улуттук кийимден баш тартуудан, тилдин жоголушунан, улуттук тамак-ашты унутуудан, динге чыккынчылык кылуудан башталат. Этнопедагогика ушул төртөөнүн сакталышына өбөлгө болот. Этнопедагогика көп улуттуу мамлекеттеги билим берүү системасында улуттук адамды тарбиялоого арналат, мында конструктивдүү диалог түзүүгө шарт бар болушу маанилүү, Этнопедагогика тексиз, уруусуз адамдарды тарбиялоону жокко чыгарат.

Этнопедагогика өспүрүмдөрдү турмушка даярдоого, жашоонун жазылбаган мыйзамдарын түшүндүрүүгө, коомдо социалдашууга үйрөтүүгө арналган. Макал-лакаптар – өспүрүмдөрдү социалдашууга, этикалык, адептик тарбияга, табышмактар – акыл тарбиясына, элдик оозеки чыгармалар (ырлар) эстетикалык, патриоттук ж.б. тарбияга, жомоктор, икаялар турмуштун сабактарын үйрөтүүгө арналат. Этнопедагогикада – элдин (массанын) аң-сезиминин абалы, эмпирикалык билими, идеалы, идеясы, көз карашы, адептик багыты, дүйнө таанымы, тарбиялык көрсөтмөлөрү, элдик акылмандуулугу камтылган.

Элдин рухий тарбиялык салттарын, мурунку муундардын тажрыйбасын кийинки муунга калтыруусу – татаал процесс. Кыргыздардын элдик философиясында, тарыхый тагдырында, маданиятынын калыптанышында алар аныктоочу фактор болуп келген. Совет доорунда этнопедагогикага, этнопсихологияга, улуттардын мурдагы дүйнө таанымына, философиясына толук эркиндик берилбей, кысым көрсөтүлгөн.

Элдин тагдыры алардын баалуулуктары, адептик багыты, менталитети

менен байланыштуу болот. Элдик педегогиканын айрым маселелери К.Д. Ушинскийдин, П.А. Кропоткиндин, П.И. Ковалевскийдин эмгектеринде кездешет. Кыргыз Республикада (революцияга чейин) Тоголок Молдонун, Молдо Кылычтын, Нурмолдонун, Молдо Нияздын, Калыгулдун ж.б., азыр А.Алимбековдун, С.О. Байгазиевдин, А. Калдыбаеванын ж.б. эмгектеринде кездешет. Элдик педагогика – элдик аң-сезимди, эмпирикалык билимди калыптандыруучу, идеалын, көз карашын, түшүнүгүн, насаатын (установка) тарбиялык аракетин, иштеп чыгуучу феномен.

Элдик тарбия-таалимдин өзөгү эмнеде? П.А. Кропоткин: “Табигат жана дин адептик-рухий тарбиянын башкы булагы”-деп эсептеген. “Этнопедагогиканы үйрөнүүдө тарбиянын башатын улуттук тилден, расалык өзгөчөлүктөн эмес, алар жашаган табигый чөйрө менен диний булактан издөө керек”. (П.А. Кропоткин. Духовные истоки народной педагогики). “Диндин этнопедагогикалык мааниси дың жер сыяктуу, али былкылдабастан, илимий изилдөөгө алынбай турат” (Г.Н. Волков) [5].

Италиялык белгилүү философ Джоберти: “Бардык убакта, бардык жерде жарандык тартип диний булактан келген, шаарлар диний имараттар, окуу жайлар менен башталып, элдик тарбия жана маданият диний окуунун негизинен алынган”-деген. Л.Н. Толстой: “Биз Чыгышка жакын калкпыз, Чыгыш элдеринин тилдерин, философиясын, адабиятын үйрөнүп келгенбиз, бизге ислам менен буддизмди карманган элдердин жана түрк тилдүү элдердин маданияты, салттары, педагогикасы жакын”-деген. (Антология педагогической мысли Древней Руси, Русского государства XIV-XVIIвв.– М.,1985).

П.А. Кропоткиндин “Этика” деген китебинде: “Этика илиминин негизи, адептик нормалары динден алынган”-дейт. Этнопедагогикалык, маданий диалог – улут аралык түшүнүүнүн, жалпы адамзаттык адептик-рухий баалуулуктарын таануу жолу. Элдер ар башка тилде сүйлөгөнү менен, рухий жактан бири-бирине жакын болушат. “Этнопедагогика – карылардын акыл-эсинде топтогон билимин жаштарга берүүчү илим”,-деген Г.Н. Волков. Мектеп окуучулардын баарын эң жакшы деңгээлге жеткире албайт, аны үй-бүлөнүн аракети менен биргелешип, жеткириши мүмкүн. “Эне мектебинде” Я.А. Коменский: “Окуучуну тарбиялык иш эң жакшы жолго коюлган үй-бүлөлөрдүн деңгээлине жеткирүү керек”-деген. Анткени бардык элдер үй-бүлөлүк тарбияга көңүл бөлүшөт, ошондуктан айрым үй-бүлөнүн балдары бышык, күчтүү, эмгекчил, дилгир, экинчисиники – жакшы ырдайт, бийлейт, эстетикалык табити өнүккөн, үчүнчүсүнүкү – адамга туура мамиле кылат, адеп-ахлагы жакшы, төртүнчүсүнүкү – акыл-эстүү, акылман ж.б. болот. (Г.Н. Волков. Этнопедагогика. – Чебоксар. 1978).

Кыргыз тилине “тарбия” деген сөз араб тилинен келген, уңгусу, “робби” (роббия), анын этимологиялык мааниси – бир нерсени түзөлтүү, жакшыртуу, туура көрсөтүү дегенди туюнтат. Робби – Ааламды Жаратуучу, Түзүүчү жана Ээси дегенди билдирет. Тарбия деген сөздүн түпкү мааниси – адамды этап-этабы менен жеткилең абалга келтирүү, баралына жеткирүү.

Тарбия – адамга билим берүү, жетик кылуу, кемелине келтирүү дегенди туюнтат. Ар бир элдин өзүнүн тарбиялык максаты, усулдары, мазмуну болот. Тарбия –төрөлгөндөн башталып, өмүр бою улана турган маселе, б.а. таалим-тарбия бул – жашоо. Жашоонун уланып жатышы – таалим-тарбиянын токтоло электигинен кабар берет. Кыргыз этнопедагогикасынын башатында Чыгыш маданиятынын салымы бар.

“Этнопедагогика” деген терминди 1972-жылы Г.Н. Волков киргизген. Биринчи этнопедагогикалык программалар Чебоксарда, Москвада, Түндүк Кавказда педагогикалык ЖОЖдордо иштелип чыккан. КРда КББАда, Манас атындагы Кыргыз-Турк университенде, И.Арабаев атындагы КМУда ж.б. окуу жайларда ХХ кылымдын экинчи жарымында этнопедагогикалык темада эмгектер чыга баштаган. Тилекке каршы ал кездеги этнопедагогикалык эмгектерге жол берилгени менен, советтик идеологиянын чегинен чыга алган эмес, анын аныктоочу фактору тил-адабият, улуттун тарыхый тажрыйбасы, каада-салты ж.б. болгон. Азыркы педагогикада муну объективдүү деп атоого болбойт. Мектеп идеологиялык императивден бошонгон мезгилде элдик педагогиканын салттарын объективдүү интерпретациялаш керек.

Этнопедагогикалык мурастар мугалимдин планетардык ойломун өнүктүрөт, анткени таалим-тарбиядагы элдердин философиясына көңүл бөлүнөт, анда бардык цивилизациялуу өлкөлөрдүн элдеринин педагогикалык ойлору чагылдырылган. Этнопедагогикалык байланыш – маданияттардын байланышы.

Орус, кыргыз, чуваш элдеринин этнопедагогикасын салыштырып, анализдөө менен азырынча элдердин жалпы этнопедагогикалык системасы жок, ар бир элдин ар башка тарбиялык системасы бар, деген жыйынтыкка келдик. Канчалык жагымдуу көрүнбөсүн башка элдин үлгүсүндө жашоого болбойт, башка элдин педагогикалык системасында балдарды тарбиялоо да туура эмес. Улуттук тарбиялык мамилени объективдүү, идеалдуу деп эсептегенге да болбойт. Ар бир эл өзүнүн тарбиялык системасын иштеп чыккан, өздөрү өркүндөтүшү керек.

Кыргыздар: “Үшүгөндү – жылыт, ачканы – тойгуз, мусапырга жай бер, кырсыкка кабылганга жардам бер, жетим-жесирге кайрымдуу бол. Карыны арызданууга, баланы ыйлаганга жеткирбе”- дешет. Карынын сөзүн капка сал, улууга урмат, кичүүгө ызаат кыл,-деп айтылып келген.  Элдик билимдер: “Туман жерге жакын болсо, кыроо, жогору көтөрүлсө, жамгыр болот. Күн булутка кызарып батса, жамгыр жаайт. Үркөр үйдөн (боз үйдүн түндүгүнөн) көрүнсө, үч ай-токсон кышың бар. Нарк жылдыз жогору чыкса, кымбатчылык, төмөн түшсө, арзанчылык болот. “Адамды азапка салуучу алты “а” (б.а. “а” тамга менен башталган) нерселер:  арак (спирт ичимдиктери), апийим (баңгизат), арам акча, алтын (анын артынан түшүү), (ыймансыз) аял, атак (ак-караны ылгабай атакка умтулуу) бар”. Кыргыз эли ушу сыяктуу кылымдап топтогон билимге бай.

Элдик педагогиканы этибар албай, эмнеге келдик? Элдин рухий дөөлөттөрүн,  ыймандуулукту  этибар албаган, байлыкты, мансапты көздөгөн

ачкөз коомго келдик. Ырайымсыздык, моралдык жактан бузулуу пайда болду, акчаны нан, суу сыяктуу зарыл нерсе катары көрдүк, бүт күчүн, акылын, энергиясын, өмүрүн акча табууга арнаган жашоого жеттик. Айрымдары акча табуу үчүн баңгизат, курал-жарак сатуу, уурулук, атүгүл адам өлтүрүү сыяктуу кылмыш иштерине катышты. Эшигин кулпулабай, тынч уктаган кыргыз эли эшиги ачык абалда уктай албаган абалга жетти. "Этнопедагогикасыз тарбия толук кандуу ишке ашпайт" деген жыйынтык чыгардык. Азыр "Элдик педагогиканы модернизациялап оңдоо керек"-деген ойду угуп калчу болдук. Элдин кылымдап топтогонун, совет доорунда жоготконун мектептин тарбиялык системасын модернизациялап оңдоо реалдуу эмес көрүнүп турат. Аны этибар албаган коомдор деградацияланат. (Г.Н. Волков. Этнопедагогические основы воспитательной работы).

Элдик педагогиканын негизиндеги тарбияга орун берилбесе, капиталисттик түзүлүш кишинин адамдык сапатын алсыратып, адамды макулукка айландырат. Батыш педагогодорунун бири Спренг мындай деген: "Заманбап билим берүү системасынын идеологиясынын чоң фирмаларга, өндүрүштөргө байланышы бүгүн чоң көйгөйгө айланды. Педагог-окумуштуулар илимде диссертация коргош үчүн ошол уюмдардын каржылык демөөрчүлүгүн пайдаланышат, чоң фирмалар ойлоп тапкан сыйлыктарды, стипедияларды алуу максатында кадимкидей атаандашып, жагынганын көрөсүң. Билим берүү системасынын сынакка киргизилген же сыйлык жарыяланган темалары ошол ишкерлер, бюрократ катмарлардын пайдасын көздөп, кызыкчылыгына дал келиши керек".

Педагог Жон Давинин көз карашы боюнча: "Өзгөрүлүп турган товарларды (мода, шаан-шөкөт, көңүл ачуу ж.б.) жаштар тез коротуп, колдонуп турса, өндүрүшкө киреше кирет. Билим берүү системасы тынымсыз өндүрүш тармагына кызмат кылуу үчүн заманбап топ түзүп, окуучуларга акча табуу үчүн иштөө керек деген түшүнүктү калыптандырышы абзел, таанымал болуу үчүн тынымсыз аракетте болууга үндөшү керек. Бүгүнкү билим берүү системасы менен капиталдын ортосунда тыгыз байланыш бар, мунун натыйжасында билим берүү системасы коомдун белгилүү катмарына кызмат кылып жаткандыгын көрүүгө болот". Бул улутун сыйдаган педагогдун чыныгы максаты эмес.

Элдик педагогика менен илимий педагогиканын ортосунда диалектикалык байланыш болуш керек. Илимий педагогика жаш муунга жалпы адамзаттык баалуулуктарды түшүндүрүп, дүйнөлүк илимдин, адабияттын, маданияттын негизинде тарбияласа, элдик педагогика элдин акылман ойлорунун, турмуштук тажрыйбасынын, улуттун баалуулуктарын эске салып турат. Улут катары сакталып туруш үчүн элдин тили, маданияты, элдик педагогикалык тарбиясы болуш керек.

## Окуучуларды адептик-рухий тарбиялоодо көрсөтмө-багыт берүүнүн мааниси

Рухий тарбияны мугалим өзүн толкундандырган маселеден баштаганы дурус, анткени демилге (энтузиазм) жугумдуу болот. Балдар мугалимди туурашат. Окуучуларга ойлондуруучу суроолорду коюп, сабакты жыйынтыктоону кийинки күнгө калтырылса, материал балдардын эсинде жакшы сакталып калаары аныкталган. Кийинки сабакта ошол суроолорго кайрылып, анан жыйынтыктаса, сабак натыйжалуу болот. Багыт бергиле, демилгелүү болгула, балдарды ойлондургула.

Балдар акыйкат сөздү айтууга жөндөмдүү болушат. Окуучулар укканын 10%, көргөнүн 25%, өздөрү тапканын, даярдаганын 90% эстеп калышат. Ошондуктан дидактикалык материалдарды алардын өзүнө таап келүүгө тапшырма берүү пайдалуу. Баланын укканы кээде унутулат, көргөнүн эстеп калат, өзү даярдаганын жакшы түшүнөт. Кайталоо – натыйжалуу дидактикалык ыкмалардын бири. Рухий тарбияда мугалимдин жана балдардын ички дүйнөсүнүн бейпилдиги маанилүү. Башкага жакшы мамиле кылып жатып, окуучуларга адам менен мамиле түзүүнүн үлгүсүн көрсөтүңүз. Сабактын башында жана аягында балдарга багыт бериңиз. Багыт берүү – рухий тарбиянын жакшы каражаты. Багыт өткөн же азыркы теманын өзөктүү (маңыздуу) маселеси же формулировкасы болушу мүмкүн.

Ишеним, коркуу, шектенүү, күмөн саноо, эстөө ж.б. эмоциялар аңда (в подсознании) жакшы сакталат. Аңдоо негативдүү да, позитивдүү да сезимдерди, ойлорду кабыл алат. Балага берген көрсөтмө-багыт аңдалгандан кийин мурдагы жаман адатына каршы аракет этет. Өзгөчө жаш балдарга жатаарда, кубанычтуу эмоцияда турганда же тынч абалында багыт берүү натыйжалуу. Иллюстрациялуу аңгеме миң куру сөздөн артык. Багыт берүү: ошондуктан тарбия сааттарды өтүүдө видио тасмаларды пайдалануу керек .

Биз адамдын сырткы кебетесин көрөбүз, бирок анын ниетин, оюн, пейилин көрө албайбыз. Ички мотиви, сезими, ою адамдын маанилүү бөлүгү. Адамдын көрүнбөгөн мазмуну (мотиви) анын сырткы аракетине түрткү болот. Ал тажрыйба топтоо үчүн керек, адамдын аң-эзиминин калыптанышына түрткү болуучу нерсе [22].

Шарды үйлөсө, тарсайып көрктүү болот, үйлөнбөгөн шар – көрксүз резина. Шардын ичиндеги абага аба кошулса, тажрыйба топтогон адам сыяктуу, алар илимде, саясатта турмушта керек болушат, абасы чыгарылса, кайра резина калат, ал көөдөнү бош адам сыяктуу. Багыт берүү: көөдөнү бош адам болуу коомго да, адамга да зыяндуулугун түшүндүргүлө.

Адамдын ички мазмуну (мотив) маанилүү нерсе. Ааламга чыгарылган ой, сөз, аракет адамдын өзүнө кайрылып келет, аны кайрылуу (бумеранг) деп коюшат. Бумиранг – себеп-натыйжа мыйзамы. Бирөөгө жамандык кылсаң (кааласаң) да, жакшылык кылсаң (кааласаң) да өзүнө кайрылып келет. Кандай салам айтылса, ошондой алик алынат. Эмне эгилсе, ошол орулат. Тоого эмне деп кыйкырсаңыз ошол сөз жаңырат. Бирөөнү сындасаңыз, сизге да сын тагылат (Ни суди, судим не будешь). Бири-бирибизден корко берсек, анда бири-бирибизге карата коркунучтун объектине айланабыз. Ой менен сезим аракеттин алдында болот, ошолордун таза, позитивдүү болгону

жакшы. Багыт берүү: үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө, бизди курчаган элге карата жакшылык тилеп, жакшы ой ойлоп, аракет кылып жашоо керек.

Жашоонун өзү – мектеп. Турмуш – проблемалар аркылуу адамга сабак берүүчү. Проблеманы чечүү менен сабактан пайдалуу билим алганыбызга же аны чечпей, билим албай калганыбызга жараша жашообуз кызыктуу же азаптуу болот [11]. Адам негативдүү сезимдерден (жек көрүү, ачуулануу ж.б.) кутулуп, проблеманы ыраазычылык менен кабыл алса, проблеманы чечүүгө керек болгон энергияга эшик ачат. Ал эми жаман эмоциялар (коркуу, наразы болуу ж.б.) жолубузду ачпай бууп турат. Ачуусу келген адам жаман эмоциянын тегерегинде ойлоно берет. Анын кийинки жашоосу жаман эмоцияларга толушу мүмкүн. Ата-бабаларыбыз буларды Кудайдан келген сыноо деп, сынактан жакшы өтүүгө аракеттенчү. Аракеттенген адамдын иши илгерилейт. Багыт берүү: Ата-бабалардын ушул сыяктуу тажрыйбасын пайдалануу керек.

Тууралган жашылчага туз сээп койсо, ширеси чыгат, жашылча бат эле бүрүшүп-чүрүшүп калат. Адамга бир эле жаман сөз айтылса, маанайы пас боло түшөт. Жакшы сөз жан сергитет, жаман сөз жан кейитет. Биздин ойлорубуз, сөздөрүбүз, бизди курчаган дүйнөгө жакшы же жаман таасирин тийгизип турат. Адам жөнүндө жаман ойлогондон көрө ага ыйман берсин деп тилеген жакшы. Багыт берүү: жаман ой, сөз менен атмосфераны “туздабагыла”, оюңарды, тилиңерди көзөмөлдөгүлө.

Жумуртканы тоок базса, жөжө чыгат, жөн жатса, сасыткы чыгат. Адам аң-сезимдүү аракет кылса, жаман адаттан кутулат, мүнөзү оңолот, аң-сезими өнүгөт ж.б. аракетсизи деградациялана берет. Ишеними бар адам менен жок адамдын аракети айырмаланат. Эч кимге ишенбеген өзү аракеттенет, ишенгени Кудайдан жардам сурап аракеттенет. Экинчисинин аракети натыйжалуу. Адамдын ою, сөзү чыныгы маңызын чагылдырат. Багыт берүү: Жараткандан жардам сурагыла, “сасыткы чыкпай”, адам болгула, өзүңөр аракеттенгиле.

Адамзатты океанга окшоштурсак, адамдар тамчылары сыяктуу. Ар бир тамчы таза болсо, океан таза болот. Ар кимибиз өзүбүздүн ички дүйнөбүздү тазартууга аракеттенишибиз керек. Бактылуу ойлорду ойлогон адам бактылуу адамдарды өзүнө тартып турат, бактысыз ойлорду өндүргөн адам бактысыз, ындыны өчкөн адамдарды тартып турат. Эл кимге (эмнеге) көңүл бөлсө, ошол объект менен байланышып жашайт. Сүйүү, ниеттин тазалыгы таза суу сыяктуу, адамдын жүрөгүндө өзүмчүлдүккө орун берилсе, таза сүйүү болбой, ниет бузулат, ал булганган суу сыяктуу. Жүрөктөгү сезимдер таза болуш үчүн жаман сезимдерди сүрүп чыгаруу керек. Болбосо, көкүрөктү ээлеп, аң-сезимге сүйүүнү жеткирбейт. Элдин жашоосунда жакшы өзгөрүүлөр болсо, мамлекет өнүгөт. Багыт берүү: “Элге ырыскы-насип бер, эл ичинде мага бер”деп жашагыла, таза тамчыдай болгула.

Суудагы дарактын көлөкөсүн элестетели. Суу толкунданып турса, көлөкөнүн сүрөтү ийри-буйру боло түшөт. Толкундун күчү өтө чоң болсо, таптакыр көрүнбөй калат. Аңга (подсознание) ааламдагы маалыматтардын

системасы (флешкадагы маалымат сыяктуу) киргизилген. Аң-сезимде тынчтыкты камсыз кыла албаган адамдар андан (из подсознания) эч качан маалымат ала албайт, б.а. интуициясы өнүкпөйт. Дарактын сулуулугу суунун идеалдуу тынч абалында чагылдырылат. Адамдын ички дүйнөсүнүн идеалдуу тынч абалын бир дагы илим камсыз кыла албайт, ал Чыгыш билимдери аркылуу ишке ашат. Аң-сезимде тынчтыкты камсыз кылып, андан маалымат алууга үйрөнүү менен зээндүүлүк өнүгөт. Адамдын акыл-эси тынчтыкты билбей, дайыма турмуштук маселелерди ойлоно берет. Ойго болор-болбос нерселердин бары келе берет. Адам аны токтото алса гана туура (оптималдуу) чечим таба алат. Аны толук тынчытуу техникасы Чыгыш окууларында бар. Медитация, сыйынуу, намаз – ошол тынчыбаган акыл-эсти тынчытуу техникасы. Аң-сезимди күнүмдүк түйшүктөрдөн бошотуу менен оптималдуу чечим табылат. Багыт берүү: ички дүйнөнүн тынчтыгына камкордук көргүлө, интуицияны, зээндүүлүктү өнүктүргүлө, зирек болгула [13].

Адамдардын көпчүлүгү материалдык белекти гана белек катары баалашат. Рухий дүйнөгө көңүл бөлгөндөр үчүн чын жүрөгүнөн жылмаюу, ага көңүл бөлүү, убагында көрсөтүлгөн жардам, ийгилиги менен куттуктоо, колун кысуу, көңүлүн көтөрүүчү сөз, бата-дуба ж.у.с. нерселердин баарын белек сыяктуу кабыл алышат. Барынан кымбат белек катары аны эстеп, жакшы тилек менен бата-дубаны эсептешет. Мындай рухий белектер көп болгон жерде чыр-чатак болбойт. Эл улутуна, расасына карабай, биримдикте жашай алышат. Багыт берүү: элдин биримдиги маанилүү маселе экендигин эсиңерден чыгарбагыла, рухий белектерди арбыткыла.

Адам кимге оюн бурса, ошону тааныйт. Мисалы, жигит бир кызды жактырып калды дейли, ал жөнүндө ойлонот, кылык-жоругуна кызыгат, анын сөзүнө көңүл бурат, мүнөзүн байкайт, ошентип жүрүп аны тааныйт. Илимий булактарда “Космостук аң-сезим”, “Ааламдык аң-сезим” деген термин Кудай деген мааниде берилип жүрөт. Ааламдык аң-сезимге көңүл бурган адам параллель дүйнө жөнүндө билим алат, анын тартибин, этикасын түшүнөт, планетадагы адамзаттын өз ара байланышын өздөштүрөт, ошентип ааламдагы рухий дүйнөнү тааныйт. Миллиондогон адамдар бири-бирине жакшы тилек менен дуба кылышат. Канчалык жакшы ойлор, аракет көп болсо, дүйнө жүзүндө кубаныч көбөйүп, эл бактылуу жашоого келишет. Андай коом тарыхта мурдагы доорлордо, ушул доордун башында, VII кылымда болгон. Окуучу Ааламдык ан-сезимге оюн концентрациялай алса, аң-сезими өнүгөт. Багыт берүү: аң-сезимди өнүктүргүлө, адамзаттын өз ара байланышынын оптималдуу вариантын өздөштүргүлө [13].

Лобачевскийдин көп өлчөмдүү мейкиндигин математиктер жакшы билишет, бирок башка өлчөмдөгү дүйнөнү көпчүлүк эл элестете алышпайт. Башка өлчөмдүү мейкиндикти билбегендер, ал жок сыяктуу жашай беришет. Адамдын рухунун көп өлчөмдүү мейкиндикке эч кандай тиешеси жок болсо, акылы аны кантип тааныйт эле. Материя, мезгил жана мейкиндик философторду дайыма толкундандырып келген маселе, ал кокусунан эмес.

Мектептик программада рухтун табигаты окутулбайт. Рухтун табигатын жеткиликтүү билбей туруп, биз рухий тарбия бергибиз келет. Бул – биздин чоң кемчилигибиз. Суу кристалл, буу, суюктук формада болгон сыяктуу эле, биздин рухубуздун башка формадагы жашоосу жөнүндө көпчүлүк элестете албайт. Винтилятор иштебей турганда формасы ачык көрүнөт. Иштегенде көрүнбөй калат. Эми ошол вибрация менен ааламдык вибрацияны элестетсек, адамдан акыл-эсинин кубатсыздыгын түшүнөбүз. Багыт берүү: рухтун табигаты жөнүндө билимге ээ болгула.

Эмне үчүн цивилизациялардын улам бири кыйрап келишкен? Анын механизми кандай? Жакында эле социалисттик система кулады. Цивилизация кулабаш үчүн элдин (мээсинин) оң жана сол жарым шардуу ой жүгүртүүсү зарыл. Ой жүгүртүүсү айырмаланган элдер ар башкача аракеттенишет. Мисалы Батыш медицинасы ооруган органды дарылашат. Чыгыш медицинасы жалпы организмди функциясын, иммунитетин жакшыртууга аракеттенишет. Чындыгында Батыштын да, Чыгыштын да ойлому адамзатка керек. Ошондой эле материалдык жана рухий баалуулукка карата тең салмактуу мамиле керек. Материалдык баалуулукка артыкчылык (приоритет) берилген цивилизациялар кыйрап калган. Багыт берүү: материалдык жана рухий баалуулукка карата тең салмактуу мамиле кылалы, логиканы да, интуицияны да өнүктүрөлү, эч качан мамлекеттүүлүгүбүз кыйрабасын, өнүгүүгө өбөлгө болуучу ойлорду ойлонолу, ошону тилегиле.

Дүйнө жүзүндө саясый жана рухий күрөш өтө курч жүрөт. Оппозицияны жеңүү үчүн билим, рухий дүйнөнүн байлыгы зарыл. Оппозицияны жек көрүп, өлтүрүү кийинки проблеманы пайда кылат. Ал – рухий алсыздардын кылар иши. Тарыхта алар инквизиция, репрессия, крест чабуулу, геноцид ж.б. катары белгилүү. Душманын жек көрүп өлтүргөндөр кийин өздөрү өлүшөт. Кан коё бербейт. Ата-бабаларыбыз: таш менен урганды аш менен уруп жең,- дечү. Багыт берүү: оппозицияны сабырдулук, билим менен жеңүү керек.

Адамдын саясаттан, каражаттан, аң-сезимден, музыкадан ж.б. көз карандылыгы зыяндуу нерсе. Анын аракечтикке, баңгиликке окшоштугу бар. Индуизмдин, буддизмдин педагогдору окуучуларды жыйылган отунду бир орундан экинчи орунга ташытышат, б.а. максатсыз аракетке көндүрөт. Анткени адам максаттуу аракеттин натыйжасынан көз каранды болсо, маанайы чөгөт, нерви бузулат. Бул окуучуларды чыдамдуулукка үйрөтөт. Бизде мугалимдер балдарга эртеңки тапшырманы жазып алууну сунуш кылышат. Анын саны өскөн сайын балдардын маанайы пас болуп, муңайыңкы абалга жетет. Балдардын ишинин натыйжасынан көз карандылыгы канчалык жогору болсо, ошончолук капа болушат. Ага жолтоо болгондорго таарынышат. Багыт берүү: ошондуктан каалоодон, ар кандай көз карандылыкты алып таштоо жөнүндө эскертүү, ойлонуу ашыкча болбойт. Эркиндикке жетели, көз карандылыктардан кутулалы.

Буддисттердин билим берүүсүндө абитуриенттерди тест алуу үчүн чакырып, бирок бир нече саат тест албай, карабай коюшат. Абитуриент

кыжырланып, нааразы болсо, экзаменден кулап калат. Бул жерде анын сабырдуулугу текшерилип жатат. Ачууланган адам олуттуу маселени чече албайт. Багыт берүү: сабырдын түбү сары алтын, ачуу – душман, акыл – дос экендигин унутпагыла.

Индустар “сомы” деген ичимдиктин курамына чымындын уусун (мухамор) кошуп коюшат. Адамдын аң-сезими аны ичсе, каалоодон көз каранды эмес болуп калат. “Сен өлгөн адамсың, сенде коркуу, жек көрүү, кайгыруу болушу мүмкүн эмес. Бар ишиңди бүтүр”- дешет [11]. Багыт берүү: биз мындай усулга каршыбыз. Биздин ата-бабалар напси тарбиясы аркылуу каалоодон көз карандылыкты жеңип келишкен.

Совет доорунда “тартипти сактоо” үчүн башкача ой жүгүрткөндөр (оппозиция) репрессияланган. “Армияда тартипти чыңдоо үчүн 100-150 сойкуну атуу керек. Мүмкүн болушунча көбүрөөк попторду өлтүрүү менен эки маселе чечилет: оппозицияны жок кылабыз, православ чиркөөсү топтогон байлык жаңы бийликке өтөт, жаңы тартипти орнотобуз” – деген В.И. Ленин. Ошентип христиандын адептик-рухий баалуулуктары социалисттик идеологиянын негизинде реставрацияланган. Совет доорундагы адептик-рухий баалуулуктардын көпчүлүгү христиан дининен келген. (П.Дж. Дженкинс. Воспитание духовности детей. София. 2005. 144-бет). Багыт берүү: биз улам бир коом реставрациялаган баалуулукту кармана бербей, ата-бабалардын баалуулугун калыбына келтирип, эл катары сакталып калсак, жашкы болот, анткени глобалдашуу саясаты майда улуттарды өзүнө сиңирип кетиши мүмкүн. Өз баалуулугубузду сактайлы. Миң жылдан кийин кыргыздар мындан жакшы абалда жашасын деп тилейли, ошого үмүт кылалы [11].

Билим берүүнүн багыты оңолбой, эл оңолбойт. Азыр дүйнө жүзүнүн билим берүү системасында багыты өзгөрдү. “Адамгерчиликтин, рухий баалуулуктун төмөндөшү маданият менен дүйнө таанымдын туюкка камалган сыяктуу абалга алып келди. XXI кылымдын башталышында, үчүнчү миң жылдыкта рухий аксаган көрүнүштөн чыгуу үчүн коомдун жашоосунун үч үлгүсү: илим, маданият, дин биригип, келечекте илим менен ишенимдин ортосундагы карама-каршылыкты жоюга багытталган билим берүү аркылуу материалдык жана рухий ааламды таанууга болот” (Б.С. Гершунский). Прогрессивдүү окумуштуулар ушул пикирди колдошууда. Багыт берүү: Билим берүүнүн туура багытын табалы [7].

## Рухий тарбияда класс жетекчинин моралдык (этикалык) билиминин мааниси

Этиканын тарыхында моралды түшүндүрүүнүн үч негизги багыты болгон, алар бири-биринен айырмаланышат. Биринчиси – диний этика, анда: “адептик баалуулуктарды адамга Кудай пайгамбарлар аркылуу түшүндүргөн, ал абсолюттуу, өзгөрбөйт, адамдын рухий дүйнөсүнүн соо болушу үчүн конкреттүү адептик нормаларды карманыш керек. Диний позициядан:

“Кудайга ишенимсиз адамдын адеби, рухий абалы жакшы боло албайт”[21].

Экинчиси натуралисттик этика, ал адептик баалуулукту табигаттан, адамдын өзүнүн табигатынан алып чыккан, адептүүлүк – адамдын табигатынын – бөлүкчөсү. Ч.Дарвиндин теориясына чейин натуралисттик этика абстракттуу ойлом, философиялык пикирлер менен чектелген. Анын теориясынан кийин илимий жактан негиздүү сыяктуу түргө жеткен, бирок гендик инженерия жана башка илимий ачылыштар эволюция теориясынын өзүн да, натуралисттик этиканы да сынга алууда. Мисалы, натуралисттик этикада адамга баалуу жана пайдалуу нерселердин баары – адептүүлүк деп айтылат. Россиянын Ростов областында айыл чарбалык максатта жердин баары айдалган, натыйжада кыртыш массалык түрдө шамалдан, суудан эрозияга дуушар болгон. Азыр жарым кылым мурдагы абал менен салыштырмалуу ар бир гектарга 4-6 тонна кык (жер семирткич) жетишсиз. Мындай “идеянын” жана аракеттин коркунучтуулугу белгилүү болду. Дыйканчылыкты, мал чарбачылыкты адамдын кызыкчылыгына карап интенсификациялоо – экологиялык кризиске алып келди.

Үчүнчү багыты – тарыхый этика, анда: жаңы коомдун калыптанышында адамдын эмгегинин ролу жогору коюлган. Советтик педагогика тарыхый этиканын нугунда өнүккөн. Мурдагы окуу пландан гуманитардык предметтер, дисциплиналар: логика, психология, дин ж.б. чыгарылып, анын ордуна аскердик даярдыктын башталышы (НВП), атеизм, техникалык эмгекке үйрөтүүгө ж.б. көңүл бөлүнгөн. Окуучулар станоктун түрлөрүндө иштешкен. Айрым учурда эмгек боюнча директордун орун басарлыгына штат ачылган. Окуучулар станоктун түрлөрүн жакшы өздөштүргөнү менен, адептик-рухий абалы жакшырган эмес. Жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулардын, ЖОЖдордо жаштардан адептик-рухий жактан төмөндөшү азыр – факт. “Мыйзамдар жана инструкциялар моралдын норма боло албайт”-деген Ганс Кюнг.

1991-жылы РФнын Жалпы калктын пикирин аныктоо институтунун изилдөөсүнө ылайык: 31% адептик жактан кескин төмөндүгү, 40% ырайымсыздыктын (зордуктун) жогорулагандыгы, 45% кайдигерлик, 32% дүнүйөгө тойбостук, 26% эмгекте тартиптин төмөндөшү, жаштардын кылмышынын арбышы, 24% Ата Мекендин тагдырына кайдигерлик, 11% моралдык жактан бузулуу аныкталган. Бул статистика азыр да актуалдуулугун жоготкон жок” [21].

П.А. Кропоткиндин “Этика” деген эмгегинде: “Элдин моралдык жактан калыптанышына табигаттын, элдин рухий абалынын таасири бар. Бизде азыр пейили тар, жашоосу маанисиз адамдар, өркүндөбөгөн коомдор жок эмес. Христиандын, иудаисттик жана исламий этиканын эрежелеринин негизи Муса алейхисаламдын “Беш китебинде” жазылган”, – дейт П.А. Кропоткин. Исламий этиканын негизи Муса алейхисаламдын “Беш китебинде толук эмес, ал Куранда толук жазылган (автор).

Орто кылымдардан XX кылымга чейинки Батыш Европанын 116 университетинин 109 Библиянын моралдык нормаларын өздөштүрүүгө

арналган. Кийин аны алып таштаган. Советтер Союзунда 1919-жылы Н.К. Крупская түзгөн балдарга окутууга тыюу салынган китептердин тизмесине Библия кирген (Кукушин. Теория и методика воспитательной работы. 178-б).

В.А. Кондрашовдун “Инсандын адептик баалуулуктары” – деген эмгегинде: “Мораль адамдын болмушту өздөштүрүүнүн өзгөчө рухий жолу, жалпы адамзаттык баалуулукту иштеп чыгуу менен, адамдын коомдогу жашоосун уюштурат, жөнгө салат, адам ыктыярдуу түрдө өз кызыкчылыгын ойлонбостон анын негизинде жашоосу керек”-дейт. Адамдын адептик жүрүм-туруму илимдин заказы менен же коомдун максатын көздөп жөнгө салынбастыгы совет доорунда аныкталды. “Адептик өнүгүүнүн критерийи болуп инсандын рухий жетилгендиги, жалпы адамзаттын гуманисттик баалуулуктарын ар бир адам өзүнүн жашоосунун мааниси катары кабыл алгандыгы эсептелет” (В.С. Кукушин).

Баалуулуктардын типтери төмөнкүлөр: жалпы адептик (этикалык):

– универсалдуу: ак ниеттүүлүк, адилеттүүлүк, адамдын кайгысын бөлүшүү, урматтоо, эркиндик ж.б. булар динден тышкаркы баалуулуктар, Адам укугу жөнүндө декларацияга: адамдын расасына, улутуна карабастан маданиятты, адамдын көз карашын сыйлоо керектиги киргизилген.

– универсалдуу эмес: мектепке карата милдеттер, партиялык милдеттер, динге карата милдеттер, үй-бүлөлүк милдеттер ж.б.

Адепке байланышпаган баалуулуктар: классикалык музыка, хор, джаз, рок-музыка, спорт, математика, балет, балык уулоо ж.б. кызыгуулар.

Профессор Б.П. Битинастын пикири боюнча моралдык баалуулуктар төмөнкү алты теориянын негизинде үйрөтүлөт:

1. Биологиялык теория: баалуулуктар балага ата-бабалардан ген аркылуу берилет, үй-бүлөлүк тарбияда калыптанат, ошондуктан мектеп аны өзгөртө албайт. Мектепке чейинки куракта гана аны түшүндүрсө болот. Бул теориянын негизинде неофрейдизм жана социал-дарвинизм жатат. Неофрейдизм – америкалык философиялык, психологиялык багыт. Ал 1930-жылы психоанализ, социологиялык, этнографиялык теория биригип пайда болгон.

2. Интеллектуалдык теория: Сократтын “Адептүүлүктү калыптандыруунун барынан маанилүүлүгү жөнүндөгү” оюнан, “Адамдын ойлонуусун өнүктүрүүгө, адептик позициясын калыптандырууга болот”-деген сөзүнөн кийин башталган. XX кылымдын 60-70-жылдары америкалык профессор Лоуренс: “Адам конкреттүү учурда жогорку адептик баалуулуктарды тандашы мүмкүн”, – деп эсептейт.

3. Рухий теория: “Ар бир адам (христианда, иудаизмде) бул дүйнөгө рухий абалы жакшы, (исламда) ыймандуу төрөлөт, бирок турмушта бузулат [21]. Мектептин милдети – баладагы баштапкы позитивдүү багытын (дээриндегисин) издөө, аны өнүктүрүү. Адамды адептик-рухий жактан цивилизациялуу коом бузду”. Бул теорияны Ж.Ж. Руссо уланткан. Ушул постулат христиан, иудаизм, ислам дининде камтылган. Христиан ишениминин экинчи жолу жаралышы (материалисттик, идеалисттик

теориядан кийин билим берүүгө кайра келиши) менен окуучунын табигатындагы жакшылыктарды “алып чыгуу” жана өнүктүрүү керек. Азыр бул теория Европада, Америкада, Азияда актуалдуу болууда.

4. Социалдык шартка (топко ыкташуу) ылайыкташуу теориясы: бул теорияда коомдун шартына ылайык тарбиялануу фактору негиздүү деп эсептелет. “Биздин адептик позициябызды кайсы коомдо жашасак, ошол коомдун адеби аныктайт”. Булар: үй-бүлөлөр, маданият, теңтуштар, элдин баалуулуктары ж.б. Эмгектик тарбияны биринчи орунга койгон элдер бар, жалкоо элдер бар. Социалдык шартка ылайыкташуу теориясында: ал жашаган элдин нормалары менен жашоо – адептүүлүк. “Кайсы элдин жерин жердесең, ошол элдин адебине көн”. Коммунисттик коллективизм теориясынын буга окшоштугу бар. Коммунисттик моралдын ийгиликсиздиги коллектив иштеп чыккан нормаларды педагог өзү жактырбаган, аны балдарга таңууланган коммунисттик мораль балдарга толук баалуу болгон эмес.

5. Жүрүм-турум теориясы же бихевиоризм. Бул теория академик И.П. Павловдун теориясынын негизинде түзүлгөн: “Баалуулуктардын өзү адамдын иш-аракетиндей, кылык-жоругундай анча маанилүү эмес, ошондуктан баланы жакшы жүрүм-турумга үйрөтүп коюу керек. Окуучунун жакшы жүрүм-турумун алкап, жаманын жазалоо жетиштүү. Бул мамиледе интернациалдаштыруунун б.а. ички мотивациянын, аң-сезимдин тиешеси жок, сырткы адаттар гана бар. Мындай тарбияга айрым квалификациясы төмөн педагогдор эле буга макул болбосо, көпчүлүк педагогдор теориялык жактан негиздүү эмес деп эсептешет. Чет өлкөлөрдө, мисалы Венелюкстун педагогикасында бихевиоризм кенен колдонулат.

6. Ишмердүүлүк теориясы: бул теорияда адамдын иш-аракети да, ички мотивациясы (ниети, нейили, аң-сезимдүүлүгү) маанилүү. Тарбиянын негизги фактору – окуучунун өзүнүн активдүүлүгү, реалдуу ишке катышы. Педагогдор окуучуга иш-аракет аркылуу адептик баалуулуктарды таанытат. Бала өзү жакшылык кылуудан ырахат алып, жамандыктын жагымсыздыгын сезиши керек. Окуучу жакшылыктын – моралдык милдет экендигин түшүнүшү маанилүү. Башкага жакшылык кылуу менен жагымдуу учур түзүлөрүн көрүшү, өзүн толук кандуу адам катары сезиши керек.

Моралдык чөйрөдө ар кандай тартип, эреже, жүрүм-турум нормалары, баалуулуктары, идеалы, адамдардын мүнөзүн баалоо бар. Бир элдин моралдык нормалары башка элге жакпайт. Гоббс: “Геометриянын аксиомалары коомдун (чөйрөнүн) кызыкчылыгына каршы болсо, аны жараксыз деп чыкмак”, – деген, б.а. моралдык чөйрөлөр так геометриянын аксиомасын да жараксызга айландырмак.

Окуучулардын адебинин калыптанышында педагогдун үлгүсү, рухий абалы анын этикалык насаат айтуусунан пайдалуураак. Сенека: “Жакшы үлгү балага таасир этип, жер шарын айланып, өзүнө кайрылат, жаман үлгү жамандыктын үрөнүн себүү менен, башына түшкөн балээге айланат”, -деген.

З.Н. Горожанкина окуучулардын адептүүлүгүнүн төмөнкү критерийлерин белгилейт:

– моралдын эрежелерин терең түшүнөт;

– адептик билгичтиктери көндүмдөрү, адаттары калыптанган, өнүгүү деңгээли жогору;

– татаал шартта туура моралдык багытты табат;

– принциптери бар, өзүнө, башкага туура талап коет, мүнөзү жакшы, жамааттагы ордун билет;

– адамдарды урматтоо менен адамгерчиликтүү мамиле кылат, ак ниеттүү;

– өзүнүн сапаттарын туура баалайт, уяттуу, намыстуу, кең пейил.

Адам өзүнүн кызыкчылыгын жакшы билет, педагогдун милдети окуучуну өз "көмөчүнө күл тартпай", альтруисттик иш-аракетке үйрөтүү. Бул – өтө узак, кыйын процесс. СССРдеги педагогдордун практикасы окуучуну жакшылык кылууга мажбурлай албасытыгына бизди ынандырган. Тарбияда тез ийгиликти жаратуу кыйын, бирок педагог мурункулардын кемчилигин кайталабас үчүн буларды билиши керек.

## Адептик- рухий тарбияда үй-бүлөнүн жана аялзатынын ролу

***(ата-энелер чогулушуна арналат)***

Тарбия үй-бүлөдөн башталат. Баланын эң биринчи тарбиячысы жана мугалими көбүнчө энеси болот. Балага билим алуунун, турмуштук маселелерди чечүүнүн жол-жоболору үй-бүлөдө үйрөтүлөт. Баланы тарбиялоодо атага караганда эненин эмгеги көбүрөөк. Баланын жер жүзүндө жылуулук табуучу жайы да – үй-бүлө. Анын дүйнө таануусунда, кесип тандоодо, коомдон ордун табууда, адептик-рухий жактан калыптанышында, идеологиялык багытын аныктоодо үй-бүлө чечүүчү роль ойнойт. Үй-бүлө – кичи мамлекет, улут – чоң мамлекет, кичи мамлекеттердин тарбиясы ийгиликтүү болгондо, чоң мамлекет өнүгөт. Педагогикалык адабияттарда үй-бүлөнү тарбия-таалим берүүчү институт деп аташы кокусунан эмес. "Үй-бүлө – татаал психологиялык түзүлүш" (В.С. Ковалев). Улуттун өсүшү же пас абалга жетиши коомдун кыздар тарбиясына көңүл бөлүнүшүнөн көз каранды. Анткени кыздар келечекте эне болушат. Балдарына жакшы тарбия берген эл өсөт. Балдарына камкордук көрбөгөн улут артта калат.

Жалпы билиминин, маданияттуулугунун деңгээлине жана адептик-рухий абалына жараша аялзатын жакшы, жаман деп бөлүшөт. Үй-бүлөлүк жана коомдук тарбияда жакшы аялдын оң, жаман аялдын терс таасири тиет. Жакшы аял моралдык жактан туруктуу, акыл-эси жетилген, адамгерчиликтүү, өз жубайына ишенимдүү, зээндүү, ыймандуу болот. Жаман аял эси жок, ыймансыз, ою пас, ниети жаман, ички дүйнөсү ыплас, оюндагысын бербеген, айткан сөзгө көнбөгөн, заардуу болот. Жакшы

аялзаты физикалык сулуулугу, ички назиктиги, сезимталдуулугу, кылдаттыгы, аң-сезимдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө мээримин төгүп, башкаларга пайдалуу болот. Жаман аял сырткы сулуулугуна камкордук көргөнү менен ички дүйнөсүнө камкордук көрбөгөн, рухий дүйнөсү жарды, өзү эч кимге пайдасыз, бирок башкалардын пайдасын көрүүнү каалайт. Жакшы аял энергиясын, күч-кубатын өз үй-бүлөсүнө, күйөөсүнө жумшап, калган убакта башкаларга жардам берет. Жаман аял күч-кубатын жеке кызыкчылыгына жетүүгө сарптайт. Жакшы аял элди тарбиялаган асыл зат болот, балдарынын жакшылыгын тилеп жашайт. Жаман аялдын өз кызыкчылыгы үй-бүлөсүнөн, баласынан жогору болот. Жакшы аял – үй-бүлөсүн, балдарын дөөлөткө, жаман аял – мээнетке, азапка тартып турат. Эси жок аялды дискотека, акча, той, сауна, мода ж.б. кызыктырат, акырындап аң-сезими төмөн абалга жетет. Эси жок аялдар – Жер жүзүндөгү көйгөйлөрдүн башаты.

Аялзатынын кадырлоого арзырлык эң баалуу сапаты – анын тазалыгы, пакизалыгы, айыпсыздыгы, ак ниеттүүлүгү. Бул сапаттарды кыз бала энеден көрбөсө, адептик-рухий дартка чалдыккан коомдон үйрөнүшү кыйын. Аялзаты баланы абийир менен ар-намыстуулукка тарбиялоого камкордук көрбөсө, улуттун абийирдүү ар-намыстуу болушу кыйын. Ошондуктан кыздар тарбиясына өзгөчө көңүл бөлүү керек. Өз тамырынан бөлүнгөн, рухий баалуулуктарды билбеген кыздарда баалуулуктардын иерерхиясы бузулат. Мындай кыздар калыссыздыкты – калыстык, чыккынчылыкты – туура, рухий пас абалды нормалдуу абал катары кабыл алышат. Жан дүйнөсүнүн серт абалын алар жетишкендик катары баалашат. Уяттуулук – күлкүнүн объектиси болуп, уятсыздыкты кол чабуу менен колдошот. Пакизалык, ички тазалык – алар үчүн артта калгандык болуп саналат. Улутту сүйүү – алар үчүн бечаралардын иши. Энеси өз маданиятын, баалуулуктарын жээрисе, баласы өз маданиятын, баалуулуктарын унутат. Өз маданиятынан кол үзбөгөн аялдын баласы гана улуттун маданиятынан, баалуулуктарынан кол үзбөйт. Жакшы аялдар өз маданиятынын, улутунун өсүшүнө тынымсыз салым кошуп келишкен.

Аялзаты ыймансыз, билимсиз, тарбия көрбөгөн, маданиятсыз болсо, балдарын караңгылыктын, түшүнүксүздүктүн, тартипсиздиктин, түркөйлүктүн, адепсиздиктин «сазына» өзү тартып турат. Андай үй-бүлөнүн балдары аң-сезимин агартууга, рухий өсүүгө умтулбайт. Ыймандуу, акыл-эстүү энелердин колунан тартиптүү балдар жетилет, алар аң-сезимин агартууга, рухий өсүүгө умтулат, абийир, уят, ар-намыс деген түшүнүктөр калыптанат. Кыргызда накыл сөз бар: Энеси жакшынын балдарынын баары

жакшы, атасы жакшынын бири жакшы. Энеси жамандын балдарынын баары жаман, атасы жамандын бири жаман. Атасы жаман аз-аздан оңолот, энеси жаман эзели оңолбойт.

Жакшы аял өз жубайына, үй-бүлөсүнө жан-дили менен берилет, жаман аял денесин, дилин айрым максаттар менен “ийгиликтүү” жигитке, саясатка, «идеяга» арноого даяр болуп, сексуалдык эркиндикти каалайт. Анын натыйжасы өтө коркунучтуу. Азыр өлкөбүздө кытай улутундагы адамдардан 17миң баланы кыргыз кыздары төрөп беришкен (К.Ташиевдин докладынан алынды, 2010). Мындай темп менен кытайдын балдарын кыргыз кыздары төрөй берсе, кыргыз жерин Кытай согушу жок эле ассимиляциялап, ээлегени турат. Кудай өзү андан сактасын. КРдагы Америкалык базада кызмат кылгандардын турмушун орус режиссеру А.Б. Сидоров тартып алган. Ал документалдык тасмада кыргыз кыздары арзан баадагы сексуалдык өнөктөш болору белгиленет. Америкалык жоокер бийлеп жаткан кыргыз кыздардын чекесинен бирин кучактаса, кыргыз кыздын каткырып күлгөнүн көрсөтөт, биз үчүн бул – оор трагедия. Дене талабына эркиндик берген аялзаты кечки барбана сыяктуу жарыктык издеп “канатын” күйгүзөт. Кыздарыбыз кореец, еврей, немец ж.б. улуттагы, башка расадагы, башка ишенимдеги жигиттерге турмушка чыгып жатышат. Кыргыздар башка ишенимдеги улутка кыздарын берчү эмес. Кыздары өз улутундагы жигиттерди сүйбөсө, аларды ким сүйөт? Анда кыргыз кызынын Ата Мекенди сүйгөндүгү кайсы? Кыздары өз элинин душманына денесин сатса, бечара эркектер Ата Мекенин кантип коргойт? Жакшы аялзаты өз Ата Мекенинин алдындагы жоопкерчилигин билиши керек, Ата Мекендин кызыкчылыгын материалдык кызыкчылыкка сатпаш керек. Жүрөгүндө Ата Мекенге сүйүүсү жок кыздар элине карата ырайымсыздыкка жөндөмдүү болушат. Биз кыздар тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлбөй жаткандыгыбызга бул фактылар күбө боло алат.

Жакшы аялзаты жүрөктү жылытат, үй-бүлөдөгү адамдардын жүрөгүн жумшартат, кайын журту үчүн камкордук көрүп, ыйман тилейт. Туугандарына жакшылык жасоого умтулат, жамандыктан коргойт, демиңе дем кошот, өмүрдүн узарышына себепкер болот. Сыйлуу тамагын конокко арнап, өзүнө керектүү өлчөмдө сарптайт. Жаман аял күйөөсүнүн, кайын журтунун жашоосун азапка салат, чыры көп болот. Күйөөсүнүн таап келген тамак-ашынын сыйлуусун өзү жеп, 20-30%ын чиритип, ыргытат. Конокторго берээр тамагы чектелүү болот. Жалаяк жуугусу келбей, күнүгө памперске 30-50 сом сарптайт. Эки жуманын биринде төркүнүнө барат. Аялзатынын жүрөгүндө сезимдери, мээсиндеги ою тартипке келбесе, үй-бүлөдө, коомдо тартипсиздик, көйгөйлөр боло берет. Жакшы кыз (аял) коомго, үй-бүлөгө

пайдалуу адам болуу жөнүндө ойлонот. Жаман кыз (аял) коомдун, башкалардын пайдасын көрүү жөнүндө ойлонот.

Өз балдарын башка улуттагы элдерге тарбиялоого берген эл, өз маданиятынан ажырайт. Өз балдарына өзү камкордук көрбөгөн, тарбиялабаган элдин келечеги кең болбойт. Өз укугун эркекке теңейм деп, өз балдарынын тарбиясына камкордук көрбөй, жулунган албуут аялдардын көпчүлүгү коомго зыяндуу. Ал күйөсүнөн көз карандылыктан "кутулат", бирок анын балдары көз карандылыктын көп түрлөрүнө келишүүдө. Азыр тамекиден, аракечтиктен, баңгиликтен, медикаменттен, каражаттан, (башка өлкөнүн адамынын) аң-сезиминен көз каранды жаштар бар. Бизде саясый, идеологиялык, экономикалык ж.б. көз карандылык деген түшүнүк бар. Кыргыз балдарын башка маданияттагы, ишенимдеги адамдарга, чет элдик билим берүүчү мекемелерге тарбиялоого беришин аялзаты өз милдетин жеткиликтүү аткарбай, балдарын тарбиялабай калгандыгына күбө катары келтирүүгө болот.

«Ырас, аялдар коомдо чоң күч, бирок арасында бар, анда-санда ак кол, ак чүч» демекчи, биздин коомдо ыймансыз, тарбия көрбөгөн, билимдүү аялдар бар. Алар өтө коркунучтуу. Ыймансыз өтө билимдүү аялдардын амалын образдуу айтсак, «алтымыш төөгө жүктөсө көтөрө алгыс» болот. Алар Ата Мекенге зыяндуу иштерди кыла берет, кылмыштуу ишти ушунчалык кылдат, тыкан, профессионалдуу жасашат, аны он чакты милиция биригип далилдеши кыйын. Азыр далилдениши кыйын криминалдык иштер бар. Көчөлөрдө балдарыбызды башка динге, сектага (иеговизмге, баптизмге, кришнаизмге ж.б.) үгүттөп жүргөн кыргыз аялдар бар. Башка өлкөнүн акчасына сатылып, саясый чөйрөнү ичтен былгытып, өз оокатын кылып жүргөн аялдар бар. Билим берүү системасын ичинен тымызын бүлдүрүүгө салым кошкон аялдар бар. Алар – акылдуунун сөзүн түшүнүүгө жөндөмсүз, акча бергендердин кызыкчылыгын коргогон, безилдеп «тили буудай кууруган» зомби сыяктуу. Азыр күйөдөн, закондон, бийликтен, Кудайдан да корпогон аялдар бар. Өз керт башынын кызыкчылыгын ойлоп, үй-бүлөнү сактап калууга камкордук көрбөгөн, жүрүм-туруму, мүнөзү начар аялзаты – азыркы коомдун көйгөйү, шору болууда. Алар – ушак сөздүн булагы, өлкөнүн дестабилдештирүүнүн себеби, бактысыздыктын үрөнүн себүүчүлөр. 2010-жылдын 10 айында КРда 1000дей митинг болгон. Ал жерде аялдар «активдүү» аралашып жүргөн. Коомдон ордун табам, кызмат кылам деген аялдар, эркектин милдетин «мойнуна алган», алардын көпчүлүгү өз үй-бүлөсүндөгү тарбия маселесин, өзгөчө кыздар тарбиясын сапаттуу аткара албай калышты. Анын натыйжасында

кырсык, ажырашуу, оору, өлүм, зордук көбөйүүдө. Ынтымагы жок үй-бүлөлөрдүн 40% көбүнчө келиндердин демилгеси менен ажырашып алышты (2010). 2008-жылы беш жашка чыга элек 40миң бала чарчаган (өлгөн). Аялдарга жана балдарга карата катталган кылмыштардын саны – 33277, анын ичинен өзгөчө оор кылмыштар 22090 (2005). Булардын арасында бейкүнөө бечаралар да бар. Балдардын психикалык көйгөйлөрү көбөйдү. Үй-бүлөнүн куту, очогун сактоочу көбүнчө аялзаты болуп келген. Буга эркектердин күнөөсү жок деген ойдон биз алыспыз.

Россияда физикалык, психикалык, сексуалдык зордукка дуушар болгон өспүрүмдөр 40% га жетти, КРда 26% түзөт. Башкы прокуратуранын маалыматы боюнча 2010-жылы жашы жете элек кыздарга карата зордуктоо фактылары 75, 2011-жылы 80, 2012-жылдын 9айында 116 катталган. Анын 67си 10 жашка чыга элек наристелер. Катталбаган фактылар канча экени белгисиз. Ит да күчүктү зордуктабайт. Жакында Бишкек шаарында 9 жыл бою өгөй кызын зордуктап жүргөн адам кармалган. (Н.Абдыкадыров. Зордук. Супер инфо №526, ноябрь. 2012). Зордуктоо фактыларга албетте, көбүнчө эркек күнөөлүү. Аны соттоп, жазалайбыз, бирок андан зордуктоо фактылары азайбай жатат. Биздин энелерибиз бешиктеги кыздын денесиндеги уяттуу жерин эркекке көрсөтпөй бакчу, далда жерди таап тосчу. Уяттуу жерин жаап кийиндирчү. Ар балээден коргоп, “канаты менен калкалачу”. Кызга кырк үйдөн тыюу салынчу. Азыр мунун бары калган, кызын атасына таштап, соода кылган аялдар көбөйгөн. Эненин тарбиясынан өксүктүү кыздар курсагын, төшүн көрсөтүп, басып жүрүшөт. Көчөдө бүгүн бир жигит, эртеси башка жигит менен өбүшкөн кыздар бар. Айлап, жылдап аялы сыртта жүргөн эркектер мас же соо абалда ээн калган кызды зордуктап жатышат. Айрым учурда «кунаажын көзүн сүзүп, бука жибин үзүп коёт», анан биз эркекти күнөөлөп, соттойбуз. Азаттык радиосунун 19-20.07. күндөгү билдирүүсүнө караганда 2011-жылы Москва шаарында кыргыз кыздары 200 бала төрөп, айрымдарын өлтүрүп, айрымдарын таштап салышкан. Жылан да баласын өлтүрбөйт. Соо аял баласын таштабайт. Жаңы жөжөлөгөн тоок да жөжөсүн коргоп, иттен куткарып калат. Жырткыч да баласын коргойт. Булар – оорукчал келиндер. Коом рухий сыркоо абалга жетти. Аялзатына ушундай баадагы «эркиндиктин» кереги бар беле? Аң-сезими соо келин баласы үчүн жанын берүүгө даяр болот. «Г» аттуу келин 4 баласын өрттөн сактап, өзү каза болгон. Атасынын төрүндө өзүн урматтаган нарктуу кыздын боюна бүтчү эмес. Биз оокатыбыз өтпөй калды деп ыйлактайбыз. Согуштан кийинки жылдардагы кыргыздын жашоосу азыркыдан начар болгон, бирок эл ыйлактабай кыйынчылыкты жеңип кетишкен. Кыздарынын тагдырын ойлоп,

ыйлай турган энелер көп болсо, кыздарыбыз мындай абалда калбайт эле. Мындай фактылар биздин кыздар тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлбөй жатканыбызга далил болот.

Техногендик цивилизациянын таасири менен коомдо аракечтик, сойкулук, баңгилик, суицид, ажырашуу ж.б. илдеттер көбөйгөн. Мисалы, 1982-92-жылдары Казакстанда ажырашуу 2%, орустарда 21-24%, 1992-97-жылдары казактарда 7-12%, орустарда 43-47% түздү. Азыр бул көрсөткүч казактарда ошол бойдон калды, орустарда 2005-жылы 22% болуп азайган. Себеби эмнеде? Себеби казак улутунда турмушка жеңил караган жаштар көбөйүп, ата-эненин, коомчулуктун, диндин үй-бүлө ынтымагын сактоодо таасирин жоготкон. (Мацкевич И.К. Казакская семья: контекст для этнопедагогического подхода. В кн. Этнопсихология жэнэ этнопедагогика. Алматы. “Казак университети”. 2007. 39-б). Илгери кыргыз-казакта ажырашуу уят болуп эсептелген. Ажырашкан жаштар айылда баш көтөрүп жүрө алган эмес, андай үй-бүлөнү уруу башчылары, аксакалдар жараштырып койчу. Азыр кыргызда үй-бүлөнүн ¼ ажарышкан же ажырашуу алдында турат же “жарандык нике” деген болор-болбос нерсе менен кармалып турат.

Аялзатынын никесиз төрөшүнө элдин мамилеси кандай, ошого көңүл бөлөлү. Түркиянын 86,3%, Египеттин 95%, Ирандын 79,9%, Кыргызстандын 80,9%, АКШнын 43,4%, Франциянын 27,4% мамилеси терс экендигин билдиришкен. Адамдын табигатына жат нерсеге умтулуу – жаман адамдын белгиси. Мисалы, феминизм, аялдын эмансипацияланышы. Эмансипация аялзатынын табигатын деформациялап, аны эркекке тең кылам деп отуруп, кем кылуучу нерсе. Мисалы, «А» аттуу аял үй-бүлө күтпөй, партиянын райондук комитетинде кызмат кылды. Катуу, өжөр мүнөз күттү, бийликке жетүүнү гана ойлоду. Баалуулуктары анын кызыкчылыгы менен өлчөндү. Өзү үчүн жашады. Система кулаган кезде карылыкка жетти, психикалык дартка чалдыкты. Ал эми «Б» атту аял он баласын окутуп, тарбиялап чоңойтту. Көп кыйынчылыктарды башынан өткөрдү, бирок балдарынын билимдүү, тартиптүү болушуна бардык күч-кубатын жумшады. Кыйынчылыктарды жеңип, ал бактылуу карылыкка жетти. Өз табигатындагы сапаттарды сактап калганда гана аялзаты нарктуулукка жетет. Андай деңгээлге көтөрүлө албаган аялзаты урмат-сыйга татыксыз болуп калат.

Жакшы аялдын белгиси никелүү үй-бүлө курат, анткени никесиз союз эртеңки жетимдер үйүнүн, кароосуз калган балдардын, абորттун санын көбөйтөт. Анда психикалык, соматикалык көйгөйлөр көбөйөт, жармач улут пайда болот. Азыр аскерге алууга жараксыз балдар көбөйдү. Улутубуз

жармач абалга жетүүдө. Өз балдарына мээрим төгүп, тарбия-таалим берген, үй-бүлөнү кичи борборго айландырган ата-энелер улуттун өсүшүнө салым кошот. Баланын жашоосун бактылуу кылып, коомдо тынчтыктын, бейпилдиктин гаранты болот. Сыртынан жөнөкөй көрүнгөн, бирок ички тазалыкты, рухий сулуулугун сактап калган аялдардын өзгөчө баалуулугун акындар түгөтө албай айтып, даңазалап келе жатышат. Аялзатынын сырткы сулуулугу гана бааланса макияж, грим жасаган аялдар барктуу болмок. Аларды акындар бүгүн жыттуу көрүнүп, соолуганда мусорго ыргытылчу роза гүлүнө салыштырышат. «Сулуу, адепсиз, түркөй аял – кызыл-тазыл канаты бар тотукушка окшош»,-деген Я.А. Коменский.

Аялы жакшы болсо, жаман эркек орто, орто эркек жакшы, жакшы эркек эң жакшы болот. Аялы жакшы эркектин жашоосу ырахаттуу, аялы жамандын жашоосу азаптуу. Мисалы, Клара Самсалиева эже жетимдер үйүндө тарбияланган жигитке турмушка чыккан. Ал үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган аракетчил келин эле. Өмүрлүк жолдошунун кыйынчылыгын чогуу көтөрдү, анын оң колу, жакшы кеңешчиси, жөлөгү болду. Күйөөсү Т.М. Мырзаев ак эмгеги менен министрлик кызматка жеткен. Күйөөсүнүн алыскы туугандарынын жардамга муктаж ондогон балдарын өз балдарындай багып, тарбиялап, ЖОЖдордо окутушту. «Жакшы болсо катының, табыла берет акылың, кууса да кетпейт жакының». Аялы жаман болсо, жакшы эркек орто, орто эркек жаман болот. Мисалы, «Ж» аттуу кыз Политехникалык институтта жаңыдан иштеп жаткан мугалими «Б» ны жактырып калат, амалын таап, ага турмушка чыгат. «Мугалимдин айлыгы аз экен, пайдалуу бизнес кыл» деп «Б»га кеңеш берет. Күйөөсү соода кылып, эки этаж үй курат. Анда «Ж» 45миң сомдук куртка, 8миң сомдук туфли, өзгөчө кийимдерди киет, кечелерге барууну эңсейт. Күйөсүн атасынан, бир туугандарынан бөлүүнүн амалын табат. Эри ичкиликке көнөт. Күйөсүнүн акчасын уурдап төркүнүнө берет. Көзү ачыктарга барып, сууга дуба окутуп күйөсүнө берет. Эри кризиске келгенде эки этаж үйүн саттырат. «Б» нын акчасы түгөнгөндөн кийин ажырашып алат. Ал башкага үйлөнүп оокатын кылайын десе, баягыдай эле жашоосуна кийлигишип, эски адатын койбойт. Ошентип, алтын медаль, кызыл диплом менен институтту бүтүргөн, математика боюнча студенттердин Евразиялык олимпиадасында үчүнчү орунду, СССРда биринчи оорунду ээлеген таланттуу, билимдүү, ак көңүл жигит 42 жашында дүйнөдөн кайтты. «Жаман болсо катының, табылбай калат акылың, чакырса келбейт жакының», «Койнуңда жатып билинбейт, катындан өткөн душман жок», «Аялдын чачы узун, акылы кыска»,-деп аялынан күйгөн кыргыздар айтышкан.

Жакшы, жаман аял жөнүндө кыргызда макал-лакаптар көп. Жаман катын алгыча, бойдок жүргүн өлгүчө. Жаман катын үзүлбөс тасма, андай тасманы белиңе аспа. Жаман аял терисин жыттабай иттен көрөт, башын жуубай биттен көрөт. Катын жакшысы эрине күйөт, эр жакшысы элине күйөт. Жаман катындын тууганы келсе, күндө күрүч, эринин тууганы келсе, күндө уруш. Аялдар жакшы болсо, эли бактылуу болот. Катыны жакшынын өзү куттуу. Аял жакшы – эр жакшы, вазир жакшы – хан жакшы, Аялы жакшынын ырысы мол, аялы жамандын кайгысы зор. Аялдын анткору улуу болбой, кичүү болот. Адептүү аял ачуулуу болбойт, ачуулуу аял таттуу турмушту бузат. Аялдын жаманы атыңды булгайт, эрдин жаманы элди булгайт. Жаман жигит той бузат, жаман аял үй бузат. Жакшы аял акмакты адам, жаманды жакшы, бактысызды бактылуу кылат. Жакшы аял – ырыс, жаман аял – уруш. Жакшы аял бир айыл элди агартат, жаман аял чачын агартат. Жакшы болсо алганың, жаркылдаган кушка окшош, атыр жыттуу гүлгө окшош, жаман болсо алганың, алдыңан өткөн сызга окшош. (Кыргыз макал, лакаптары, учкул сөздөрү. Жыйнаган М. Ибраимов. Б. 2008)

Азыркы коомдо агрессивдүүлүгү жогору аялдар көбөйгөн. Эмненин натыйжасында аялдын агрессивдүүлүгү жогорулап кетет? Туура эмес этикалык системанын негизинде жашаса, биринчи орунда материалдык баалулуктар туруп, рухий баалуулуктарга маани берилбесе, адашкан коомдо жашаса, аялдын агрессивдүүлүгү жогорулап кетет. Анткени акчага, байлыкка, бийликке жетүүдөгү кыйынчылыктар адамдын ачуусун келтирет. «Батышта бизнеси ийгиликтүү жүргөн, бир нече сексуалдык өнөктөш күткөн аялдар бар. Батыштын этикасынын негизинде тарбияланган аялдардын көпчүлүгүнүн агрессивдүүлүгү жогору, анын натыйжасында эрине чыдагысы келбейт, сексуалдык эркиндикти каалайт.» (Лиуза Хей. Новейщая энциклопедия здоровья и счатья. М., 2002). Кыргызда мындай «эркиндик» айыпталып келген. «Өзүн өзү билип, өтүгүн төрүнө илип», эмнени каалаcа, ошону кылып алгандан кийин аялдын текеберчилиги өсө берет. Батышты тууpаган аялдар балээге кабылышууда. Азыр кыргызда эркекти тоотпогон, өзүн эркектен жогору койгон, эркекти жек көргөн аялдар бар. «Адамды жек көрүү көбөйгөн коомдо оору, травма, кырсык, бактысыз окуя көп болот. Анда адамдардын (элдин) энергиясы төмөндөп, эмоционалдык жактан чарчайт. Дилдин кеселдиги (депрессия, невроз ж.б.) арбыйт. Жашоосу маанисиз болгондуктан, жашоого кызыкчылыгы төмөндөйт. Андай коомдун тагдыры тайкы болот, балдарынын жашап кетүү мүмкүнчүлүгү төмөндөп, суицид өсөт. Эл бири-бирин айыптайт. Адамды айыптоо, жамандоо – аны жок кылууга багытталган программа. Адамды жок кылууга багытталган

программа – өзүн жок кылуучу программага өтүп кетет. Ал онкологиялык дарттын, менингиттин, эпилепсиянын, инсульттун ж.б. оорулардын, суициддин, травманын себеби. Текебер аялдардан көбүнчө майып балдар төрөлөт. Батышта майып балдар көп болгондуктан, инклюзивдүү билим берүү нормага айланган. Медицина илими муну токтото албай калган (С.Н. Лазарев. Диагностика кармы. СПб. 2000).

Жакшы аялдын каалоосу аз, пайдасы көп, жаман аялдын каалоосу (мода, шерине, кече ж.б.) көп, кирешесинен жогору, балалуу болууну каалабайт. Азыркы коомдун экономикалык, адептик-рухий, кризиске келишине, психикалык көйгөйлөрдүн көбөйүшүнө биздин (аялдардын) күнөөбүз көбүрөөк, анткени аялдар элдин 52%ын түзөт. Теңдикти алгандан кийин жоопкерчиликти кошо алыш керек. Ушундай «эркиндиктен» көрө аял үйдүн куту бойдон калып, үй-бүлөлүк тарбияга көңүл бөлсө, үй-бүлөлөр соо болсо, коом соо болот эле. Медицина илиминин доктору М.Серкебаев «Азыр Казакстанда бир жылда жарым миллион аборт жасалат. Биз дүйнө жүзүнүн педагогдорун алып келсек да, мындай ыймансыздыктан кутула албай калдык. Мектептерде диний билим берүү аркылуу гана мындан кутулушубуз мүмкүн»,-дейт. Балким бизге да мектептерге дин таануу билимине жол ачууга мезгил жетти. Аялдардын, эркектердин ыймансыздыгы үчүн балдары запкы жеп жатат. Физикалык, психикалык зордукту көргөн, психикалык, соматикалык проблемага келген балдарга ким жардам берет? Алар кантип жашап кетишет? Балдары ушундай кыйынчылыкта жашап жатса, КРда спирт ичимдигин ичкендер – 2,3 миллион, алкоголиктер – 100миң (2011). Ичкиликке азгырган аялдар аз эмес. Мындай жаман адатка көнгөн элди ким токтотот, кантип токтотот? Оруста макал бар, «сам ни гам, и другим не дам», булар илимий жол менен оңой чечиле койчу маселе эмес, дүйнө жүзү муну токтото албай калгандыктан, акыл-эстүүлүк кылып мектептерде диний тарбия-таалимге жол берилди. Биздин Республиканын интеллигенциясы муну түшүнсө жакшы болот эле.

Эркекти сыйлуу такка чыгарууда аялдын ролу чоң. Ааламдын каршылыгына туруштук берген эркек бир аялга баш иет. Эри үчүн азап тартпаган, эси жок аял жакшы жар эмес. Күйөөсүнүн азабын тең бөлүшкөн – аялзаттын асылы. Кыздарыбыздын (аялдардын) баары эле рухий дартка чалдыккан жери жок. Ыймандуу аялдар (кыздар) болгон үчүн эл катары саталып турабыз. Төрөттөн кийин келинине камкордук көрүп, баласына каралашып, кырк күн тамак бышырган кайнелелер бар. Келинин кызындай сүйгөн кайненелер, кайненесин энесиндей сүйгөн келиндер бар. Жөнөкөйлүгү, кадыреселиги,

жасалмасыздыгы, сабырдуулугу башкалардан айырмаланып турган келиндер бар.

Келинди темирден жасалган куурчактай көрүп, ырайымсыз мамиле кылып, кулдай жумшаган кайненелер, эркектер бар. Эки ставка жумуш иштесе да, үй-бүлөдөгү бардык түйшүктү келиндин мойнуна жүктөгөн үй-бүлөлөр бар. Сегиз айлык боюнда бар келинге үйдү ремонттоткон күйөлөр бар. Оор жумуштан ооруга чалдыккан, психикалык, соматикалык проблеманы жеңе албай, боюнан түшкөн келиндер бар. Көтөрө албай калганда жашырынып, ыйлаган бечара кыздарыбыз бар. Кычыраган кыштын чилдесинде төрөт үйүнөн чыгып келген келинге терезе пардаларды, шейшептерди жуудурган ырайымсыз кайненелер бар. Бели ооруп, эмчегине суук тийген, маститтен операция болгон келиндер бар. Ошондо да үй-бүлөсүнө сөз тийгизбей, жашырган, чыдаган кыздарыбыз бар. Анткени: “Жаман нерсе көрүүдө, капкараңгы түндөй бол. Жакшылык кылууда, тийип турган Күндөй бол. Таза болсоң суудай бол, барын жууп кетирген, күчтүү болсоң Жердей бол, баарын чыдап көтөргөн. Кандай болсоң ошондой көрүн, кандай көрүнсөн ошондой бол” . “Көтөрүмдүүлөр жеңишке жетет, качандыр бир мезгилде жеңишке жетесиң”,- деп апасы Руминин насаатын айтчу. Убагында ыймандуу кыз болсо, кийин ыйбалуу келин болот. Көп үй-бүлөлөрдүн көйгөйүн мыкты келиндер чечип жатышат. Коомдогу көп маселелерди мыкты аялдар чечип жатышат. Жаз мезгили ушундай келиндердин жаштыгына окшош. Кыйналганда келиндин төккөн көз жашы үй-бүлөнү гүлдөтө турган жаан-чачынга окшош. Анын төккөн мээрими жаздагы бак-дарактын бүчүрлөрүнө тийген Күндүн нуру сыяктуу. Мээримден үй-бүлөнүн көңүлү көтөрүлүп, жашоо жазга айланып бара жаткандай көрүнөт.

Кыз – башка үйдүн жарыгы. Кызга жакшы тарбия берилбесе, жакшы келин чыкпайт. Келин жакшы болмоюнча, жакшы бала төрөлбөйт. Эне (аял) оңолбосо, коом оңолбойт, үйгө кут конбойт, үй-бүлөлөр куттуу болбосо, мамлекет куттуу болбойт. “Тарбия эне менен кошо пайда болгон. Элдик педагогиканын негизги каармани – эне. Педагогика энесиз бир кадам жасай алмак эмес” (Г.Н. Волков). Анын энелик жүрөгүсүз балада жаркын келечекти элестетүү мүмкүн эмес. Эненин сүйүүсүн көрбөгөн баланын жүрөгү таш сыяктуу.

Ынтымактуу, үлгүлүү үй-бүлөлөрдү көбүрөөк сүйлөп, үй-бүлөлүк мыкты тажрыйбаны пропагандалоо жакшы натыйжа берет. Үй-бүлө – баланын ар балээден негизги коргоочусу, ал ата-бабалардын рухий мурасын

балага жеткирип, ички маданиятын калыптандырат. Толук үй-бүлөдөн туура тарбия көргөн балдардын дили (психикасы) соо, адеби – ырааттуу, мүнөзү оор басырыктуу, ниети таза, өз позициясы бар болот.

Аялзаты үй-бүлөнүн жүрөгү сыяктуу, эркек мээси сыяктуу. Үй-бүлөлүк жана кыздар тарбиясына өзгөчө көңүл бөлөлү. Аялзатына ырайымдуу мамиле кылалы. Ыймандуу, мыкты кыздарды көбөйсүн, оң жолго түшөлү. Кыздарды башка өлкөнүн жаранына тарбиялатпай, өзүбүз тарбиялайлы. Элдик тарбиялык системаны калыбына келтирели. Үй-бүлөлөр толук болсун! Эркектер акылдуу, аялдар мээримдүү болсун, балдар үй-бүлөлөрдө корголсун. Кудай мыкты аялдарга кубат берсин! Балдарыбыздын келечеги кең, түбөлүгү түз, жашоосу бактылуу болсун!

*“Илимди үйрөнүү үчүн сабакта өткөн материалды эстеп калуу, кайталоо керек, тарбияда болсо, өткөндүн каталарын кайталабоо үчүн билим, эске тутуу зарыл” В.О. Ключевский.*

## II бөлүм. ТАРБИЯ СААТТАРЫНЫН ИШТЕЛМЕЛЕРИ

### Үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө камкордук көрүү

**Сабактын максаты:** Адамдын жашоосунда үй-бүлөнүн маанисин түшүндүрүү. Жүрөктүн тазалыгынын, ички дүйнөнүн бейпилдигинин, мээримдүүлүктүн маанисин түшүндүрүү. Жаман адаттын адамдын өзүнө, үй-бүлөгө, коомго зыяндуулугун түшүндүрүү.

**Сабактын жабдылышы: кум, темирдин таарындылары, магнит, лупа.**

**Жаңы тема:** Элибизде “Үй-бүлө – капкалуу шаар”-деп айтылат. Үй-бүлөнүн турмушун шаардык жашоого салыштырууда аша чапкандык жок. Шаар – тарыхы бар, турмушу түрдүү окуяны ичине камтыган, татаал инфраструктуралуу, ыры да, сыры да, сыйы да, чыры да бар калаа. Мында үй-бүлөнүн жашоо мыйзамы, тиричилик-турмушу, рухий дөөлөтү чагылып турат. Шаардын таалим-тарбия берүүчү мекеме-уюмдары, окуу жайлары өскөн сайын адамдардын жан дүйнөсү жаңырып турган. Үй-бүлөнүн уникалдуулугу да таалим-тарбия аркылуу мүнөздөлөт. Үй-бүлөдө адамдын дээри, зээндүүлүгү калыптанат, ата-тегин улап, коомдун акыл-эси жана адептик билими үй-бүлөлүк тарбия аркылуу асылдандырылып келген. Бүлөгерлик сапатка адамды даярдоочу мекеме – үй-бүлө, үй-бүлөлүк тарбия бардык адамга зарыл.

“Жакшы бүлө – кут, жаман бүлө – жут” экендиги эл ичинде айтылып келген. Аял-эркек аң-сезимин өнүктүрүү менен, улам жаңы заман жараткан рухий ооруларга даба таап, табигый, коомдук маселелерди чечүүгө өбөлгө

болуп, адам баласын ар кандай алааматтан калкалап, коргоп келе жаткан куттуу туур – бул үй-бүлө.

Биздин доорго чейин үй-бүлө далай өзгөрүп келген. Көп никелүү (полигамия) коомдон бир никелүү коомго, кандаш, тектеш адамдардын никелешүүсүнө жол берген адаттан (эндогамия), ага тыюу салган салтка (экзогамия), аял бийлик кылган доордон (матриархат), эркек бийлик жүргүзгөн (патриархат) доорго чейин ар кандай азаптуу турмушту башынан кечирген. Азыр илимпоздор үй-бүлөдө эркек же аял эмес, экөө бирдей, тең укукка ээ болгон биархат (bi-эки, arche-бийлик) заманы келгенин айтышууда. Атүгүл айрым өлкөлөрдө эки жыныстагы (гетерогендик) эмес, бир жыныстагы (гомогендик) адамдардын никелешүү маселелери кыйгач коюлууда. Ушунун баары үй-бүлө мезгил сынагына түшүп, доор мүшкүлүн башынан кечирип жаткандыгын күбөлөндүрөт.

Үй-бүлөнүн ушул түрлөрүнүн адам баласына туурасы кайсы? Тектеш (тууган) эмес кыз-жигиттин үй-бүлө түзүшү туура. Кыргызда: “Өз айлынан аял алгандын тукуму – күйпүл күчүк, кыр ашып алгандын тукуму – карышкыр, ашуу ашып алгандын тукуму – арстан болот”, – деп айтылат. Бир жыныстуулардан түзүлгөн үй-бүлө, адамзаттын тукум-курут болушуна, рухий жана психикалык проблемалардын көбөйүшүнө себеп болот. Жакын (кандаш, тектеш) туугандар үйлөнүшсө, балдары физикалык, психикалык проблемалуу төрөлүшөт. Көп никелүүлүк моралдык-рухий көйгөйлөрдү пайда кылат.

Үй-бүлөнү бири-бирин жактырган эки жар түзөт. Жактырган адамы табылса, “теңин тапты” деп коюшат, бирок дүйнөдө бири-бирине тең, барабар эч нерсе болбойт. “Беш кол тең эмес”. Эгер жигит (кыз) башка адамды өзүнөн артык деп баалабаса, сүйүү, баш кошуу болмок эмес. Кыргызда: “Бири кем дүйнө” деп бекеринен айтылган эмес. Муну түшүнгөн жаштар болгонго каниет кылып, бири-бирине кечиримдүү болуп жашап кетишет. Адамдын ушундай таза сезимине курсант болуп, кемтигин толтуруу үчүн Жаратkандын үй-бүлөгө ыйгарган белеги – бала. Бала эки жаштын ак сүйүүсүнөн жаралган – асыл данек. Бала – Жаратkандын адамды өнүктүрүүгө берген чоң мүмкүнчүлүгү, үй-бүлөгө жиберилген сыноо. “Балам, балалуу болгондо билесиң”, – деп бекеринен айтылган эмес. Адам балалуу болгондо өзүндөгү жашыруун сырларды, шык-жөндөмүн, белгисиз күчтөрдү ачат. Адамдын жаңы социалдык, моралдык-этикалык, бүлөгерлик сезимдери ойгонот же ар кандай шылтоо менен бул оор милдетти аткаруудан качат. Милдетин аткаруудан качканы адам катары өнүгүүдөн куру калат. Жубайлар бала деп жашаса, алардын жеке тагдыры үй-бүлөнүн турмушуна жуурулушат.

Илгери кыргыздар аялы каза болсо, балдызына үйлөндүрүп (сорорат) койчу, күйөөсү өтүп кетсе, кайнисине нике (левират) кыйган. Бул – бала бөтөн үй-бүлөдө кор болбосун деп, элдин балага камкордугунан келип чыккан салт. Бир үйдө үч муундагы (чоң ата, ата, небере) чогуу жашап, үй-бүлөнүн тышкы түйшүгүн ата, ички түйшүгүн эне тартып, бала тарбиялоо

милдети чоң ата, чоң энеге жүктөлгөн. “Келиндин боюна бүтсө, кемпирдин жонуна бүтөт”. Кыргыздардын мындай жашоо тартиби анын мүчөлөрүнүн барын канааттандыргандыктан, чыр-чатак аз болгон. Үй-бүлөгө баланын келиши – бакыттын келиши сыяктуу бааланып, бешик той берилген, тууган-уруктун, кошуналардын, элдин батасын алчу. “Бата менен эл көгөрөт”. Кыргыздар бата алып жашаган мезгилде, бала ата-эненин, чоң ата, чоң эненин тарбиясын көрүп чоңоюп турганда депрессия, апатия деген түшүнүк болгон эмес. Бактылуу болуп, бакубат жашоо үчүн үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн адеп-ахлагы жакшы болуш керек. Ошондуктан “Кекчил болбо, эпчил бол” (кара мүртөз болбой, кечиримдүү бол) деп айтылып келген [15].

Үй-бүлө – кичи мамалекет. Мамлекетте эки президент болбойт. Азыр үй-бүлөдө ким лидер болуш керек, аялбы же эркекпи?-деген суроо маанилүү болууда.  Үйдөгү маселелерди чечүүгө караганда сырттагы маселелерди чечүү оор болот. Үйдөн колдоо тапкан эркек сырттагы маселени жеңил чечет. Үйдө лидерлик позицияга ээ болбогон эркекке сыртта чечкиндүү болуш кыйын. Эркектери чечкиндүү эмес улуттар (курддар, цыгандар, уйгурлар ж.б.) мамлекеттүүлүктү түзө албай келе жатышат, анткени эркектердин лидердик сапаты өнүкпөй калган. Мамлекеттүүлүктү эркектер түзүп, Ата Мекенди эркектер коргоп келишкен.  Эркектери нарксыз болсо, улут нарксыз болот. Ойлонолу.

Тилекке каршы азыр үй-бүлөнүн салттуу дөөлөттөрү өзгөрүп, жарандык нике, контракттык нике сыяктуу түрлөрү турмушубузга кире баштады. Үй-бүлө түзгөнгө чейин жаштар бири-бирин жактырышып, кошулгандан кийин “эркиндик”, “тендик”, “гендердик укук” ж.б. маселе боюнча талаш жаралууда. Бул ажырашууга себеп болууда. “Теңдикке жетем” деген  “жүйө” менен үй-бүлөлөр бөлүнүүдө. Үй-бүлө түзүүнүн башкы максаты  – тукум улоо, артында соо урпак калтыруу, жер жүзүндө бакубат жашоого жетүү. Элибизде үй-бүлө ажырашса, “шаары бузулду”, – деп айтылчу. “Шаарлары бузулган” коом кантип бактылуу болсун? Үй-бүлөнүн бузулушунун себептери:  ыймандык тарбиянын жетишсиздиги, жигиттин (келиндин) үй-бүлөлүк милдетти мойнуна алууга даярдыгынын жоктугу, турмуштан жеңил жол издөө, эртеңки келечеги жөнүндө ойлонбой, бүгүнкү “жыргалга” умтулуу, турмуштун сыноолоруна сабырдуулуктун жетишсиздиги, келиндин тиричилик кылууга үйрөтүлбөгөндүгү, ал эч кимге зыянсыз, үй бүлөгө сиңип кетүүгө даярдыгынын жоктугу, кыздардын жигитти тандап, бирок сүйүүгө туруктуу болбой жатышы себеп болууда, кыскача айтканда үй-бүлөлүк тарбиянын кемчилиги. Мурда энелери кызын турмушка бередерде: “барган  жериңе таштай кат, суудай сиң”, жаман нерсени көрбөй, көр сыяктуу, укпай кереӊ сыяктуу бол”, – деп насаат айтышкан.

**Бышыктоо**. “Эне сүтү бой өстүрөт, эне сөзү ой өстүрөт”. “Атанын сөзү – акылдын көзү”. Кыргыздын балдары ата-эненин сөзүнө маани берип, угушкан. Бала үйгө киргенде оболу энесине, анан атасына салам берчү. Атасы, энеси бир мезгилде чакырса, биринчи энесине, анан атасына барчу. “Ата-эне ыраазы болбой, Кудай ыраазы болбойт” деген түшүнүк болгон.

Кудай ыраазы болсо, адам ички дүйнөнүн бейпилдигине жетишет, адамдын ички дүйнөсүнүн бейпилдиги болбосо, адам бактылуу болбосун кыргыздар билген.

Казакстандын илимпозу Ч.Валиханов Ысык-Көлдө болуп, аялдардын үй-бүлөдөгү, коомдогу ролуна жогору баа берген: "Кыргыз аялдар ак көңүл, баласаак, баамчыл болушат. Аларга айтылган сөзгө кыска, курч, орундуу сөз таап, жооп беришет". 1896-жылы Ош, Алай, Памир аймагында болгон италиялык саякатчы Феликс Рокко: "Өтө өнүккөн маданияттуу элдерде да кыргыздардай ата-энесин жана аялдарын урматтагандар сейрек кездешет. Аялдар жүзүн жаап, басынышпайт, үй-бүлөдөгү, коомдогу өз милдетин жакшы билишет, үй-бүлөнүн же уруунун маселеси чечилип жатканда аялдын ою эске алынат". Эл дүйнөлүк маданий прогресстен алыс жашаган учурда да аялзаты бийик бааланган. Анын акылы, аруулугу, тазалыгы, мээримдүүлүгү камбылдыгы, кайраттуулугу адабий мурастарда айтылып келе жатат.

Кыргыз аялдарынын золобосу эмнеге бийик болгон? Аялдын адамдык асылдыгына, энелик улуулугуна доо кетирчү бардык адеп-ахлактан, жаман жүрүм-турумдан сактана алган. Үй-бүлөдөгү, коомдогу укугун эмес, милдетин ыйык деп билген, жакшылыкта, жыргалда артта туруп, кыйынчылыкта алдыга чыккан. Бул дүйнөдө көргөн кыйынчылыгы менен сыйынын ортосунда айырмачылык буга ачык-айкын далил болот. Муну түшүнүү үчүн алардын өмүр бою эмне эгип, жыйнаганы, кандай азап тартып, эмне тапканына көз жүгүртүү жетиштүү болот.

**Бышыктоо. Мугалим:** Эмне үчүн айрым жарды, орто жашаган үй-бүлөлөр бактылуу болушат, эмнеге байлардын бактысыздары бар? Балдардын жообун угат. Балдарга кум, темирдин таарындыларын чачып, магнит термирдин таарындыларын тартканын көрсөтөт.

Метофизиканын мыйзамы мындай: кум, темирдин таарындылары – биздин күнүмдүк жашообуз сыяктуу, магнит – каниетчил адамдан шүгүрчүлүк кылган жүрөгү сыяктуу. Шүгүрчүлүк кылган жүрөк ар бир күнү турмуштан жагымдуу учур, шарт сезет. Жакшы маанай жакшы нерселерди тартып турат. Каниет кылбаган адамдын жүрөгү биздин манжаларыбызга окшош, алар кумдан темирдин таарындыларын тапкысы келет, бирок бөлө албайт. Андай адамдын жүрөгү, ниети жакшы адамдын көңүлүн жылытарлык өзгөрүүнү, мактоого арзырлык нерсени сезбейт, ага тартылбайт. Каниетчил жүрөк бакытты өзүнө тартып турат. Үй-бүлө бактылуу болуш үчүн анын мүчөлөрү каниетчил болуп, учурда болгонго ыраазычылык менен мамиле кылыш керек. Ата-энеге, эже-агаларга, кошуналарга алардын кылган жакшылыгы үчүн ыраазычылык билдирип, жакшылык тилөө керек. Унчукпастан көзүнө карап, жылмаюу да – ыраазычылык билдирүүнүн белгиси. Ыраазы болгон жүрөк чөйрөдөгү эң жакшы сапатты арттырууга демилге кошуп турат. Ал үй-бүлөнүн турмушунда жакшы окуялардын болуп турушуна өбөлгө сыяктуу. Оорукчал бала жаман ойго түшүп кетсе, анын жүрөгү өзүнө жакшы нерселерди тарта албаган манжалар сыяктуу болуп калат. Лупа менен таарындылар көрсөтүлөт. Кудай биз баалаган, биз

ыраазы болгон, ойлогон  нерсени чоңойтот, көбөйтөт. Ошондуктан жардылар да бактылуу болушу мүмкүн, каниетсиз байлар да бактысыз болушу мүмкүн.

**Жыйынтыктоо.** Эми адамдын жашоосунда үй-бүлөнүн маанисине токтололу. Үй-бүлөлөр өнүкпөй, коом өнүкпөйт. Мамлекет чың, бекем, турмушу бакубат жашоодо болуш үчүн үй-бүлөлөр биримдикте жашаш керек. Баланы атадан, тууган-уругунан бөлүү – дарактын тамырын кыркуу сыяктуу, анда Күн көрбөй, (электр) шамдын жарыгынын астында өскөн өсүмдүк сыяктуу баланын таалим-тарбиясында кемчилиги болот. Үй-бүлө – адамдын өмүрүндөгү маанилүү институт,  аны сактап калуу – көбүнчө аялзатынын милдети, анткени үйдүн куту аял болот. Биринчи байлык – ден-соолук, экинчи байлык ак жоолук.  Эч ким үйдүн кутунан, экинчи байлыктан ажырагысы келбейт, үйдүн куту болбой, бакубат жашоо болбойт. Үй-бүлөңөр толук болуп, бакубат жашагыла.

## Тарыхтан сабак алуу.

*“Тарыхтан сабак алуу” деген теманы өтүүдөн мурда окуучуларга тарыхка көз жүгүртүп, Байыркы цивилизациялар жөнүндө, элдин адеп-ахлагы, жүрүм-туруму, идеологиясы, коомдук-экономикалык абалы жөнүндө кайталап, маалымат таап келүү боюнча тапшырма берилет. Бул тема эки саатка эсептелген.*

Доскага: “Тарыхты танганың, тамырсыз калганың” (Нурмолдо). “Өткөн тарыхын тапанча  менен атканды,  келечек замбирек менен атат”, “Тарыхтан алчу сабактын маанилүүсү – тынчтыкка жол издөө”. “Тынчтыктын жаманы болбойт, чыр-чатактын жакшысы болбойт”-деп жазылат.

**Сабактын максаты:** окуучуларды тарыхтан сабак алууга, өткөндөн өрнөк алып жашоого үйрөтүү, эл менен мамиле түзүү, сүйлөшүү боюнча билимин тереңдетүү, мамиле түзүү көндүмүн калыптандыруу, чыр-чатаксыз сүйлөшүүгө үйрөтүү.

**Жаңы тема:**  V-VII кылымдарда Византия, Персия, Рим империясы кубатуу болгон. Кытайдын, Индиянын абалы да дурус эле. Эмне үчүн Византия, Персия, Рим империясы кулаган, Кытай, Индия сакталып калган? (Окуучулардын пикирин угат).  Өлкөнүн кубаттулугу сакталып туруш үчүн элдин адептик-рухий жана билим берүүнүн абалы  жакшы болуш керек. Азыр билим берүүнүн мурдагы абалына көңүл бөлөлү.

Мурда монастрларда (грекче monasterion-кечил, билим берүүчү мекеме) христианчылыктын, буддизмдин, индуизмдин негизинде таалим-тарбия берилген. Кечилдердин коому жаш муундарды китеп окууга, жазууга сабаттуулукка үйрөткөн. Биринчи христиандык монастрлар Түндүк Африкада, Жакынкы Чыгышта сепил түрүндө болгон. Орустун ири монастрлары “лавр” деп аталган.

Индияда, Кытайда б.д.ч.  I миң жылдыкта үңкүрлөрдө буддистик монастрлар, Түштүк Чыгыш Азияда бутка (будданын эстелигине) сыйынуучу үйлөр, Тибетте, Монголияда ламаисттик монастрлар болгон. Монастрлык кечилдер шакирттерин адепсиз материализмге, көңүл ачууга, бузуку жүрүм-

турумга каршы күрөшүүгө үндөгөн. I-IV кылымга чейин христиандык билим берүүнүн, агартуу иштеринин элдин адептик-рухий абалына оң таасири тийген. IV кылымдан баштап христиачылыкка грektердин мифологиясы, римдиктердин б.д.ч. бутка (христостун эстелигине) сыйынуусу, египеттиктердин неоплатонизми жана кечилдиги аралашып, Иса алейхисаламдын окуусу океандагы тамчыдай абалга жеткен. Кийинки кылымдарда христиандар алдыңкы идеяларга, илимий ойлорго каршы күрөшкөн. Илимдерди изилдеген окумуштуулар, ойчулдар жазаланган. Билимдүүлөр аскет, кечил, дүнүйөлүк кызыкчылыктан, элден безген (отшелник) адамдар болушуп, билимсиздер түркөй абалда жашаган.

Жалпы коомдо күнөө изгилик катары таанылган. “Карышкырлар кой кайтарып”, агрессорлор сот болушкан, кылмышкер-төбөлдөр молчулукта жашап, дүйнө алардын бутунун тепсендисинде болгон, эмгекчилер эптеген турмушта жашап, калыс, ак ниет адамдар азап чегишкен. Куулук-шумдук менен калп акылман-тапкычтык катары таанылып, акылмандуулук эси жоктук катары таанылган. Аракечтик, кумар ойноо, сүткөрлүк арбып, байлыктын ээси төбөлдөр болуп, эл “сүт берген уй” сыяктуу (салык төлөгөн) милдет аткарган, элдин бири-бирин талап-тоноосу, уурулук-каракчылык нормага айланган. Э.Гиббон: “Римдик империя IV кылымдын аягында рухий пас абалга жеткен, дүйнө жүзүнүн эли көлөкөлөгөн дарак (христианчылык) соолуп, куурап турган”, – деген (Гиббон. Т. V.31-б).

Исламга чейин адамзат материалдык кызыкчылыкты тандоо керекпи же кечилдик окууну (рухий) тандоо керекпи деген суроонун ортосундагы күрөшүн улантып келген. Ар бир тарыхый доордо дүнүйөлүк жана рухий, денелик жана дилдик, акыл менен сезимдик маселе улам алдыга чыгып, адашуудан эл азап тарткан. Азаптан чыгуунун жолун акылмандар, кечилдер, окумуштуулар ойлоп таба алган эмес.

Адамзаттын тарыхында VII-XIII кылымдардагы мусулмандардын өнүгүү мезгилин, Европада Кайра жаралуу доорун өнүгүү доору деп атаса болот. Кандай шартта элде өнүгүү күтүлөт? Адамзаттын жашоосу – физикалык, эмоционалдык, социалдык, моралдык, интеллектуалдык жана рухий өнүгүү ж.б. маселелерге тең салмактуу мамиле кылган учурда өнүгүү күтүлөт. Бир тараптуу өнүгүүгө басым жасап, башка жагына көңүл бөлүнбөй калса, өлкөнүн абалы, жарандардын аң-сезими жогорку деңгээлге жетпейт. Өлкөдө саясый, интеллектуалдык, моралдык, рухий, социалдык, экономикалык ж.б. маселелерге көңүл бөлүнүп, ар башка тармактарда эмгектенген коомдор, адамдар болуш керек. Бардык тармактарда компетенттүү адамдардын эмгектенгени абзел. Ар бир жаран өзүнүн зээндүүлүгүн, зиректигин, шык-жөндөмүн өнүктүрүп, жарандардын баарынын өзүн сактап калуу инстинкти болуш керек. Аны үчүн өлкөнүн “тегирмениңин барасын айлантып турган” саясый чөйрө жогорку ыймандык, моралдык сапатка ээ болуп, коом менен инсандын өз ара алака-мамилесин, аракетин туура баалоо зарыл.

Материалдык жана рухий өнүгүүдө тең салмактуулукту сактаган өлкө

өнүгөт, адамдын өнүгүүсүнө, коомдун тартибине тең салмактуулукту сактабаган саясаттын залалы тиет. Материалдык өнүгүүнү биринчи орунга койгон коомдо кирпич, кагаз, кездеме, болот, алтын, акча ж.б. айланасында адамдар топтолот. Завод-фабрика, театр-клуб, мейманкана ж.б. курулуп, адамдардын (элдин) кызыкчылыктары кагылышып, сот процесстери, согуш аянттары көбөйөт. Үй-бүлөлүк мамилелер бузулуп, адептик-рухий проблемалар, оорунун түрлөрү, сыркоолор арбыйт. Ал эми бийликке рухий кызыкчылыкка артыкчылык берген коом келсе, анын да жаман жагы бар, анда аскеттер, дервишер, календарлар, дүнүйөлүк кызыкчылыктан жана элден безген, жападан жалгыз жашоону артык көргөн (отшельник) адамдар көбөйгөн. Шаарларда, үй-бүлөдө жашоодон көрө тоодо, токойдо, талаада жашоочулар арбыган. Кечилдик-диний практиканын жогорку формасы – өзүн-өзү кыйноо болгон. Напсинин үстүнөн рухий жеңишке жетем деп отуруп, денеси чабал абалга жеткен. Ошондо өлүм жашоодон артык көрүнүп калган, анткени адам: “өлүм аркылуу гана бул дүйнөнүн азабынан кутулам, рухий бейпилдикке жетем” – деп ойлогон. Мурдагы доорлордо Византия Персия, Рим ж.б. өлкөлөрдө ар бири өз тагдырын өзү аныктоо менен улам бир чекке чыгып, кризиске келип, кайра баштап, сыноо-жаңылуу усулу менен жашап келген, кечилдик практиканын жыйынтыктары ушу сыяктуу болгон. Кытай, Индия материалдык жана рухий баалуулукка тең салмактуу мамиле кылган, ошондуктан сакталып калган.

Цивилизация (латынча civilis – жарандык, мамлекеттик маданият деген сөзгө синоним) түшүнүгүн, изилдөө жүргүзүп, анын типтерин (грек, рим, кытай, индия, араб ж.б.) өнүгүүсүн, деңгээлдерин аныктоого окумуштуулар аракет кылышкан. Натыйжада Батыш жана Чыгыш цивилизациялары деген карама-каршы философиялык, социологиялык, тарыхый концепция пайда болгон.

Чыгыш цивилизациясы азыр альтруизмди жогору тутат, рухий дүйнөсү бай, келечеги кең коом түзүү жөнүндө кам көрөт, бирок илимий жана техникалык өнүгүү жагынан артта калган. Рухий өнүгүүнүн маанисин жакшы билген адамдар интуицияны өнүктүрүүгө багыт алышат. Батыш цивилизациясы индивидуализмди, материалдык жактан өнүгүүнү жогору коёт. Индивидуализм бар жерде эгоизм бар болот. Өзүмчүлдүн рухий дүйнөсү тар, дүйнө таануу мүмкүнчүлүгү чектелүү болот. Ошентип рухий өнүгүүгө багыт алган адамдардын мээсинин оң жарым шары (интуициясы), материалист адамдардын сол жарым шары (логикасы) жакшы өнүгөрү илимде аныкталган.

Кыргыз Республикасы Чыгышта жайгашкан, бул кокусунан эмес. Бизге өнүгүүнүн Батыш моделин тандашыбыз керекпи же Чыгыш моделин тандашыбыз керекпи? Бул маанилүү маселе болуп турат. Эл ой жүгүртүүнүн туура же туура эмес багытын тандаса, багытына жараша, ийгилиги же проблемасы болот. Азыр Батыштын статистикасында төрөлгөндөргө караганда өлгөндөр көп. Кыргыздар (миграциядан) азайып бара жаткан элдердин катарына киргени турат. Материалдык жактан өнүгүү маанилүүбү,

эл катары сакталып калуу кетүү маанилүүбү же экөө тең маанилүүбү? Бизге терең ойлонуу керек.

Эми кыргыздардын тарыхына токтололу. Б.д.ч. 841-жылкы кытайлыктар кыргыздарды узун бойлуу, өңү сары, көзү көк, шамдагай, сыймыктуу, эркиндикти сүйгөн европоид сыяктуу адамдар катары сүрөттөшкөн. Кыргыздар бир жолу Кытайдан жеңилип, кайра өз жерин бошоткон. 840-жылы Уйгур каганаты Кыргыз каганатын талкалаган. Ал убакта Кыргыз каганаты Кытай, Монголия менен чектешип, Сибирге чейинки территорияны ээлеген. Өкмөт башчысы каган, аялы хатун деп аталган. Монгол-татар баскынчылыгынан кийин кыргыздар бир аз убакыт мамлекеттүүлүгүн жоготкон, бирок моңголдордун армиясында кыргыздар маанилүү ролду ойногон. Монголдордун бийлиги талкалангандан кийин кыргыздар мамлекеттүүлүгүн кайра түзгөн. Ал Токмоктук каганат деп аталып, Алтайдан азыркы Кыргыз Республикасына чейинки жерди ээлеген. Каганатка 1457-жылы Жунгарлар кол салып, баш ийдирген. XVIII кылымдын башында Жунгарлардын империясын кытайлыктар талкалап, ошол согушта кыргыздар чоң кыргынга дуушар болушкан. XVIII кылымда кыргыздар калмактарга мамлекеттүүлүктү түзүүгө жардам беришкен. Андан соң Кокон хандыгына баш ийген, айрым кыргыздар орус тарабына өткөн. 1863-жылы Черняев башчылыгы астында орустардын империясы бизди жеңип, Семиречинск областы, борбору Верный (Алматы) болгон. 1924-жылы РСФСРдын курамындагы Кара кыргыз автономиялык областы, 1936-жылда Кыргыз Советтик Социалисттик Республика болгон. ДНКнын изилдөөсүнүн жыйынтыгы боюнча кыргыздар: 25% – монголдор, 8,5% кытайлар, 2% арабдар менен ассимиляцияланган, 55% – арийец ж.б. эл болуп чыккан.

XVII кылымдын 30-жылдарында Чыгыш Түркстан, Жети-Суу, Теңир-Тоо аймагын байырлаган кыргыздарга Жунгар хандыгынын ойрот уруулары басып кирген мезгилде Карга Аке: “Ынтымак оңдуу болбой, ырыскы жөндүү болбойт. Чыккан күндүн батары бар, тирүүнүн кайтар катары бар, жоонун жоругун билбей, кордугун көрдүк. Жоо бар жерде жоболоң, ырк кеткен жерде тополоң болот, жоо аябайт, жаш-карыңа карабайт. Алсыз басынат, арсыз чабылат, алыңа карап айбат кыласың, карууңа карап кайрат кыласың, жоо күчтүү болсо качасың, кайгыга батасың. Эр башынан эмне өтпөйт, ойроттун камчысы кайрылбасын, калкым Көлүнөн айрылбасын. Ала болсоң, алдыңдагыны алдырасың, биримдикте, бир тилекте бололу, чачкын болсок, чачылабыз, бир балээге кабылабыз, бүтүн болбосок, бүлүнөбүз, санаасы бузукка жүгүнөбүз”, – деген.

Ысык-Көлдө жети Акелер билермандыктын кепили болуп, карапайым элди аң-сезимине туура ой салып, оң багытты көрсөткөн, бийликке аралашып, саясатта аброй кутүшкөн. Садыр Бий: “Өлгөндөн туяк калган артык, элге пайдасы тийбеген падышанын аксарайынан, ак ниет кембагалдын алачыгы артык, элдин эмгегин жеп, кажыган “жолборстон”, жоргологон мышык артык” – деген.

1860-1884-жылдарда түзүлгөн келишимге ылайык, Кытай менен Россия

империясы кыргыз жериндеги чек араны бөлүшкөн. (К.Сыдыкова. Кыргыз тарыхы.581-б.). Үзөңгү-Куш аркылуу өткөн 1860 км. орус-кытай чек арасы Пекин келишиминде каралган. Кытай чек арага доомат койгондо комиссиянын курамындагы Садыр Акенин билими, тапкычтыгы менен Россия (б.а. Кыргыз автономиясы) утуш алган.

Өткөн жолубуздун баарынан өөн издеп, жамандыктын баарын атайылап "жамай берүү" туура эмес. Анын жакшы жагы менен жагымсыз жагын айтканда ыйманын жебей, калыстыктан кайтпаш керек. Өткөн муундагыларды орунсуз сындоого болбойт, бул сапат – билимдүүлүктүн белгиси. Ар мезгилдин шартына жараша адамдары, талабына жараша таптары болот, кеңеш доорунда тап күрөшү өкүм сүрүп, бардар адамдарды, аттуу-баштууларды "эл душманы" катары жойгон, замандын агымы ак-карасын, маскарасын аралаш "агызган".

Эзелтеден эл башында эстүү-баштуу, жөн билги адамдар турган. Эл ичинде төбөсү көрүнүп, баш көтөргөндөр барк, сөз билгендер нарк күтүшкөн. Кадырманы жок калк болбойт. Ошол кадырман, абройлуудан ала издеп, кыйкым таап, жээрип келбедикпи. Аларды кылмышкердей кымырынып, ойлорун, ата-тегин жашырууга аргасыз кылдык.

Эл согушту жактырбайт. Согуштун зыяны көп, пайдасы аз. Согуш – саясатчылардын "идеясы". Адамдарды депортациялап, дискриминациялап, репрессиялап, элдин башынан канча трагедиялар өткөн. Башка көз караштагы, диний ишенимдеги адамдарга карата сабырсыздыгыбыз, реалдуулукка туура эмес баа берүү, туура эмес жыйынтык чыгаруу совет доорунан мурда бар эле, уланып келе жатат. Реалдуулукка туура эмес баа берүү – адамдардын көз карашынын туура эмес калыптанышынын натыйжасы. Туура эмес жыйынтык чыгаруу – кыйшык күзгүдө чагылдырган образ сыяктуу. Биз азыр да коммунисттик түшүнүгүбүз менен аша чабууга жол берип жатабыз. Бизде түркөйлүк, башка адамды түшүнүүнү каалабоо, оройлук, мамлекеттин казынасын "сүт берген уйдай саап алуу" ж.б. советтик мурасыбыздын калдыктары. Бул – коомдун рухий сыркоодон арыла албай жатышынын натыйжасы.

Тарыхчылар адамзаттын мурдагы жаңылыштыгынан сабак алып, аны кайталабаганга үйрөтсө, эң жакшы милдетти аткарат. Саясатка көз каранды болуп, идеологияга ылайык тарых бурмаланса, эл тарыхтан алчу сабактан куру калат. Ачуу болсо да, чындыктын убагында айтылганы жакшы. "Жоо кыядан өткөн соң, оо дегениң курусун". Чара убагында көрүлбөсө, жоготуулар көп болот. Чындык убагында айтылбай, элдин жоготуулары көп болгон. Эл өнүгүүдөн артта калган.

Өткөн кылымдардын тарыхында адамзат өтө көп билим топтоду. Анын барын толук өздөштүрүү кыйын болуп калды. Ошондуктан сизге керек базалык билим жана билгичтикке ээ болуу зарылдыгы пайда болду.

Табигаттын мыйзамы мындай: урук кандай дарактын даны болсо, ошонун ачуу же таттуу мөмөсүн берет. Мурдагы муундагылардын кийинки муунга карата ниети жакшы болуп, аларга камкордук көрүп, жакшы тилек

менен туура иш кылып кетсе, кийинкилер бакубат жашоого келет, ата-бабалардын салтын улантып, эл жашай берет. Өзүнүн кызыкчылыгына кам көрүп, “менден кийинкилер эмне болсо, ошо болсун” десе, кийинкилердин көйгөйү көп болот, тарыхтан жаман сабак алган элдин ниетинин оңолушу кыйын. Канчалаган улуттардын, мамлекеттердин жок болуп кеткендиги тарыхта белгилүү. Тарыхтан алган сабактын кыскача жыйынтыгы ушу.

**Бышыктоо.** Кандай шартта эл тынчтыкта жашайт? “Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып”, эл ичинде ынтымак болсо, бейпилдик болот. Кандай шартта эл ичинде ынтымак болот? Адамдар бири-бири менен мамиле түзө билсе, тынчтыкта жанаша жашоого умтулса, жалпы кызыкчылыгы, туура идеологиясы, бирдей көз карашы, ишеними болсо, ынтымак болот. Эми тарыхтан сабак алуу максатында б.д.ч. байыркы гректин эки философунун жолугушуна көңүл бөлөлү.

Катышуучулар: Аристипп (б.з.ч.V-IV кылымдарда жашаган байыркы грек философу, Түндүк Африкалык Киренден чыккан, Сократтын шакирти, кирен мектебинин негиздөөчүсү, генодизм деп аталган, адамдын жүрум-турумунун мотиви – канааттануу, ырахат издөө деп эсептеген этиканын багытын негиздөөчү, уруу башчысы, туника, сандалин кийген адам).

Диоген (байыркы грек философу, чектен чыккан аскетизмди жактоочу, апендиликке чейин жеткен адам, узун бойлуу, кара сакал, туника, сандалин кийген, колунда жашылча кармаган адам).

Аристипп: Эгер сен адамдар менен мамиле түзүп, сүйлөшө алсаң, жашылчанын калдыктарын жебейт элең.

Диоген: Менин кемчилигим бирөө эле, чоңдор менен мамиле түзгөндү б.а. кошоматты жакшы билбейм, башка маселем жок, (*Аристиптин намысына тийип, аны ыза кылгысы келип*) а сенин маселең көп.

Аристипп: Менин эл менен мамиле түзүүдөгү шыгым, коомдогу жогорку статуска жана ийгиликке жеткирди.

Диоген: Мм... ак сарайдагы чоңдорго көшөкөрлөнүү ийгиликпи?

**Мугалим**: Бул экөөнүн кимисиники туура? Экөө тең философ, эмнеге ынтымакка келе албайт? (окуучулардын пикирин угат, экөөнүн тең жаңылыштыгы бар, бирок ар ким өзүнүкүн туура көрөт). Тынчтыкта жашоо үчүн силер адамдын абалын, мамиле түзүүнүн жол-жоболорун билишиңер керек. Азыр адамдын абалын билүү боюнча практикалык машыгууга көңүл бөлөлү. Драм кружогуна катышкан окуучулар адамдын ар кандай абалын көрсөтөт: агрессивдүү, душман, дос, жакшылык каалаган маанай, тилектештик, жүзү жарык, боорукер, орток болгусу келген, капасын бөлүшкүсү келген, аяган адам, ишенимсиз, жагымсыз, орой, бөтөн, обочолонгон, баш ийген, ырайы суук, жасакерленген, кошоматчы (ийнин куушуруп, башын ылдый салып жылмайган), абдаарыган, өтүмсүз, урмат-сыйга ээ болгон адам (түз турат, көздөрү сабырдуу, түз карайт, өзүн тынч алып жүрөт, кунт коюп угат), чечкиндүү эмес адам (буту тынч турбайт, бир жерде баса берет, колдорун эмне кыларын билбейт, стулдун чекесине отурат) ж.б. Окуучулар адамдын абалын аныкташат. Мугалим тарыхый инсандардын

сүрөттөрүн көрсөтүп, окуучуларга мүнөзүн аныктоону сунуштайт. Окуучулар аларды аныкташат.

**Мугалим**: Адам менен мамиле түзө билүү – жашоонун зарыл шарты. Акылдуу, ойлому окшош адам менен мамиле түзгөн киши өзү канааттанат. Адам менен мамиле түзө албаган адам, кадыр-баркка ээ болбойт. Ийгиликке жетүү үчүн сөз байлыгы кенен болуу, маданияттуулук, өрүштүү ойлом керек, демек, акыл менен сөздү орду менен сүйлөө маанилүү. “Көпчүлүк жакшы деп айтышат, бирок жаман сүйлөшөт” –деген В.О. Ключевский.

Элдин баары эле адам менен мамиле түзүүгө үйрөнө алат, негизгиси ким менен сүйлөшүп жатканын билиш керек. Анын кылган ишин, сүйлөгөн сөзүн, кылык-жоругун, абалын, маанайын, жактаган саясатын, сырткы кебетесин байкаш керек. Мамилелешүү терс эмоцияны козгобош керек. Өзүңдүн максатың эмне, ошол көңүлдө болсун, сүйлөшкөн адамдын оюн, көз карашын түшүн, ага ылайык сөз тап. Сүйлөшпөй коюу – жазанын бир түрү. Адамды жазалаганда сүйлөшпөй коюшат.

Түз жүргөн адамдын көз карашы жай болот, кулак түрүп, сактанып, төбөсү менен караса, сизге ишенбейт, анын сизден корккон жайы бар. Көз – адамдын ички дүйнөсүнүн күзгүсү. Катаал, ырайымсыз, текебер, менменсинген адам менен мүнөзү жакшы, жоош, асылзат, тартынчаак, кагылбаган, ак ниет, арамдыгы жок адамдардын сапаттары көздөн байкалат. Ниети түз адам жылмаюусунан байкалат. Жылмаюу – сүйлөшүүгө даяр адамдын белгиси. Тез-тез көрүшүп турган адамдар бири-бирине жакын болушат. Башын жогору көтөрүп, какыйып туруу, буттарынын арасын ачык коюп, бутун кайчылаштырып отуруу – текебердиктин белгиси. Ал өзүнө ишенген, сизди тоотпогон, өзүн жогору сезген адамдын турушу. Колдору ылдый, чыканагы кичине ийилген, башы шылкыйган ийни көтөрүңкү болсо, ал өзүнө ишенбеген, калтаарыган, ишинин ийгиликтүү болоруна көзү жетпеген, эмне кыларын билбей, абдаарыган адам. Алаканын ары каратса, жакпайт, көзү менен чачтын ортосунда сөөмөйү менен айлантса, болбогон сөздү сүйлөйт.

Адамды билсеңиз сүйлөшүү ийгиликтүү болот. Ал сүйлөп жатканда “и”, “ооба” деп кубаттап, орундуу суроолорду берсеңиз же унчукпай отурсаңыз (рефлексивдүү эмес угуу), адам ачылып сүйлөйт. Көзүн албай шеригиңизди карасаңыз, шектенип калат. Өз ара түшүнүү болбосо, сүйлөшүү натыйжасыз өтөт, күн мурунтан жаман ойлоо, шектенүү, адамдын кемчилигин байкоо сүйлөшүүгө жолтоо болот. Сын көз караш менен жактырбагансып карап койсоңуз сүйлөшүү токтойт. Жашоо жалаң позитивдүү нерселерден турбайт. Турмушта карама-каршы пикирлер көп, чыр-чатак аз эмес. Чыр-чатакка түрткү болгон нерселер төмөнкүлөр: үнүн бийик көтөрүп, буйрук берүү, адамды капа кылуу, коркутуп, опузалоо, бир айтканын кайра-кайра кайталоо, сын тагуу, өзүнө керек маалымат алгысы келип, сөзгө тартуу, бири-бирин түшүнбөстүк, кызыкчылыктарынын карама-каршылыгы ж.б. Сүйлөшкөндү билгиле, бирок демогогияга өтпөгүлө. Чырдан алыс жашагыла.

**Жыйынтыктоо:** Тарыхтын "дөңгөлөгү" саясатчы-ойчулдардын билимдүүлүгү же билимсиздиги, ыймандуулугу же ыймансыздыгы, акылмандыгы же акылсыздыгы, стратегиялык маселерди ойлонобу, жокпу, адам менен сүйлөшүп маселе чече алабы, жокпу ж.у.с. ошол сапаттары аркылуу жакшы (же жаман) чечилет. Биздин кемчилигибиз – дос сыяктанган айлакерлерге каршы туруунун ордуна айкөлдүк кылуу, билимдин жетишсиздиги. Атуулдардын ынтымагы ыдырап, бири-бирине көр казып, көралбастыктын сазына баткан, жоопкерчиликсиз улуттардын келечеги кең, түбөлүгү түз болбойт.

Ошого карабастан ата-бабаларыбыз бизге бейиштей куттуу Мекенди, көрөңгөлүү тилди, уюткулуу маданиятты, рухий байлыкты, жаратылыш байлыгына мол жерди мурас калтырышты, бирок ал мурастардын жүзүн кирдеттик. Биздин ыйык милдетибиз – алардын жүзүн кайра жалтыратуу. Улутту, Мекенди сүйүү, анын маселеси баарыбызды толкундандырган маселе болуп, аң-сезимибизди толук ээлеп, ушул маселенин тегерегинде ойлонолу. Күндүз тыным албай, түндө уйкудан ойгонуп, баш катырып, анын өркүндөп, өсүшүшүнө салым кошолу. Улут катары "кайра жаралуу" толкунун жашоо керек. Жаштарыбыздын келечеги кең, түбөлүгү түз болсун. Доскада жазылгандарды окуп, сабак жыйынтыкталат.

## Жакшылык менен жамандык.

**Сабактын максаты**: Элдин жыргалдуу жашоосунда жакшылыктын маанисин, жамандыктын кесепетин, жамандыкты амандык жеңерин түшүндүрүү.

**Жаңы тема.** Жакшылык менен жамандык – абдан маанилүү моралдык түшүнүктөр. Этикадагы оң жана терс сапаттарды мүнөздөөчү карама-каршы категориялар, адептик талапка жооп берүүчү же тескерисинче жооп бербөөчү аракет. Жакшылык бул – адам муктаж болуп турган кезде жардам берүү, колдоо, керектүү иш аткаруу, адамдын ажатын ачуу, пайдалуу кеңеш берүү, оң жолго салуу ж.б. Жамандык бул – кастык кылуу, ачуулануу менен зыяндуу иш жасоо, кыянатчылдык, атайы кырсыкка дуушар кылуу ж.б. Жакшылык – өмүр шамы, "өчкөн" отту (үмүттү) тамызуу, "өлгөн жанды" (түшкөн духту) "тирилтүү". Асыл таш жерде калбагандай, жакшылык жолдо калбайт. Жакшылык кылсаң, ырыска батасың, жакшылыкты унутуу – наадандык, анда жамандыкка кенен эшик ачасың. "Жакшылыктын жолу узун, ыймандуунун колу узун". Жакшылык кылгың келсе, кембагалга жардам бер, кордук көргөндү куткар, кайгылуунун кайгысын бөлүш, оорулууга зыярат кыл, жардам сураганга колуңду сун, суусаганга суу бер, кыйналганга кеңешинди айт, ошондо ар тараптан бакыт каптаганын сезесиң. Башкаларга жакшылык кылуу – бакытка жол ачуунун бири, ал бактытка бакыт кошот. Жакшылыкта жарышкыла.

Азыр жакшылыкка эшик ачуга, жамандыктын эшигин жабууга карата кеңештерге көңүл бөлөлү.

Жакшылыктын баалуусу – кыйынчылыкта көрсөтүлгөнү. Эч ким бул дүйнөдө кыйынчылыгы жок жашаган эмес, аалымдын, окумуштуунун, акылмандын, философтун баарынын кыйынчылыгы болгон. Кыйынчылыкты жеңүү менен жакшылыкка жетишкен. Кыйынчылыктын артынан жеңилдик бар, ачарчылыктан кийин токчулук келет, уйкусуздуктан кийин бейпилик келет, адашкан жолун табат, караңгылыктан кийин жарык келет, оорудан кийин шыпаа бар, маселе чечилет, күнөө кечирилет, карыз берилет, камалган чыгат, жоголгон табылат, кедейдин да оокаты өтөт, акыбал бирдей болуп тура бербейт, баары өзгөрөт, ошондуктан бардык шартта жакшылык кылууга мүмкүнчүлүк бар, жакшылыктан үмүт үзбөш керек.

Тарыхта мамлекетти башкарууну ар түрдүү адамдар колго алган. Кедейи, байы, орточосу, жаманы, жакшысы, акылдуусу, акылсызы ж.б. Ошолордун ичинен көптөгөн кыйынчылыкка сабыр кылып, элге жакшылык кылуу үчүн жанталашып, туура аракет кылганы башкаруучулардын арасынан суурулуп чыккан. Ошондуктан кыйынчылыкка сабыр кыл, кырсык келсе ойлон, андан чыгуунун жолун изде, жылан келсе, кымбат терисин, дарылыкка уусун ал, калганын ташта, аары чакса, кышкы суукка даярдык деп бил, бардык абалдан  жакшылыктын жышаанын изде.

Жакшылык келер  алдында кыйынчылык берилет, курсак ачкандан кийин тамак келет. Афлатон: “Кыйынчылык жыргал жашоого караганда адамды оңдойт, жыргал жашоо кыйынчылыкка караганда бузат, анткени кыйынчылык адамды ойлондурат” – деген. Жакшылык кылган адамды эл жакшы көрөт, ага курсант болуп сагынат.

Келечек тууралуу ойлонуп, кайгыга батпагыла, кайгы жамандыкка эшик ачат, көп адамдар кембагалдык, оору, кырсык ж.у.с. нерселерди ойлошот. Адам эмнени ойлосо, ошондой турмуш курат.

Жылмайган адам жазында жаркырап тийген күнгө окшош, кабагы ачылбай, үтүрөйгөн адам согуш жарыялап, тынчтык келишимине макул болбогон адамга окшош же ызгаардуу суук сыяктуу. Жаадырап-жайнап жашоо жакшылыктын жышааны.

Ачууга жеңдирбегиле, ачууланганда чечим чыгарбагыла, иш баштабагыла,  ачууланган адамдын акылы коркунучтуу абалда, андай адам айдоочусу жок ылдый бараткан машина сыяктуу. Конфуций: “Каардуу инсандын уусу толтура болот”, – деген. Ачуулануу – жаман илдет. Натыйжасы согуш, жаңжал, жаман ой, адеп-ахлактын начарлашы, кадыр-барктын кетиши ж.б. Ачууланган адам айбанга жакындайт, уят кетип, аң-сезими пас абалга жетет, тууган арасында мамиле үзүлөт, инсан ачууланганда шайтан жаман иш кылууга азгырат, ачууланган адам бирөөгө же өзүнө  жамандыктын эшигин кенен ачат.

Бекерчилик – акырындык менен кыйнаган азапка алпарат, ал мүнөт сайын башына тамган тамчы сыяктуу, бекерпоздун жата берүүсү – караңгылык, өзүнүн мезгилин уурдоо, ошондуктан пайдалуу иш менен алек болгула. Эч ким бекерчилик менен жакшылыкка жеткен эмес.

Ушакчы, калпычы, бузукулукка үндөөчү менен отурбагыла, алар

жүрөктүн бузулушуна себепкер, өзүңдү жамандык-кырсыкка түртпө, тирүүлөй өлтүрбө. Акыйкатта ким эмнени издесе ошону табат. Ыйман издегени аны, билим издегени билим, кырсык издегени кырсык, жамандык издегени жамандык, жакшылык издегени жакшылык табат.

Элдин баарына жагынам деп куру бекер убараланба, бул – эч качан ишке ашпай турган үмүт, эч ким элдин баарына жагына алган эмес. Ар кимди ээрчип, сөзүнө кире бербе, бул – жаман адат. Анжело Патри: "Бактысыз адам – башканын баскан-турганын, жүрүм-турумун ой-кылыгын тууураган адам", – деген. Эмерсон: "Башканы тууроо – өз жанын кыюу". Дүйнөдө адеп-ахлагы, кылык жоругу, ойлому бирдей эки адам болбойт. Эгиздер да айырмаланышат. Ар бир адам кайталангыс, оригиналдуу. Сендей адам тарыхта болгон эмес, болбойт, бирөөлөрдү ээрчийм деп, өзүңдүн оригиналдуулугуңду жоготпо. Оригинал көчүрмөдөн жакшы экенин унутпа.

Дүйнөдө боору бүтүн башы соо эч ким жок, ар бир үйдө кайгырган, ар бир жүздө санаа, көз жаш бар, ар бир жандын өз арманы бар. Кайгы-кападан кутулуунун бир жолу – жер кыдыруу. Табигаттын ажайып сулуулугун көрүү, булактын тунук суусун ичүү, гүлүн жыттоо, куштардын үнүн угуу, тар бөлмөдө отура берүү өзүн-өзү өлтүрүүнүн жолу, бөлмө – аалам эмес. Сенде бар нерселер көп адамда жок. Келечекти ойлон, ага даярдык көр, жакшы тилек тиле, алар таңдын шооласындай, жамгырдын пайдасындай. Мүмкүн сага жаман көрүнгөн нерсе, сенин жакшылыгыңдын башталышыдыр, ушуга үмүт кыл.

Өткөнгө өкүнбө, аны унут. Экинчи дүйнөлүк согушта жеңилген немецтер жакшылыктан үмүт үзбөй "Иш болбосо өлүм", – деген девиз менен жашаган, натыйжасы азыр мерседестерди, жаңы техниканы чыгарып жатышат. Жеңген СССР окуучуларга көптөгөн ырларды жаттатып, искусствону өнүктүрөбүз деп, илим менен техникадан артта калган. Коом өнүгүүнүн жолун таппай, жаңы техникаларды чыгаруунун ордуна кафе-ресторандарды курду, ишканаларды ачуунун ордуна кечки клуб, козинолор ачылды. Иш аз жерде ийгилик аз болот.

Ичи тар, көрө албастардын сынын, тоскоолдук-жамандыктарын тоотпогула, Аска-зоого тийген мөндүр өзү сынат, силер аска-зоодой сабырдуу, бекем болгула. Алардын сөзүнө таасирленсеңер кайгыга жол ачасыңар, сенин кадыр-баркың канчалык жогору болсо, алардын ачуу сөздөрү, сын-пикирлери ошончолук көп болот. "Жакшыга сөз жабышат, жаманга чөп жабышат".

Акылдуу адам жоктон бар кылат, бирди эки кылат, маселени чечет, акылсыз бир маселеге башка маселе кошот. Адамдын жаманы бай болсо да, кедейдин пейлин күтөт. Ден соолугу жакшы болуп туруп оорулуу сыяктуу, бейпилдикте жашап туруп коркунуч күтөт, абалы жакшы болсо да, жаман ойлойт. Жаман ойлуу киши ийгиликсиз, кайгы-капада жашайт, өзүнө өзү түрмө курат, ошол түрмөдө өзү жашайт, жаман ойду акыл чоңойтот, турмуштун оор колу басып, жүрөгү күйүттө калат. Булар – жамандыктын башаты, рухий маселе. Рухий ооруларды ыймандык тарбия менен

дабалайлы.

Атадан алтоо болсо да, ар жалгыздык башта бар. Китеп окууга, турмушуңду оңдоо жөнүндө ойлонууга, акыл-ой чабытын өнүктүрүүгө жалгыздык жакшы, жалгыздыктан коркпогула, кээде жалгыздык да керек, жалгыздыкта изденип, аракеттенүү жамандыкты тосот, артыкчылыктарга жеткирет, аброюңду көтөрөт.

Жакшылыкка жетүү үчүн өзүбүз эккен эгинди, жашылча-жемишти жейли, өзүбүздүн продукцияларыбызды пайдаланалы, Мекенибизде чыккан кийимди киели, балдарга билим берели, аракеттенели, илимге чабуул жасайлы, эмгектенели, жакындарыбызга, элибизге жакшылык кылалы. Аристотель: "Акылман башкаларга пайда келтирип, жакшылык кылса, кубанат, жардам алса, уялат, анткени башкаларга жардам берүү – ийгиликтин белгиси, башкалардан жардам алуу – ийгиликсиздин белгиси"-деген.

**Бышыктоо.** Жакшылык жана жамандык жөнүндө макал-лакаптарга көңүл бөлөлү. Жаманга жакшылык кылсаң, жамандык аласың (татар макалы) "Жакшылык ай менен күндөй, бардык элге бирдей, жаралган соң пайда кыл, бекер карап жүрбөй". "Жакшылыкка жакшылык, ар адамдын кылаары, жамандыкка жакшылык эр адамдык кылаары, жакшылыкка жамандык көр адамдын кылаары". Уланткыла. Адам жакшылыкты пайдалуу болуудан ырахат алгандыгы үчүн жасаш керек. Жакшылык кандайдыр бир кызыкчылыкка, пайдага негизделбеши керек, андан кайтарым күтпөгүлө, жакшылык башка жол менен сизге кайрылып келет. Мындай адам – эр адамдын үлгүсү. Жакшылык, жамандык жөнүндө кандай ырларды билесиңер? "Жакшылык кылсаң, өзүңө, жамандык ылсаң өзүңө, жогору карап түкүрсөн, кайрылып түшөт көзүңө". "Жакшы зайып жаман эрди бий кылат, жаман эри жакшы аялын күң кылат". Маанисин чечмелегиле.

Психологияда жашыруун мыйзамдар бар. Жакшылык кылган адам жакшылык көрөт, башкаларга кулак төшөй билген киши, өзүн угуза алат. Жакшылык кылуу бир эле материалдык жактан жардам берүү эмес, адамдарга жылмаюу, жакшы сөз айтуу, көңүлүн көтөрүү, ж.у.с.дын баары жакшылык болуп эсептелет. Башкалардын сени менен кызматташуусун кааласаңыз, өзүңүз кызматташууга умтулуңуз. Башкалардын сизди жакшы көрүшүн кааласаңыз, башкаларды жакшы көрүңүз. Жакшылыкты сүйгөн адамдын алдына байкалбастан жакшы мүмкүнчүлүктөр чыга берет. Жакшылыктын эч кайтарымсыз жасалганы оң, аны милдет кылбаш керек. Жакшылык кылып, адамдын ажатын ачсаңыз, мээде кубанычка бөлөөчү гармондор көбөйөт. Жакшылык кылган адам өзүн бактылуу, коопсуз сезет, адамдар арасында ишеними артат.

**Мугалим**: Жамандыктыктын булагы кайсылар? (Окуучулардын жообун угат).

Өзөктөн чыккан өрт жаман. Өздөн чыккан жат жаман, Издебеген ээ жаман, иштебеген мээ жаман. Элине көп зыяны, билимдүү сөрөй жан жаман. Энесин чапкан "ит" жаман, денесин саткан кыз жаман. Далыдан өткөн көз жаман, дартыңды козгоор өз жаман. Жүрөгүңдү куйкалап, жүлүнгө жетээр

сөз жаман. Уурусун кармап турсаң да, уялбаган бет жаман. Убарага көндүрүп, убадачыл бек жаман. Кылымдар бою унутпай, кылычын сунар кек жаман. Ыйманынан ажырап, ынтымаксыз эл жаман. (Жеңишбек Жумакадыр).

Окуучулар эки топко бөлүнүшөт, бири кыргыз эпосторунан жана кенже эпосторунан алынган мисалдар менен жакшылыктын пайдасына көңүл бөлүшөт, экинчи тобу жамандыктын коомго, элге, адамга зыяны жөнүндө айтып беришет.

**Жыйынтыктоо.** Адамдын жашоосу өзүнүн ой-пикириндегидей болот. Кандай ойлонсоң, ошондой жашоо-турмуш күтөсүң. Бактылуу жашоону ойлонсоң, ал жашооңо таасирин тийгизет. Силердин ою-пикириңердин, ниетиңердин, санаа-мүдөөңөрдүн эң оболу өзүңөргө таасири тиет. Өзүңөргө өзүңөр жакшылык кылууну ойлоп, жамандык кылуудан тыйылгыла. Капаланба, сенде жакшылык, жамандык, байлык, кедейлик, жеңилдик, кыйындык ж.б. болсо да баарынан жакшылык издегиле. Адам кылган жакшылыгына же жамандыгына жараша өмүр баянын өзү жазарын унутпагыла. Ата-энеңерге, туугандарыңарга, элиңе, өлкөңө жакшылык кылгыла, жакшылык силерге бир күнү келерине ишенгиле, бактылуу жашагыла.

## Коомдогу биринчи байлык – ден соолук

**Сабактын максаты:** Ден соолукта жашоонун зарыл шарты менен тааныштыруу. Ден соолукту буза турган негативдүү ойлордон кутулуунун жолдорун түшүндүрүү. Оорулуу адамдарга көңүл бөлүп, ден соолукта жашоого үндөө.

**Жаңы тема.** Ден соолук – табылгыс зор байлык, карылар үчүн кубаныч. Дененин сактыгы – жандын ырахаты. Руху сактын дени сак, деми таза. Ден соолук байлыгы түмөндөгөн жакшылыктын өбөлгөсү болот. Коомдун өнүгүшүнүн зарыл шарты – жарандардын ден соолугунун чың болушу. Жарандары оорукчан болсо, эл соо коом түзө албайт.

Акыркы мезгилде калктын саламаттыгын сактоо боюнча чаралар көрүлүп жаткандыгына карабастан, элдин ден соолугунун абалы начар. Адамдар ден соолугун кантип бузушат, ошого токтололу.

Кээ бир адамдар үйүндө жатып, кыялында ааламга “дүйнөлүк согуш ачышат”, сыртта болуп жаткан окуяга күйө берет, бул товар кымбат деп жини келет, жамгыр кечиксе, кыжаалат болот, акчанын курсу түшсө – жаңжал, алар дайыма бирөөгө таарынычта тынчсыздынып жүрүшөт, ага роза гүлүнүн букетин берсең тикенин айтат, белек берсең “кемчилигин” табат, күн жаркырап тийсе, ысыктыгын, бүркөлсө, үшүгөнүн айтат, анын натыйжасы ашказаны оору, кан басымы жогору, нерви бузулган, кан диабети ж.б. Кайгыруу – маанайды чөктүрөт, жашоо-турмушун төмөндөтөт, руханиятка уулуу оору, алсыздыкты, бактысыздыкты, машакатты алып келет, дүйнөнүн

сулуулугун көрсөтпөй, караңгы кылат.

Көрө албастыктан алыс жашаган, ынсаптуу, кең пейил, айкөл адам сүйкүмдүү болот. Бул сапаттар ден соолукка пайдалуу. Сүйкүмсүздүн ичи толо уу, бирөөнү "чагат", экинчисин "тиштейт", буга "үрөт", тигини "сүзөт", муну коркутат, тигини "үркүтөт", анан өзү тынч уктай албай калат. Анан эмнеге ден соолугум начар деп таң калып, доктурга кайрылат. Шекспир: "Душманыңды ойлоп, жүрөгүңө от жакпа, ага өзүң күйөсүң", – деген. Сүйүктүүлөр – ырдалып келген жакшы ырлар, үлгүлүү икаялар, көпчүлүктүн жүрөгүнөн орун табуучулар. Сүйүктүү адам – эл ичинде кадыр-барктуу, урмат-сыйлуу, таажы кийбеген падыша, байлыгы жок бай, бийлиги жок сүрдүү, колдоочусу жок күчтүү, аскери жок кубаттуу, аны достору сагынат, анын көзү өтсө эл ыйлайт. Сүйүктүүлөр ыраазычылык менен жашайт. Ыраазычылык менен жашоо ден соолукка пайдалуу, бул бейпилдиктин эшиги, кайгы-кападан кутулуунун жолу.

Адамдын кызыкчылыгына туура келген нерселер жакшы көрүнөт, башкасы жакпайт, каршысы ачуубузду келтирет. Акыйкат-калыстыгы болсо да, сын-пикир жакпайт. Булардын ден соолуукка таасири бар. Ден соолукка зыяны тийбесин десеңиз, сен жөнүндө айтылган ачуу сөздөргө жооп кайтарбай коюңуз. Сөз көтөрүмдүүлүк айыптарды жок кылат, сылыктык кадыр-баркты жогорулатат, сабырдуулук менен душманды жеңесиз, кечиримдүүлүк менен бийик даражага жетесиз. Сиз жөнүндө айтылгандар унутулат. Сизге айтылган жаман сөздөргө маани бербеңиз, анда айткандын өзүнө таасир этет, ал жөнүндө ойлонбосоңуз, ден соолугуңузга зыяны тийбейт. Тамактын түрү болгону менен чыры, чаң-тополоңу бар үйдөн кара наны бар бейпилдикте тынч жашаган үй ден соолукка пайдалуу.

Көрө албастык, ичи тардык, өч алуу, жаман пейил ден соолукка зыян. Капаланба, анткени кайгыруу, тынчсыздануу, кыжырлануу нервди бузат, бир канча оорунун пайда болушуна себеп болот. Сары-санаага батуу – жаман адат, ал түрдүү дарттын себеби. Кайгы-капа язва оорусун күчөтөт. "Нерв оорусунун көйгөйү" деген китептин автору, доктор Джозеф Монтаге: "Ашказан оорусунун (язва) себеби адамдын жеген тамагы эмес, аны жеген рухий оору, б.а кайгы-капа", – деген. Анын пикирине караганда: "Адамдын өмүрүн кыскарта турган (өлүмгө себепкер болгон) оорулардын онунчусу – (язва) ашказан оорусу".

Доктор Эдвард Подольск: "Тынчсыздануу жүрөккө таасир этет. Кан басымынын көтөрүлүшүнүн себеби – тынчсыздануу. Ревматизмдин, кант диабети оорусунун себептеринин бири – кыжаалат болуу". Психиатрия боюнча доктор Карл Манингер: "Инсан өз жанына каршы" деген эмгегинде: "Тилекке каршы доктор тычсыздануудан кантип сактануунун керектигин үйрөтпөйт, бирок денебизди, акылыбызды кыйрата турган нерсе – тынчсыздануу, кайгыруу, көралбастык жана коркуу, анын натыйжасы – дарт"-деген.

Доктор Раасл Сайсил (Корнел университети) муун (артрит) оорусунун төрт себебин белгилейт: "Ажырашуу, мал-дүнүйөсүн жоготуп, адамдын

өлүмүнө кайгыруу, жалгыздыктан жапа чегүү, каардануу жана ачуулануу”.

Стаматолог Уильям Малк Гуангил: “Кубандырбаган сезимдер тиштин бошолушуна себеп болот”. Семирүү – өнөкөт оору. Жонаттан Свифт “Дүйнөдөгү эң жакшы дары – режим сактоо, бейпилдик, жаадырап-жайнап жашоо”, – деген. Жашооң тынч болсо, тамагың дары (пайдалуу) болот. Дүйнөдөгү эң жакшы “догдур” – кубаныч, учурашуу, тынчтануу, жакшы адеп-аклак, кечирим. Жатаар алдында баарын кечир, негативдүү сезимден кутул, соо жаша.

Турмушту жөнөкөйлөштүр, ашкере байлыкка кызыкпа, оюн-күлкүдөн алыс бол, анткени алар сени алек кылат, адам байлыкка көз каранды болуп кетсе, рухий азабы көбөйөт. Байлар тынчсыздануусуз жашай албайт, бир аз жоготууга учураса, кан басымы жогорулайт.

Дейл Корнеги: “Тынчсыздануу боюнча Америка биринчи орунда турат. Акыркы дүйнөлүк согушта жүз миндей жоокер каза болгон. Ошол мезгилде эки миллион адам жүрөк оорусунан каза болгон. Алардын жарымы тынчсыздануудан жүрөк ооруга чалдыгып каза болгон. Жүрөк оорусу – дарттардын эң кыйыны. Тынчтанууну билбегендер аз жашап, эрте өлүшөт”. Доктор Алексис Карл: “Континенттин түштүгүндө жашаган негрлерде, кытайларда тынчсыздануу аз болот, турмуштун оорчулугун алар көңүлгө албай, жеңил көтөрүшөт, натыйжасы – жүрөк оорусу менен аз оорушат. Жүрөк оорусуна чалдыгып өлгөн врачтар дыйкандарга караганда 20 эсе көп. Адам алдын ала рухий абалын “дарылабаса”, оорусу күчөй берет, кырсык, кыйынчылык келген учурда дем-күч бере турган жактарын карабаса, башына түшкөн балээ адамдын түбүнө жетет.

Гарвард университетинин окутуучусу Ричард Кабут “Инсан эмне менен жашайт” деген китебинде: Шектенүүнүн, коркуунун натыйжасында пайда болгон ооруларды көрүп, “иш менен алек болуп, эр жүрөк болгула”, – дейт. Жорж Бернард Шоу: “Бактысыздыктын сыры – бош жатып, жайлуу (камфорт), жыргалчылыкта жашоо жөнүндө кыялдануу, ошондуктан иш менен алек болгула, анда каныңар жакшы айланат, акылыңар иштейт, тынчсыздануудан кутуласыңар. Бул – жер бетиндеги эң пайдалуу арзан дары”, – деген. Генерал Джорж Кроктун: “Индустардын бактысыздыгын учурдагы окуялардан коркуп, тынчсыздангандыгынан эмес, кыялдануудан келип чыккан”, – деп ырастайт, б.а. “бекерпоздордун кыялдануусу зыян”. Адамдын ийкемдүүлүгү ден соолукка пайдалуу. Ийилүү мажрум талга, керсейүү терекке окшош, турмуштун шамалы адамды оңго-солго ийип турат, ийилбегени туруштук бере албаган шамалга сынат. “Даанышман адам агын суу сыяктуу, ал агып баратып, ташка урунуп, токтобой өтө берет”.

Калпычылык, шектенүү, эки жүздүүлүк ж.б. – рухий оорулар, анын натыйжасы – дененин дарты. Философ-драматург Абиктувитос: “Денедеги ооруларды айыктыруудан мурда акылыбызды туура эмес ой-пикирлерден айыктырууну” сунуштаган. Англиялык окумуштуу Мильтон: “Акылдын аракети азапты бакытка айлантат, аракетсиздик адамды азапка алып келет”, – деген.

Адамзаттын эң алсыз нерсеси, ичиндеги сырды жашыра албай, башкаларга айтып салуу – бул илгертеден келаткан өнөкөт рухий оору, ал өкүнүчкө, капа болууга алып келет. Ошондуктан сырды жашыр, сыр ачуу, душманды кубантат, досту ачуулантат, көралбастын моокумун кандырат, өзүң капаланасың, анда реалдуулук башкача көрүнөт. Капалануу – тагдыр менен талашып-тартышуу, качып кутулгус нерсеге ызалануу, адамга жакшылык алып келүү үчүн берилген кыйынчылыкка наараzы болуу сыяктуу. Капалануудан жоголгон табылбайт, кеткен келбейт, өлгөн тирилбейт, тагдыр өзгөрбөйт, эч кандай пайда келтирбейт. Шайтандын иши адамды кайгы-капага батыруу, адамдын иши абалын оңдоо, капалануу үмүтсүздүккө өбөлгө болот. Адамдын максаты – ден соолукта бактылуу жашоо.

Ооруга чалдыгып калсаң, ага кайгырбай сабыр кыл. Жетимдик, жесирдик, сокурлук, мусапырлык, кембагалдык, сыркоо – акылдын эң жогорку деңгээлине жетүүгө себеп боло турган мүмкүнчүлүктөр. Уильям Джеймс: “Адам кыйналып ооруганда соо адамдын оюна келбеген, ийгиликтерге алып келүүчү ойлор жаралат”, – деген. Ф.М. Достоевский эпилепсия менен ооруп кыйналбаса, мынча таасирдүү чыгармаларды жазмак эмес. Н.Островский “Болот кантип курчуду” романын ден соолугу начарлап, көзү көрбөгөн абалда жазган. Рузвельт майып болуп, депрессияга дуушар болгон абалда андан чыгуунун жолун издеген, өзү чыккан соң, элин терең депрессиядан чыгарууга жардам берген. Көптөгөн көрүнүктүү инсандар бийликтен кеткенден кийин пайдалуу билимди элге жеткирген.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму депрессия дарты коркунучтуу деңгээлге чейин өсүп жаткандыгын аныктаган. Ал 1973-жылы адамзаттын 3% га, 1978-жылы 5% га өскөн, депрессия ар бир беш жылда 2% га жогорулап жатат. Американыктардын ¼ депрессияга чалдыккан. 1981-жылкы Чикагодогу саламаттыкты сактоо уюмунун изилдөөлөрүнө караганда 200 миллион адам депрессияга чалдыккан (2000). Булардын көпчүлүгү – өнүккөн мамлекеттердин жарандары. Байлар депрессияга чалдыгып жатса, адамга мынча байлыктын кереги барбы?-деген суроо туулат.

Кечиримдүүлүк ден соолукка пайдалуу, ага эки мисал келтирели. Америка-Бразилия рейси боюнча учакка түшөрдө эри аялынын чемоданына билгизбей баңгизат салган. Аялы кармалып, түрмөгө камалган. Бир нече убакыттан кийин көкүрөгү рак оорусуна чалдыгат. Күйөсүн кечирип жибергенден кийин оорудан айыгат. Энеси кызын үйдөн кууп чыгат. Кызы астма дартына чалдыгат. Даарылоо натыйжалуу болбогондуктан, врачтар энесин кечирүүнү сунуштайт. Кызы кечиргенден кийин айыгат.

Ачуусу келип турганда мончого барбаш керек. Барса ооруп калат. Мончодо урушпайт, сөгүнбөйт. Агрессивдүү сезимдери үстөмдүк кылгандарда мээрим жокко эсе болот. Мээримсиздерде ыйман жок. Карл Жейг: “Мага кайрылган оорулуулар ыймандууларга берилген нерселерден куру калган, ыймандуулуктун наркын түшүнмөйүнчө оорулуулар айыга алышпайт”, – дейт.

Илгери ачкачылыктан өлгөндөр көп болгон. Азыр Поль Брэггдин системасы менен ачкачылык аркылуу даарылоо методу бар, б.а. дозадан ашпаган ачкачылык пайдалуу. Мурда коркунучтуу шартта адам бардык күчүн аман калууга жумшап, организмди коргоосун активдештирген (качкан, жашынган, секирген), бирок өлүп калчу. Кийин физикалык активдүүлүк организмге пайдалуу экендигин эл түшүнгөндүктөн спорт пайда болгон. Мурда адам суюктан үшүп, өлүп калчу. Ошондуктан цивилизациянын символу кийим, турак жай керек болду, бирок адамдын ден соолугу начарлады. Азыр эл жылуу сууга жуунуп, муздак сууну куюнуу ден соолукка пайдалуу экендигин түшүндү. Адамга жагымсыз шарт узакка созулса өлөт. Жагымдуу шартта деле акырындык менен өлөт. Синусоида (бирде жагымдуу, бирде жагымсыз) сыяктуу шартта адам өнүгөт. Демек биздин физикалык жана биологиялык талаага синусоида сыяктуу таасир этүү өнүгүүгө шарт түзөт. Денени бөпөлөөнү чектөө менен, адам рухий кубатка толот. Мурда врачтар оорулууну жылуу жерге стационарда жаткызып дарылачу, азыр операция, стресс методу бар.

Илгери монастрлык-мистикалык жана секталык мектепте окугандар монастрдын шартына чыдабай көпчүлүгү өлүп, айрымдары гана тирүү калчу, бирок максималдуу жүктөмдү көтөрө алгандар бышык болгон. Дененин кызыкчылыгы жогору коюлган прагматикалык коомдордо рухий деградацияланып бараткандар көп, ден соолуктары начар.

Окумуштуулар койго эксперимент жүргүзүшкөн. Электромагниттик толкундан изоляцияланган камерага койду киргизген. Он күндөн кийин биологиялык талаасы начарлап, кой өлгөн. Кыска мөөнөттө камерага киргизилген койдун биологиялык талаасы да, физикалык абалы да жакшы болгон. Адамдын биологиялык талаасы да, физикалык абалы да начар болсо, жашай албайт. Кыска мөөнөттө камерада отурган адамдын эске тутуму жакшырып, жөндөмү өнүккөн. Аңдоого таасир этүүчү аппарат адамдын психикасына, рухуна таасир этет, бирок агрессивдүүлүгү козголот. Окумуштуулар адептик-этикалык элементтерди унутпай, изилдөөнү туура концепциянын негизинде жүргүзсө, адамдын биологиялык, психикалык өзгөрүүсүн тыкыр анализдесе, бул адамды калыптандыруунун маанилүү рычагы болушу мүмкүн, бирок кичине жаңылыштыгы чоң көйгөйгө алып келиши мүмкүн.

Гербалайфты тапкандар өсүмдүк бейаңдын агрессиясын токтоторун аныкташкан. Чийки жашылча-жемиштер менен азыктанган адамдар көп жашаарын байкаган. Адамдын адептик-эмоционалдык багыты Жогорку күчкө, ааламдын мыйзамдарына каршы болбосо, өсүмдүктүн даарылоочу эффекти болот. Адамдын мүнөзү оңолбой, көз карашы туура эмес болсо, дарынын натыйжасы минимумга түшөт. Чөптөр менен дарылоо адамдардын рухий абалын гармониялаштырат, физикалык абалын оңдойт, бирок адам мүнөзүн, адеп-ахлагын оңдобосо, башка көйгөй чыгат.

Стресс боюнча адис, профессор, Эл аралык академиянын академиги Леонид Китаев-Смык: “Акыркы модалуу дененин жарымы көрсөтүлгөн

аялдардын кийими эркектердин жыныстык ооруларына (простатит, аденома, импотенция, рак) себеп болот. Аялдары денесин жаап кийинген элдер гана жашап кете алышат”, – дейт.

**Бышыктоо**. Илгери грек даанышмандары психикалык оорулууларды дарылоодо дыйкандын жумушун аткарууга мажбурлачу. Кыска убакытта алардын абалы оңолуп, оорусунан айыгып кетчү. Кара жумушта иштегендердин көпчүлүгүнүн ден соолугу чың болуп, бейпилдик турмушта жашары белгилүү.

Калктын саламаттыгы начарлаган абалдан чыгуунун мындан башка жолу барбы? Аба ырайынын ар кандай абалына карабастан, таза аба менен дем алып, бир саат басуу, башын өйдө көтөрүп, көкүрөгүн түз кармап, дененин келишимдүүлүгүнө көңүл бөлүү. Эмгектенүү, физикалык көнүгүү, режимди сактоо, тазалык, тартип, ак ниеттүүлүк, ойдун тазалыгы, пейилдин кеңдиги, айкөлдүк  ж.б. зарыл. Үй-бүлө,  кошуна, тууган арасында ынтымакта жашоо, уйкуну кандыруу – дилдин (психиканын) соолугу үчүн керек. Ден соолуктун чың болушунун мыйзамдарын, акыл-эстин, рухтун табигатын, гигиенанын эрежелерин билүү, аны аткаруу, дененин, акыл-эстин, рухтун биримдиги, табигат менен таттуу мамиледе жашоо ден соолук үчүн керек.

Окуучуларды үч топко бөлүп, төмөнкү тема боюнча долбоор түзүү сунушталат: соо коомдун маанайы, оорулуу коомдун оңолушуна карата чаралар,  жашоонун сергек мүнөзү.

**Жыйынтыктоо.** Ден соолукта болуш үчүн жашоонун сергек мүнөзүн тандагыла. Ден соолукка пайдалуу оюндарга катышкыла. Эл менен мамиле түзүү маданиятын өздөштүргүлө. Профилактикалык чараларды көрүп, гигиенанын эрежелерин сактагыла.  ГМО (генетикалык өзгөртүлгөн азыктар), гармон кошулган этти, концентраттарды пайдаланбагыла. Бөлмөлөрдү дайыма желдетип, таза аба, күндүн жарыгын камсыз кылуу керек. Адал, накта, жаңы (бузулбаган), организмге пайдалуу азык-түлүк менен азыктангыла. Аппетит тарткан тамакты колдонуп, майдалап чайнагыла (Кто дольше жует, тот дольше живет), жумасына бир жолу айран же алма менен чектелип, организмдин тазаланышына мүмкүндүк түзгүлө (б.а. физиологиялык тыныгуу) керек.

“Күлкү – ден соолуктун мүлкү”,–  деп айтылат. Жаадырап-жайнап, болгонго каниет кылып жашайлы.  Белгилүү психотерапевт доктор Эй Прейил: “Ыймандуу адам психикалык ооруга чалдыкпайт”, – дейт. Ыймандуулук – чоң дары. Ыйман бул – эң күчтүү энергия, рухий даба. Ыймандуулукка умтулалы, ден соолукта жашайлы.

## Жалпы адамзаттык баалуулуктар

**Сабактын максаты:** Адамдын өмүрү – жогорку баалуулук экендигин түшүндүрүү, баалуулуктар жана моралдык милдет жөнүндө түшүнүк берүү.

**Доскага: “**Бардык баалуулуктарды жыйынтыктасак, адамзаттык баалуулуктун негизин адептүүлүк түзөт” (А. Эйнштейн).

**Жаңы тема**: Баалуулуктар деп – адамдын турмушунда жана коомдук чөйрөлөрдө оң маанини ачуучу социалдык мамилелерди (жакшылык, адептүүлүк, сылыктык, ак ниеттүүлүк ж.б.), нарктуу нерсени аташат.

Баалуулуктар: материалдык (акча, алтын, машина ж.б.), коомдук, үй-бүлөлүк (үй, мүлк, анын документтери), мамлекеттик (казына, маданий мурастар ж.б.), рухий-этикалык (билим, маданияттуулук, ыймандуулук ж.б) болуп бөлүнөт. Мындан тышкары турмуштук баалуулуктар бар. Турмуштук баалуулук – бул принциптер, ынанымдар, багыттар, артыкчылыкты аныктоо жөндөмдүүлүгү.

Б.С. Ересов баалуулуктарды: виталдык, социалдык, моралдык, диний, саясый, эстетикалык баалуулуктарга бөлгөн.

Виталдык: өмүр, ден-соолук, коопсуздук, материалдык камсыздык, физикалык абал (токчулук, тынччылык, сергектик), күч, чыдамдуулук, экологиялык таза чөйрө, комфорт ж.б.

Социалдык: статус, социалдык абал, эмгекти сүйүү, байлык, кесип, патриотизм, тартип, камбылдык, гендерлик теңдик, көз карандысыздык, ийгиликке жетүү, багыттуулук (мамлекеттик, улуттук, интернационалдык).

Саясый: сөз эркиндиги, жарандык эркиндик, мамлекеттүүлүк, мыйзамдуулук, жакшы өкмөт, тынчтык, тартип ж.б.

Моралдык: жакшылык, мээрим, достук, милдетин билүү, намыс, ак ниеттүүлүк, ишенимдүүлүк, өз ара жардамдашуу, калыстык, улууну урматтоо, балдарды сүйүү ж.б.

Диний: (христиадарда) Кудай, ишеним, күнөөдөн сактануу, жагымдуу жашоо, Ыйык жазуу, Инжил, чиркөө; (мусулмадарда) Куран, шарият, ыйман, хадис, мечит, парз амалдары ж.б.

Эстетикалык: сулуулук, идеал, гармония, каада-салт, маданият ж.б. (Ерасов Б.С. Социальная культурология. – М., 1996. С.115).

Ар бир коомдук экономикалык формацияда жашаган элдердин ар башка баалуулуктары болот. Адам өз тагдырына, Мекендин келечегине таасири тие турган жаратылыштын көрүнүштөрүнө, социалдык абалга, чөйрөнүн турмушуна баа бербей коё албайт. Адамдын аң-сезими өзгөргөн сайын баалуулуктун мааниси башка социалдык категориялардай эле кошо өзгөрүп турат. Рухий-этикалык баалуулуктарга караганда экономикалык баалуулуктар жогору бааланган коомдун көйгөйлөрү көп болот.

Биздин доордун I кылымына чейин жалпы адамзаттын прогрессивдүү бөлүгү иудаизм, VII кылымга чейин христиан дининдеги моралдын негизинде жашаган. Ошондуктан аны жалпы адамзаттык баалуулуктар деп аташат. Христиандын католик канатын карманган элдер сүйүүгө, православ канатындагылар адептүүлүккө, моралга көбүрөөк маани беришет. Ислам баалуулуктары алардан айырмаланат. Мусулмандар сүйүүгө, этикага, ыймандуулукка да маани беришет.

Жалпы адамзаттык баалуулуктарды билбесек, башка элдер менен алака мамиле түзүүнүн жол-жоболорун билбей калабыз. Адам кандай баалуулуктарды тандаса, ошого жараша тагдыры аныкталат, ден соолуктун

абалына анын таасири бар. Туура эмес баалуулуктар системасында жашаган коомдо маселелер (көйгөйлөр) көбөйөт. Убагында бааланбаган мүмкүнчүлүк жана баалуулук баасын жоготот.

Индус философиясында: “Жер жүзүндөгү баалуулуктарга (таланттуу адамга, тулпарга, шумкарга, сулууга, мыкты үйгө, акчага ж.б.) ашкере берилүү, кумардануу, каалоолор адамды көз карандылыкка алып келет, ал бактысыздыкка алып келет”, – деп ырасталат. Алардын пикиринде: “Бакытка жетиш үчүн ашкере берилүүдөн, кумардануудан, каалоолордон баш тартыш керек. Адамдын аңында (в подсознании) ааламдагы бардык мамилелер жөнүндө маалыматтар бар. Бул мозаикага карата адамдын мамилесинен анын ден соолугу, мүнөзү, тагдыры көз каранды. Ашкере берилүүнүн зыяндуулугун түшүнүү – дарымдоо, дубалоо, арбоо сыяктуу таасир этет”. Кытайлыктар: “Каалаганың аткарылып калсын, жолуң болсун”-деген сөз каргыш катары таанылат. Анткени каалаганы аткарылгандар ойлонбойт, изденбейт, аң-сезими, акыл-эси өнүкпөйт. Ошондуктан байдын балдарынан эси жоктор чыгат, б.а. кумардануу, каалоо – баалуулук эмес.

Орус педагогикасынын классиктери Л.Н. Толстойдун, К.Д. Ушинскийдин, Н.И. Пироговдун ж.б. эмгектерине караганда: “Тарбиялоодогу эң жогорку баалуулук – балага дүйнөнүн биримдиктеги илимий көз карашын калыптандыруу, адамдын ички тынчтыгы, эркиндиги, адамдын жыйнактуулугу”. Динден бөлүнгөн билим берүү дүйнөнүн биримдиктеги көз караштЫ, адамдын ички тынчтыгын, туура баалуулуктарды  ж.б. толук камсыз кыла албастыгы XX кылымдын аягында аныкталды.

Батышта үй-бүлө, нике жөнүндө элдин бирдей пикири жок болгондуктан, ал баалуулук катары класста талкууга коюлбайт. Ата Мекендик педагогикада адептик тарбиянын башаты, негизи – үй-бүлө, баланы калыптандыруучу, аны коомдо жашоого үйрөтүүчү  маанилүү институт катары үй-бүлө таанылат.

Америкалыктардын баалуулуктары: акча, башкаларга окшобогон күчтүү лидер болуу, каалоосунун аткарылышы, жашоосунун корголушу, материалдык камсыздануу, жайлуу үй, сексуалдуу өнөктөш, туруктуу маяна ж.б. Моралдык сапаттар, адептик нормалар экинчи пландагы маселе.

***Ар башка тарбия көргөн адамдардын баалуулуктарынын багыттары***

| **Батыштын баалуулуктары** | **Советтик баалуулуктар** | **Азыркы баалуулуктар** |
|---|---|---|
| Камбылдык | Атеизм | Ыймандуулук |
| Ишмердүүлүк | Демилгелүүлүк | Акылмандуулук |
| Өздүк менчикке кол тийбестик | Адамдын укугунун кепилдиги | Эмгекти сүйүү |
| Көп пайда табуучу эмгек | Адамдын кызыкчылыгынан мамлекеттин | Ынтымак |

| | | |
|---|---|---|
| | кызыкчылыгынын жогорулугу | |
| Жүрүм-турумду, ынанымды тандоо эркиндиги | Башка идеологияга каршы күрөшүү | Билимдүүлүк |
| Профессионализм | Милдетти сезүү | Толеранттуулук |
| Башкалардын ишине кийлигишпөө | Эмгектеги тартип | Акча |
| Эмгектеги тартип | Билимдүүлүк | Профессионализм |
| Саясый укуктун кепилдиги | Меймандостук | Милдетин билүү |

Дүйнө таанымы кенен, айкөл, кичи пейил, ыймандуу адамдар болушат, баалуулуктары кынтыксыз, ички ааламынын чеги жок, анын эмгектери мезгилдин элегинен жеңил өтөт, ага баары маанилүү жана тиешеси бар. Табигаттын абалы, адамзаттын тагдыры, өз элинин көйгөйлөрү жана келечеги аны ойлондурат. Мына ушундай адамдар элинин абалын оңдоп кетүүгө жөндөмдүү болушат.

Эми адамдардын баалуулукту тандашына жараша натыйжасы кандай болот, ошого токтололу. Бийликти жогорку баалуулук деп эсептегендер ага жетишет, бирок өзүн токтото албай, кийин ырайымсыз (деспот) болуп кетишет, алар өмүрүнүн акырында ыза көрүп жашашат. Баалуулуктары атак, жогорку статус болгон адамдар ага жеткенден кийин жеңил ойлуу жүрүм-турумда жашашат, алар жөнүндө ЖМКда көп жазылат, бирок өмүрүнүн акыркы бөлүгүндө бактысыз болушат. Жакшы ашпозчулар баалуулуктардан көз каранды эмес, кең пейил адамдар болушат. Байлыкты жогорку баалуулук деп эсептегендер дүнүйө-мүлк, акча, алтын ж.б. топтошот, анысы кемисе маанайы бузулуп, ден соолугу начарлайт, айрымдары депрессивдүү абалда жашашат. Атак-даңкка умтулгандар ага жетишет, кийин рухий жактан чабал болушат. Эрктүү адамдар бардык майда каалоолорун жеңип, жогорку максатын калтырат, ийгиликке ушулар жетишет.

Христиандар: баалуулуктардан көз карандылыгын төмөндөтүү максатында "Господи на все воля твоя", – деп айтышат. Мусулмандар: "Кудай каалаcа же буйруса иш оңунан чыгат" – дешет. Баалуулуктардан көз карандылыктан абсолюттуу кутулуу кыйын.

Энелер балдарын сүйүп, мээримин төгүп, алардан эч нерсе талап кылбайт, мындай шартта баалуулуктардан жана курчаган дүйнөдөн көз карандылыгы төмөндөйт. Баалуулуктан көз карандылыгы төмөн адамдар көп жашашат. Ошондуктан бала көрбөгөндөрдүн санаасы көп болот.

Мамлекеттин жогорку баалуулугу катары – адам, анын эркиндиги жана укугунун корголушу эсептелет. XVI кылымда буржуазиялык идеологдор адамды жогорку баалуулук катары жарыялашкан. Мусулмандарда ыймандуу адамдын өмүрү – жогорку баалуулук. Бир адамдын өмүрүн сактап калуу – ийгиликтин эң чоңу. Бир адамдын өмүрүнүн

кыскарышына себеп болуу – жамандыктын эң чоңу. Жакшы адамдын өмүрү кыска болот, – деген ишеним пайда болду, анткени жамандардын азабын жакшылар тартууда. Бул адамдардын жер жүзүндөгү моралдык милдетин унутуп, кызыкчылыгын көздөп калышы менен байланыштуу. Ыймандуулукка умтулууга ар ким милдеттүү. Моралдык милдетин унутуп, ар ким каалаганын кылса, коом кризиске келет.

**Мугалим**: Ыймансыз (кылмышкер, каракчы, рецидевист, мамлекеттин коопсуздуна чыккынчы, зыянкеч, сойку ж.б.) адамдын өмүрү жогорку баалуулукпу? (окуучулардын пикирин угат).

Ыймандуулуктун өзү да жогорку баалуулук, анткени ыймандуулардын жүрөгүндө бейпилдик болот. Бейпилдик болгон жүрөктүн жыргалы болот. Кайда барса ал өзү менен бирге жүрөт. Жүрөгүндө ыйманын жоготкондордун бейпилдиги, жыргалы жок болсо, тапкан байлыгынын наркы канча? Ыйманды тапкандар рухий казынанынээлери.

Жеңил жетишкен нерсеге караганда күрөшүп, физикалык жана рухий жактан кыйналып, азап тартып жетишкен нерсе баалуураак көрүнөт. “Арзандын сорпосу татыбайт”, “Колдо бар алтындын баркы жок”.

В.А. Сухомлинский: “Адам – эң башкы баалуулук, адам таануу эң башкы предмет болгон учурда гана мектеп чыныгы мектеп боло алат”-деген. Анын жалпы адамзаттык баалуулуктардын түзүмүндө:

1) турмуш, аалам, жер, табият, суу;

2) адам, үй-бүлө, жамаат, калк, адамзат;

3) жалпы адамзаттык моралдык баалуулуктар: адамгерчилик, кең пейилдик, ак ниеттик, сезимталдуулук, сүйүү, абийир, жакшылык, ар намыс, чынчылдык, тартиптүүлүк, ак көңүлдүк, айкөлдүк ж.б. (В.А. Сухомлинский. Уроки педагогикческого мастерства для родителей. Киев. 1976).

Мурдагы баалуулуктар азыр маанисин жоготту. Сырткы күчтөр жаштарга өз баалуулуктарын таңуулап жүрүшөт. Миссионерлер христиандык баалуулуктар жазылган китептерин таратууда, сектанттар балдарга бекер тамак берип, семинарларды өткөрүүдө. КРСУнун студенттерине Россия элдеринин жана кыргыздын (анын ичинде христиандык православ, исламий) баалуулуктарга, АУЦАнын студенттерине жалпы адамзаттык, англо-америкалык баалуулуктарга, “Арашан” гуманитардык институтунун, “Манас” атындагы Кыргыз-Түрк Университетинин студенттерине түрк тилдүү элдердин баалуулуктарына, М.Кашгары атындагы Чыгыш университетинде чыгыш баалуулуктарына, Умар бин аль-Хаттаб атындагы Ислам университетинде диний баалуулуктарга, И.Раззаков атындагы КМТУда аксиологиялык, культурологиялык баалуулуктарга, ОшМУда, Ж.Баласагын атындагы КУУда, И.Арабаев атындагы КМУда өлкөнүн ичиндеги элдердин баалуулуктарына артыкчылык берилип окутулуп жатат. Кытай тилин өздөштүргөн жаштар буддизмдеги баалуулуктарга багыт алууда. Мындан башка баалуулуктарды тандагандар да бар. Алар Кыргыз Республикасынын жарандары болгону менен ар башка тилде сүйлөгөн адамдар сыяктуу, көз караштары ар башка багытта калыптанууда. Азыр

бирин-бири түшүнбөгөн студенттер пайда болду. Мамлекеттүүлүктү сактап калыш үчүн бардык жарандардын биримдиги маанилүү. Өлкөбүздөгү бардык жарандарды бириктирүүгө жөндөмдүү баалуулуктарды камтыган система барбы? Элдин көз караштарын бириктирүүгө жөндөмдүү баалуулуктары бар система кайсы? Ар ким “жеген акырынын” баалуугун жактай берсе, элдин келечеги кандай болот? Эл кантип бир жакадан жаш, бир жеңден кол чыгарат? Ойлонолу.

Кыргызстанда ааламдашуу саясатын жактоочулар “жаштарга жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде тарбиялаш керек” – деген пикирди карманышат. Педагогикалык адабияттарда «жалпы адамзаттык баалуулуктар» деген сөздү «Батыштын баалуулуктары» деген сөзгө синоним катары берилет, азыр көпчүлүк ошондой түшүнөт. 1993-жылы америкалык окумуштуу С.Хантингтон ар башка өлкөлөрдүн баалуулуктары боюнча 100 өлкөнүн баалуулуктарын салыштырып, анализ жүргүзгөн. Батыштын баалуулуктары жалпысынан эң төмөнкү статуска ээ экендиги аныкталган. (Hunti-ngton S.Ph.The clash of civili –ations ?//Foreign affairs 1993-vol 72-№3-p-22-49). Азыр дүйнө жүзүндө Батыш маданиятын тууроо актуалдуулугун жоготуп баратат. Ал эми көп маданияттардын баалуулуктарынын жакшы жактарын алуу актуалдуу болууда. Аны «баалуулуктардын мозаикасы» – деп аташат [11].

Чыгыш элдери материалдык баалуулуктан рухий баалуулукка артыкчылык беришкен. Биз Чыгыш элдерине киребиз, кыргыз эли рухий баалуулукка жогору баа берип жашап келген – намыскөй элдердин бири. Батыштагылар рухий баалуулукка караганда материалдык баалуулукка артыкчылык беришкен.

**Бышыктоо**. Окуучулар төрт топко бөлүнүшүп, төмөнкү суроолордун тегерегинде талкуу жүргүзүлөт. Ар бир топтон бир окуучу топтун пикирин билдирет.

1. Кыргыз элинин тарыхындагы баалуулуктары.
2. Тарых музейиндеги баалуулуктар, Кыргыз Республикасындагы тарыхый эстеликтер.
3. Дүйнөлүк маданий баалуулуктар.
4. Кыргыз элинин азыркы рухий-этикалык баалуулуктары (каада-салты, дини, турмуштук философиясы, маданияты ж.б.).

Доскага азыркы баалуулуктарды жазгыла: сапаттуу билим, жакшы иш, бактылуу үй-бүлө, байлык, искусстводогу, спорттогу ийгилик, илимде ачылыш, жакшы ден соолук, өзүн-өзү урматтого жетишүү, кооз кийим, даамдуу тамак, зер (алтын, күмүш, асыл таш) буюмдары, бийлик, коомдогу жогорку статус, жакшы үй, табигатты сактоо, мамлекеттин өнүгүшү, атак-даңк ж.б. Булардын кайсынысына умтулуу керек? Байлык, бийлик, атак ж.б. адамга бакыт береби? (окуучулардын пикирин угат).

Америкалык психологдор 1946-жылдан 1978-жылга чейин элдин

бактылуулук деңгээлинин өзгөрүшүн изилдешкен. Ушул мезгилде калктын материалдык абалы жогорулаган. Социологиялык сурамжылоо боюнча калктын ички абалы ошол эле боюнча калгандыгы аныкталган. 22 өтө чоң суммада лотореяда  утушка ээ болгон адамдар менен көзөмөлдөөчү 22 адамдын психологиялык абалын изилдеп көрүшкөн. Ички  абалынын айырмасы жок, бирок утушка ээ болгон адамдар олуттуу көйгөйлөрдүн пайда болгонун белгилешкен. Тааныштарынын көрө албастыгы, душмандык мамиле пайда болгонун, башка районго көчүп кеткендерди ал социалдык (жогорку) тепкичтеги чөйрө жээрип, жүдөгөндүгүн, жумушун таштап, жалгыздыктан жапа чеккендигин ж.б. проблемаларын билдиришкен.

**Жыйынтыктоо**. Адамдын адептик жана жарандык баалуулуктарды өздөштүрүп жетилгендигинин белгиси – кесип тандоодо үй-бүлөсүнүн, эли-жеринин, Мекенинин, кызыкчылыгын эске алуу менен, алардын маселелерин чечүүгө умтулуу, мамлекеттин коргоо жөндөмүн чыңдоо, турмуш абалын жакшыртууга багыт алуу эсептелет. Ушуга жетишели. Баалуулуктардын жакшысын табалы, ошону тандайлы, биримдикте жашайлы, мамлекеттүүлүгүбүздү сактайлы.

## Көз карандылыктын зыяндуулугу, андан кутулуунун мааниси

**Сабактын максаты:** эркиндиктин маанисин, көз карандылыктын зыяндуулугун, андан кутулуунун жол-жобосун тушүндүрүү.

**Жаңы тема.** Эркиндик деп – адам максатына жетүү үчүн аракет этүүгө, оюндагысын аткарууга мүмкүнчүлүктү аташат. Эркиндик бул – өз максатын, жашоо жолун, ага жетүү каражатын өзү аныктоого мүмкүнчүлүк. Сөз айтуу, укуктук, абийирдин, өнүгүүнүн, уюштуруунун ж.б. эркиндиги болот. Антогонисттик (грекче antoqonisma – күрөш б.а. карама-каршы багыт) коомдордо адамдардын эркиндиги чектелип келген. Эл ак сөөк, көпөс, бай-манап, дыйкан ж.б. болуп, кастага, тапка, түркүмгө (сословие) бөлүнүшкөн. Төмөнкү катмардагы адамдарга оюндагыдай иш-аракет кылып, жашоого эркиндиги чектелүү болгон.

Көз карандылык деп – бирөөнүн эркине, саясатына же өз напсисине багынууну (баш ийүүнү) аташат. Напси бул  – өзүмчүлдүк, көңүл ачууну каалоо, кумардануу, даамдуу тамакты, кооз кийимди, ырахатты эңсөө, арзуу ж.б., тактап айтканда напси адамдын айбандык сапаттары: азгырык-каалоолор, уйкуну жакшы көрүү, өз көмөчүнө күл тартуу, жыныстык эңсөө, түркөйлүк, жаман ой-пикир, ач көздүк, жагымсыз мүнөз, жаңылыш ишеним ж.б. Көз карандылык бул –  адамдын эркинин жетишсиздиги, абалга жараша аракет этүүгө мүмкүнчүлүктүн жоктугу. Көз карандылыкка синоним сөз – кулчулук. Кул деп – өз эркин кожоюнга баш ийдирген же бир жаман адатка баш ийген адамды аташат. Кулчулук бул – кожоюндун менчиги катары адамды эксплуатациялоонун одоно түрү. Адамдын кулчулугунун түрлөрүн көбүнчө көз карандылык дешет. Көз карандылыктын түрлөрү: колониялык, саясый, финансылык, аң-сезимден, компьютерден (интернеттен), баңгизаттан, тамекиден, спирт ичимдигинен, үналгыдан, кумар оюндардан

(лудомание),  музыкадан (меломание), косметикадан, дарыдан, соргоктуктан ж.б.

Алгачкы адам табигаттын кубулуштарынан (чагылган, күн күркүрөө, мөндүр ж.б.) абсолюттуу көз каранды болгон, анан жашап кетүү үчүн аны өздөштүргөн, кийин башкарууга, анан багындырууга далалаттанган, азыр экологияга зыян келтирип, бүлдүрө баштаган. Адам – табигаттын бөлүкчөсү. Аны толук бүлдүрсө, өзү жашай албайт, ошону унутпайлы.

XIX кылымдын аягында христиандар: “Эркиндик, теңдик, бир туугандык, тынчтык”  деген ураан менен чыгып, динден  көз карандылыктан кутулууну каалашкан, натыйжасында көз карандылыктын көп түрүнө келди, б.а. бир көз карандылыктан (христианчылыктан) кутулам деп, көп балээге тутулду, анткени напсинин табигаты менен эсептешпей туруп, эркиндикке жетүүнү эңсеген.

Алдуу алсызды, акылдуу акылсызды, билимдүү билимсизди күч же алдоо менен кулчулукка айландырып келген. Кул элөөчүлүк, феодализм, капитализм ж.б. коомдук экономикалык формацияларда кулчулуктун ар кандай формалары тарыхта белгилүү. Акыркы кылымдагы кулчулуктун формасы – колониялык саясат.  Колония деп (латынча colonia – зордук, көчүрүү, байыр алдыруу) күчтүү өлкөнүн алсыз өлкөгө саясий, экономикалык ж.б. көз каранды кылууну, атайын режимде башкарып, сырье булагына айландырууну аташат. Бул – тышкы көз карандылык.

Адамды, элди, мамлекетти кулчулукка айландыргысы келгендер – душмандар. Алар ички жана тышкы душман болуп экиге бөлүнүшөт. Душман түрдүү айла-амалга салып, көздөгөнүн сенден алалбаса, достук мамиле кура баштайт, коюн-колтукка кирип алгандан кийин, анын жойпулугуна, зомбулугуна көз жумуп чыдаганга аргасыз болосуң. Достун маскасын кийген ичтеги душман коркунучтуу, анткени урабас чептердин көбү ичтен казылган көр аркылуу уратылат. Биримдиктер ичтен иритилет, ынтымак ичтен ыдыратылат. Ынтымагы ыдыраган элди көз каранды кылуу оңой.

Адамдын напсиден көз карандылыгы кантип пайда болот? Дүнүйө, байлык, мансап, атак-даңк, аялдын эркекке (эркектин аялга) болгон кумардануу сезими сыяктуу напсинин чектен чыгарган бардык аракеттери ***шакыбат*** деп аталат. Шакыбат – адамдын тузагы же капканы. Мындай сыноолорго жеңилүү – шакыбаттын кулчулугуна алып келет. “Кара курсактын суктугу болбогондо эч бир канаттуу тузакка түшмөк эмес” (Саади). Балыктын бары эркиндикте бейкапар жашап жүргөндө, куу кекиртектин айынан кайырмакка илингенин байкабай калат. Напсинин тойбос каалоолоруна багынып, балык сымал балээге кабылган адамдар жер жүзүндө аз эмес.

Каражаттан, саясаттан көз карандылык кантип пайда болот? Айрым адамдар, кубатсыз мамлекеттер өзүнө саясий, экономикалык, акыл жактан таяныч издешет. Саясий лидерди, пир (кумир), өлкөнү таяныч тутуп, кубаттуу мамлекеттин колдоосун күтөт.  Башкадан жардам (колдоо,

маалымат ж.б.) алууну каалаган адам (мамлекет) акыры көз карандылыкка келет. Адамдын каражаттан, саясаттан ж.б. көз карандылыгы канчалык жогоруласа, өзүнүн турмуштук маселелерин чечүү мүмкүнчүлүгү азаят, анан карыйт. Каражаттан, саясаттан көз каранды мамлекет ички абалын оңдой албайт. Элдин көз карандылыгы канчалык көп болсо, мамлекеттин саясый, экономикалык, финансылык көйгөйлөрү көбөйөт, эл өнүгүүдөбүз деп ойлогону менен, деградациялана берет. Ошондуктан өз маселесин өзү чечип, эч кимдин жардамына муктаж эмес болуш керек.

Советтер Союзунда: "станокто иштеген жумушчу байдан акылдуу, айкөл, ак ниет" деген иллюзия түзүлгөн. "Мамлекетти кедейлер башкарыш керек",- дешип, байлар, билимдүүлөр репрессияланган, коомдун иллюзиядан көз карандылыгы өтө коркунучтуу. Өнүкпөгөн өлкөлөрдө адамдар мамлекеттин өркүндөбөгөн мыйзамынан, тартибинен, идеологиядан көз каранды болушат, андай өлкөлөрдүн мыйзамдары өркүндөтүүгө муктаж, элдин пири, көз карандылыгы канчалык көп болсо, ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгү төмөн болот.

"Демократиялык" (чыныгы демократияга жете элек) коомдогу адамдардын кулчулугу жөнүндө айта кетели. Өзүмчүл, шылуун адамдар коррупцияланган топко биригишип, бийликке келишет. Жүзөгө ашырууга реалдуу эмес программаларды түзүп, "мен өлкөнү Швейцарияга айландырам"-деген сыяктуу убадаларды берип, элди алдайт. Өз "абалын оңдоп", кызмат ордун коргоп, өлкөнү коррупцияланган өлкөгө айландырат. Алар илимде, саясатта ж.б. жакшы, ак ниет, билимдүү, ыймандуу жетилген адамдарга жол бербейт.

Ал эми өлкөнүн ичинде ар башка тармактарда иштеген ак ниет адамдар болушат. Алар миллиондогон акчаларды мамлекетке пайда келтирип турушат. Өздөрү эл кийгенди кийип, эл ичкенди ичип, эл катары жашашат, адамдарга жардам берип, көптөгөн маселелерди чечишет, бирок мамлекеттин миллиондогон акчаларынын каймагын бийликтегилер калпып алып турганын түшүнүшөт, аны өзгөртүүгө чамалары жетпей, дүйнөдөн көзү өткөндөр болот, бирок андай адамдарды эли сүйөт. Ошентип, өз өлкөсүндө бейадеп адамдардын кулчулугунда жашагандар аз эмес. Казакта макал бар: "Жакшылар жакшымын деп айта алмайды, жамандар жакшымын деп айхайлады". "Жаман уул элдин малын жейт, жакшы уул элдин камын жейт". Илгери жаман уул элдин малын жечү, азыр малын, акчасын жана башка материалдык баалуулуктарынын барын жейт. "Бетеге кетип, бел калат, бектер кетип, эл калат. Суу кетет да сай калат, хандар кетип эл калат, (Жеңижок). "Эл камын жеген уулдун артында даңкы калат, малын жеген уулдун артында тарпы калат".

Башка көз карандылыкка адам кантип кабылат? Жашоонун маңызы эмнеде? Адам жашоонун маңызы – жөндөмүн, интеллектин, шыгын өнүктүрүү деп ойлосо, эмоционалдык чөйрөсү, башка жерге көнүү (адаптациялануу) мүмкүнчүлүгү жогору болот. Учурда өспүрүмдөрдөн артта калганы менен келечекте көп ийгиликтерге жетишет, бирок ага көз

карандылыгы артып, акылы өнүкпөй калгандарга карата агрессивдүү сезимдери козголуп турат, аны жеңиш кыйын. Натыйжасы өнөкөт ооруларга чалдыгып, кырсык басат. Агрессивдүү сезимдер (жек көрүү, өч алууну каалоо, сын тагуу ж.б) адамдын ден соолугун, чөйрөнү бүлдүрүүчү программа сыяктуу.

Материалдык же рухий баалуулукка багыт алууну адам максат кылса, ага жетет, анан өзүнөн төмөндөргө карата текеберленет же ачуусу келет, мунун натыйжасы – психотравма жана стресс. Адам жашоонун маңызы жогорку моралдык сапаттарга ээ болуп, идеалдуу адам болууга, сүйүүгө умтулса, ийгиликке жетет, бирок моралдык сапаты төмөн адамдарга жини келет. Адамдардын материалдык же рухий баалуулукка умтулуусу, сүйүүсү канчалык күчтүү болсо, көз карандылыгы ошончолук артат, демек артта калган адамдарга карата негативдүү сезимдери козголот. Элдин агрессивдүү сезимдери жогорулаган сайын кара ниет, таш боор  адамдар арбыйт, ошондуктан байлар да ыйлашат, акылдан да, сүйүүдөн да азап тарткандар аз эмес.

Карылык – адамдардын аң-сезимден жана курчаган дүйнөдөн көз карандылыгынан пайда болгон оору. Летаргиялык уйкудагы (дем алуусу, тамырдын согушу билинер-билинбес абалда, акылдан ажырап узак убакыт уктаган) адамдар карыбайт, ойгонгондон кийин тез карып кетишет, демек адам көз карандылыгын төмөндөтсө узак жашамак. Чыгармачыл адамдар кеч карып, узак жашашат, анткени алардын көз карандылыгы төмөн болот.

Психологдор адам курчаган чөйрөгө караганда аңдоодон (подсознание) көз каранды деп ырасташат. Илим аңдоонун табигатын билип, аны багындыруу боюнча б.а. ага таасир этүү ыкмаларын табууга чабуул жасоодо. Адепсиз илимпоздор экологияга зыян келтирди, калктын ден соолугунун начарлашына  анын тиешеси бар. Бүлдүрүүнүн, талкалоонун ар кандай механизми табылды. Адамдын аңдоосун коюп, рухий, психикалык, экологиялык коргоо системасын ойлосо дурус болот эле.

Сыналгыдан көз карандылар максатсыз аны карап отура беришет. Күнүнө үч саат телеберүүлөрдү көргөндөр 64 жашында өмүрүнүн сегиз жылын сыналгы көрүп өткөрүшөт, б.а. өмүрүнүн 1/8 бөлүгү бекерчилик менен өтөт. Интернеттен көз карандылар да өмүрүнүн айрым бөлүгүн бекерчилик менен өткөрүшөт. Анысы аз келгенсип, “Синий кит”, “Явигре”, 420 саны менен байланышкан  программаларды көргөн өспүрүмдөрдүн суициддик өлүмү көбөйүүдө. Телекөрсөтүүдөгү, интернеттеги негативдүү маалыматтар мээде чогула берет. Мээдеги позитивдүү маалыматтарга караганда негативдүү маалыматтар үстөмдүк кылса, адам бактылуу болбойт. Бейадеп программистердин, журналисттердин маалымат согушунун туткунунда жаштар калууда, алардын зыянын эсептөө мүмкүн эмес.

Тамактан көз карандылар соргок болушат, соргоктук ден соолукка зыян.  Соргоктук, суктук – зээндүүлүктүн душманы. Алардын балдары зирек болбойт. Жыныстык жашоого көз карандылар венерологиялык учетто турушат, психикалык-соматикалык маселелери көбөйөт, өмүрү кыскарат.

Нарктуу жашоонун даамын татпай, аң-сезими төмөн абалда көзү өтөт. Алар өткөнүн ойлоп, өкүнөт. Адам өткөнүн ойлоп, өкүнө берсе, азабы көбөйө берет. Адам өткөндүн туткунунда кулчулукта калат. Аны кечирип жиберген адам маанисиз кулчулуктан, азаптан кутулат.

Адамдын каалоосунун чеги болбойт. Бүгүн бир каалоо, эртең башка каалоо чыгып, каалоолор эрктин калыптанышына жолтоо болот. "Быша элек жүзүм кыйгыл тартып, ачуу болот, бир нече күн сабыр кылсаң даамына кирет. Сабыр башында адамга жагымсыз сезилгени менен, аны мүнөз тутсаң, бал сыяктуу таттуу үзүрү бар"- деген Саади. Каалоону сабыр кылып ооздуктоо менен эрк калыптанат. Каалоону аткарганга шарт жок болуп, бирок каалооң кала берсе, ал – чоң каалоо. Шарт оюңдагыга каршы болсо да, максатка жетүү үчүн болбой күрөшсөң анда ал – эрк. Эрктүү адамдар стратегиялык ой жүгүртөт, алысты көрөт, дүйнөгө көз карашы туура калыптанып, багыты туура болот. Мамлекетти башкарган адамдардын эрки күчтүү, көз карандылыгы жок, интуициясы күчтүү, рухий дүйнөсү бай болуш керек. Эрктин калыптанышы үчүн адам күндөп, айлап, жылдап аракет этиши керек.

**Бышыктоо**: Адам көз карандылыктан кутулуу үчүн эмне кылып, эмнеге умтулуш керек? Мурунку доорлордо кечил-аскеттер көз карандылыктан кутулуш үчүн өзүн барктуу сезүүдөн, байлыктан, социалдык милдеттен, өтө кооз кийимден, даамдуу тамактан, үйлөнүүдөн баш тартышкан. Монастрлык тартип менен жашаган. Медитация жасашкан, сыйынышкан. Аскетизм напсини жеңүү үчүн аракеттин натыйжасынан келип чыккан. Мусулмандар көз карандылыктан кутулуу үчүн Куран окушат, Кудайды зикир кылып, ойду чачыратпоого аракеттенет, ибадат кылышат, орозо кармашат, зекет-садага беришет, өлүм жөнүндө ойлонуп, адебин ондошот ж.б. Мусулмандардын ичинде бардык көз карандылыктан кутулуп, бир эле (Кудайга) көз карандылык менен калган адамдар болгондугу исламдын тарыхында белгилүү.

Окумуштуулар кечилдердин медитация кылган, христиандардын сыйынган, мусулмандардын намаз окуган учурунда аң-сезимдин энцефалограммасын жаздырышкан. Медитация, сыйынуу, намаз маалында мээнин иштөөсүндө электр импульсу жок болот. Муну аң-сезимдин төртүнчү абалы деп аташкан. Аң-сезимдин ойго, уйку, куш-уйку үч абалы мурда белгилүү болчу. Католик, протестант ишениминдеги адамдардын сыйынуусунан православ ишениминдеги адамдардын сыйынуусу натыйжалуу экендиги аныкталган. Сыйынуу учурунда патологиялык байланыштар үзүлүп, адам дүнүйөлүк кызыкчылыктан бөлүнгөндө ден соолугу калыбына келе баштаганын байкашкан. Окумуштуулар төртүнчү абалды гармонияга жол деп эсептешет [13].

Көз карандылыктан кутулууга йог системасы, дем алуу техникалары, медитация, дин жардам берет, бирок медитациянын коркунучтуу жагы бар. Медитация учурунда биринчи физикалык кыймылды, булчуңдардын чыңалуусун, көрүүнү, ойду токтотушат. Экинчи дем алуусун, жүрөктүн

согушун, организмдеги зат алмашуусун токтотот. Кайра ушул фазаларды калыбына келтире албай, өлгөндөр аз эмес. Мындан 1000 жыл мурда адамдын рухий денгээлин жогорулатуунун, көз карандылыктан кутулуунун бир жолу медитация болгон. Азыр андан жеңил жолу катары сыйынуу (христиандарда), намаз окуу (мусулмандарда) белгилүү. Ошондуктан дүйнө жүзүнүн көп өлкөлөрүндө окуу планга дин таануу сабагы киргизилип жатат.

Адамдын руху менен напсинин табигатын билгенибиз оң. Напси менен рух таразанын эки тарабы сыяктуу. Напсиге эркиндик берилген адамдын руху чабал болот, напсиси тарбияланган адамдын руху күчтүү болот. Напсини жеңген адамды жеңүү кыйын. Ф.М. Достоевский: “Ичиңдеги душманыңды (напсини) женсең, эч кимге жеңилбейсиң”, – деген. Тарыхый залкарлар – ички душмандын (напсинин) азаттыгына жетишкендер.

Йог системасын, динди түшүнбөгөндөр көз карандылыктан кантип кутулат? Денени ашыкча азыктандырба, өтө даамдуу нерселерге кызыкпа, себеби акырындап напсинин торуна түшүп каласыз. Уйкуда, сүйлөөдө чек-ченемин бил, кечиримдүү бол, үйлөн, башканын аялына, (күйөсүнө) кызыкпа. Каалаганыма жетем дебей, адам болом деп аракеттен. Каптын түбүндөгү тешикти бүтөбөсө, аны толтуруу мүмкүн эмес. Киши каалоолорун (б.а. напсини) тыйбаса, **АДАМ** болушу мүмкүн эмес, анткени ал дайым өзүнүн “талаптарын” айтып, какшап турат.

Окуучулар төрт топко бөлүнүп, дарыдан, базарчылыктан, интернеттен, косметикадан көз карандылыктын зыяндуулугун айтуу сунушталат.

**Жыйынтыктоо**: Англиялык саясый ойчул Эдмунд Берк: “Адамдардын жарандык эркиндикке шыктуулугу: алардын адеби аппетитин (напсисин) жеңгендиги менен, калыстыкты сүйүүсү ачкөздүктөн жогорулугу менен, аң-сезимдүүлүгү жана түшүнүктүүлүгү менменсинүүдөн жана одонолугунан жогорулугу менен, акылмандын кеңешин акмактын көшөкөрлөнүүсүнөн жогору койгондугу менен өлчөнөт. Напсини ооздуктабаган адамдар эркиндикке жете албайт. Адамдын кумары өзүн балээге тартып турат”, – деген.

Көз карандылыктан кутулуу үчүн китеп окусун. Китеп окусаң, жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө билим аласың, кеп маданиятына үйрөтөт, сөз байлыгың көбөйөт, көкүрөктү кенен кылат, баатырдыкты көрсөтөт, тарыхтан кабар берет, падышалардын, акылмандардын сабагы менен тааныштырат, дүйнө таанытат, азгыруудан алыстатат, жаман жолго түшүүдөн сактайт, акыл-эсти өнүктүрөт, кругозоруң кеңейтет, жашоого даярданасын, ыймандуулугуң артат, көз карандылыктан ошентип кутуласың. Көз карандылыктан кутулгула, бактылуу жашагыла.

## Адамды, коомду деградация жолуна салуучу нерселер – арак, баңгилик, токсикомание, сойкулук, сүткорлук, кылмышкерлик, кумар оюндары

**Сабактын максаты:** Спирт ичимдиктеринин баңгизаттын, токсиндин организмге, адамдык ден соолугуна, психикасына терс таасирин түшүндүрүү.

Тамекиден, кумар оюндардан, көз карандылыктын натыйжасын, ага кабылбоонун, андан кутулуунун жол-жобосун үйрөтүү.

**Доскага:** "Баңги – киши эмес, анткени ал адамды айбандан айырмалаган сапаты акыл-эстен ажыраган" (Т.Пен). "Бангинин өңү кер сары, үйү муздак, кир, балдары дебилдердин (акылы өнүкпөй калгандардын) атайын мектебинде окуйт, аялы психиатриялык ооруканада, өзү алсыз, башында адам сыяктуу эле, азыр кишинин кебетесиндеги сөлөкөт" (С.Викулов) жазылган.

**Жаңы тема:** Адамга табигатынан көп күч-кубат, шык-жөндөм берилген. Ал күч-кубатын, шык-жөндөмүн өзүнүн, үй-бүлөсүнүн, элинин, Ата Мекенинин жыргалчылыгы үчүн пайдаланышы керек. Тилекке каршы, адам аларды туура пайдаланбай, каалаганын кылып жүрө берсе, ышкыбоздугу, аял (эркек) жандуулугу, кумарлануулары ж.б. азгыруулар терс жолго салып, адам өзүнө, коомго жакшылык кылуунун ордуна жамандык, пайдалуу иш кылуунун ордуна зыяндуу иш кылат. Адамды, коомду деградация жолуна салуучу нерселер – каалоолору (тойдогу ичкилик, баңгилик, токсикомание), ышкыбозугу (ыгы жок оюнга берилүү), аял (эркек) жандуулугу, сойкулук, кумарлануулары (козино, кечки клуб, карта ж.б.), азгыруулар (сүткорлук, кылмышкерлик) ж.б.

Акыркы мезгилде өспүрүмдөрдүн арасында спирт ичимдиктерди ичкендердин, баңгилердин, токсикомандардын тамеки тарткандардын саны өстү. Жаштардын мындай көз карандылыгы коомдогу чоң көйгөйгө айланууда.

Баңгизат – организмге зыяндуу уу. Аны колдонгондор өзүнө ишенимин жоготот, өзүн кем тутуу комплекси пайда болот, социалдык абалы төмөндөйт, финансылык-экономикалык кыйынчылыктары арбып, үй-бүлөдө психологиялык-эмоционалдык абал начарлайт. Адамдын тамекиге алкоголдук ичимдикке, баңгизатка көз карандылыгынын натыйжасы – уурулук, каракчылык (рэкет), кылмыштуулуктун өсүшү. Баңгиликтин натыйжасы – элдин социалдык, физикалык, психикалык абалы начарлоо.

Статистикалык маалыматка караганда баңгилер төрт жаштан оң жетиге чейинки өспүрүмдөргө жаман адаттарын үйрөтүүдө. Тез арада муну токтотууга чара колдонбосо, беш жылдан кийин калктын 25%на баңгилик жугат. 8-10 жашында биринчи жолу баңгизат колдонгондор арбууда. Анын натыйжасы – венерологиялык дартка, СПИДке (ВИЧ), гепатитке чалдыккандардын, суциддин саны өсүүдө. Акыркы он жылда баңгилердин өлүмү 42 эсе өстү (2016).

Баңгилер жаш балдарды кызыктыруу үчүн бекер баңгизат таратып, азгырышат. Балдар анын 15-20 эсе арактан зыяндуулугун билбей, сынап көргүсү келет. Баңгизатты өзүн төмөн баалаган, жалгыздыктан жапа чеккендер, мындай сезимден кутулгусу келип колдонушат. Сунуш кылган заттан баш тартууга эрки жетпегендер бар. Баңгилердин ата-энеси менен мамилеси начарлайт, бирок алардын өзүнө көңүл бөлүшүн каалашат. Баңгизаттан баш тарткан балдарга кысым көрсөтүлөт. Ьаш ийүү оңой,

каршылык көрсөтүү кыйын, силер чыр-чатаксыз алардан кутулуунун амалып тапкыла.

Баңгиликке бардык социалдык катмардагы үй-бүлөлөрдүн балдары тартылышат, бирок байдын балдары көбүрөөк тартылат. Баңгиликке, кумар оюндарына каршы социалдык иммунитет жокко эсе.

Баңгилердин физиологиялык белгилери: териси кер-сары, кареги кичиреет же чоңоёт, көздөрү кызарат же тунарат, кеби жай болот, аппетити бузулат, арыктайт же соргок болот, жөтөлөт, кыймылынын координациясы бузулат.

Жүрүм-турумунун өзгөрүшү: үйдөн кетип калат, сынга таарынат, уйкусу качат, маанайы тез өзгөрөт, достору тез алмашат, ата-энесинен акча сурайт, бирөөлөр телефон чалат, үйдөгү ишке жардам бербейт, калп сүйлөйт, кайдигер болот.

Баңгиликтин далилдери: венада уколдун тагы, денеси көгөргөн, кесилген, труба түрүндөгү кагаздар, кичине кашык, капсулдар, калай банка, көбүкчөлөр, уктатуучу, тынчтандыруучу дарылар.

Баңгилик дартына чалдыккандардын 3% он жашынан, 16% он эки жашынан, 50% он төрт жашынан баштаган. Бангилер 40-45 жашка чейин эле жашашат. Алкоголдук ичимдик, баңгизат – аң-сезимди өнүгүшүнө терс таасир этет, андан ойлому чектелүү болуп, аңдоосу, таанып-билүүсү, жаңы маалымат өздөштүрүүсү төмөндөйт, адам деградацияланат.

Алкоголизмдин биринчи этабында көп ичет, экинчисинде оору пайда болот, тердейт, кусат, кан басымы көтөрүлөт, башы ооруйт, аппетити начарлайт, уйкусу качат, кебетеси өзгөрөт, жагымсыз жыттанат, үчүнчү этабында эске тутуму начарлайт, психоз болуп, мурду кызарат, териси кара-көк тартып, көрүүсү, угуусу, кыймылы начарлайт, кырсыкка чалдыгуу ыктыярдуулугу жогорулайт.

Сприт ичимдигин эрте ичип баштагандар ага бат көнөт, эрте өлөт. 25-27 жашында баштагандар бир жылда биринчи деңгээлге, эки жылда экинчи деңгээлге, 30-35 жашында үчүнчү деңгээлге жетет. Өспүрүмдөр жарым жылда биринчи деңгээлге, 18 жашында үчүнчү деңгээлге жетишет. Алкоголизм – айыпас дарт.

Тамекиге көз карандылык теңтуштарынын арасында аны тартып көрүүдөн башталат. Тамекинин түтүнү тартканга да, жанындагыларга да зыян, анткени анын түзүмүндө никотин, чайыр бар. Никотин өпкөгө киргенден кийин канга өтөт. Биринчи этабында башы айланат, булчуңдары шалдырайт, бат чарчайт, кан басымы, аппетити төмөндөйт. Экинчи этабында тамекиден көз каранды болуп, бат-бат тарткысы келет. Нерв системасы зыянга дуушар болуп, тынчы кетет. Ишке жөндөмү төмөндөйт, эске тутуму, кунт коюусу начарлайт. Өпкөсү, дем алуу жолдору дартка, мурду, тамагы суукка тез чалдыгат. Жүрөктүн, тамырлардын, ичеги-ашказандын функциясы начарлап, язва, гипортония, эмфизема ж.б. ооруга чалдыгат. Спирт ичимдик ичкендердин балдарынын уйкусу тынч эмес, ыйлаак болушат, теңтуштарынан өнүгүүдөн артта калат. Аракечтердин балдары көптөгөн

патология менен төрөлүшөт. 5-6 класстан баштап тамеки тарткандар 22 жылдык өмүрүн кыскартууда.

Насвайды колдонуу ооз көндөйүнүн: тилдин, эриндин, кызыл өңгөчтүн рак оорусуна алып келет. Изилдөөлөргө ылайык КМШ өлкөлөрүндө онкологиялык оорулуу ооз көндөйү бейтаптардын 90% - насвай колдонуучулар. Насвайдын курамында тамеки, жыгачтын күлү, өчүрүлгөн акиташ, канаттуулуардын кыгы кирет. Насвай колдонуучулар көбүнчө ичеги карын оорулары, жугуштуу оорулар менен жабыркашат. Коргошундун жана башка металлдардын болушу бөйрөктүн жана боордун токсиндик жабырлануусуна алып келет. Насвайды колдонуу никотиндик көз карандылыкка, бала төрөө функциясынын бузулушуна, тукумсуздукка алып келет.

Статистикалык маалыматтарга караганда өпкөнүн рагы менен ооругандардын 90%, өпкөнүн дартына чалдыккандардын 95% – тамеки чеккендер. Азыр дүйнө жүзүндө күнүгө жүз миңдеген адамдар тамекинин зыяндуулугунан өлүп жатышат. Тамекиден ар кандай ооруга чалдыккандар жер жүзүндө 500 миллионго жетти. КМШда бул көйгөй эпидемияга айланды. Жаштардын баңгилиги 20%, спирт ичимдигин ичүү 40%ке жетти (2011). Бул тенденцияны токтотпосо, жаштардын ден соолуна терс таасири тийүүдө.

Көп өлкөлөрдүн эксперттеринин ырастоолоруна караганда балдардын көз карандылыгынын (баңгилик, алкоголизм, кылмыштуулук ж.б.), жаман адаттары үй-бүлөлөрдүн толук эместиги менен байланыштуу. Ата-эненин ажырашуусу баланан ден соолугуна, психикасына терс таасир этет. Баланын көзөмөлдөөсү төмөндөгөн сайын, алардын билим сапаты, жетишүүсү төмөндөйт. Бул баланын тагдырына так калтыруучу эмоционалдык, физикалык көйгөйлөрдү пайда кылат. Бала инсан (личность) катары калыптана албай, башкалар менен мамиле түзүү адебин өздөштүрө албай кыйналат. Кийин алар да үй-бүлө түзүүдө кыйналышат. Ошондуктан никесиз төрөлгөн балдардын, ажырашуулардын санын азайтуу зарыл, никесиз союз моралдык жактан бузулууга алып келиши мүмкүн. Жаштардын тагдырына балта чабылат. Никесиз төрөлгөн балдардын көпчүлүгүнүн психикалык көйгөйлөрү бар. Никесиз союздун, сойкулуктун натыйжалары – венерологиялык дарттар: (гонорея, сифилис, трихомониаз, хламидиоз ж.б.), СПИД (ВИЧ). Мурунку он жылдык менен салыштырмалуу акыркы он жылда жаштардын сифилис 31,5 эсе, баңги-токсикомандар 7 эсе, туберкулез 37,4%, гонорея 18,5% менен учетто тургандар көбөйдү (2011).

Сойкулук – моралдык нормаларга карата чыккынчылык, коомдун адебине, жаштардын тарбиясына ал зыян, анткени сойкулардын көпчүлүгү жаш аялдар болушат. Сойкулук көптөгөн социалдык институттарды (үй-бүлөлөрдү, коомдорду ж.б.) бузат, адамды орой, уятсыз, бетпак кылат. Аларда ыйык сезимдер (сүйүү, мээрим, ырайым ж.б.) жокко эсе болгондуктан, кылмыштуулук менен байланышат, укук бузуу боюнча соттолот. Сойкулар үй-бүлө түзө алышпайт, балалуу болбойт. Моралдык жактан бузулгандардын көпчүлүгү стресске көп дуушар болгондуктан,

психикалык-эмоционалдык көйгөйлөрү көбөйүп, акыры алкоголик же баңги болуп кетишет.

Дүйнө жүзүндө официалдуу статистика боюнча баңгилердин саны – 52 миллион, Эксперттин ырасоолоруна караганда баңгиге кумардангандардын саны 520 миллион (2001). Алардын көпчүлүгү (70%) 18-40 жаштагы аялдар.

Кумардануу деп – адамдын күч-кубатын, шык жөндөмүн табигый (жашоого зарыл) кызыкчылыкка, пайдалуу ишке умтулуунун ордуна бузулган, булганч турмушка умтулуусун аташат. Кумар – эмгек кылуудан ээринип, бирөөлөрдүн иштеп тапканын “утуп” алгысы келген шылуундардын оюну. Кумар адамды кебез менен муунтуп өлтүрүү сыяктуу, өтө тез жугуп, тез ырбаган – жугуштуу рухий оору. Кумар оюндарына ортого акча коюп ойногон оюндар (козино, оюн автоматтары, “картошка” карта, нард, биллиард ж.б) кирет.

Америкалык жаран Майкл ашык акчасын козиного уттурчу. Бир жолу 100000 доллар утуп алып, бир жума “бактылуу” болуп, кубанып жүргөн. Өзүн токтото албай калгандыктан, 100000 долларды сайып уттурган, ага кошуп, калган бардык акчасынан, үйүнөн ажыраган. Банктан акча уурдап, түрмөгө түшкөн, ошол жерде өлгөн.

Адил козиного барчу. Ал майда акча менен ойноп баштаган, кийин чоң акча сайып ойногон. Натыйжада карызга батып, укук коргоо органдары кысымга алганда ата-энеси үйүн сатып баласын араң куткарган. Үйдү ата-энеси, чоң ата, чоң энеси, эки эжеси биригип эмгектенип, араң салышкан. Натыйжада баары талаада калып, айылга туугандарына кетишкен. Уттургандардын терс эмоциясы козголгондуктан, интуициясы “өчөт”. Интуициясы өнүкпөгөн адамга жашоо – азап.

Козиного көпчүлүк адамдар материалдык баалуулуктардан (акчадан) көз карандылыкты төмөндөтүү максатында барабыз дешет. Чындыгында козинодо утуу болгон үчүн эл барат, бирок утууга караганда уттуруу көп болот. Ушунчалык берилип кеткендер акчасы түгөнсө, үйүн, машинасын, аялын, кызын коюп ойношот. Индустардын “Махабхаратта”-деген китебинде бүт байлыгын, мамлекетин, жерин, бир туугандарын, аялын, өзүн уттуруп, кулчулукта калган падыша (Юшхитхир) болгон. Кумар адамдардын ортосунда от жагып, келишпес душманга айлантат. Коомдогу бейпилдикти кетирип, ынтымакты ыдыратат. Өзүн-өзү өлтүрүү, адам өлтүрүү практикаланат, үй-бүлөсүн азапка салат, жашоосу коркунучтуу болот. Акчасын уттургандар терс эмоцияга келишип, ден соолугу начарлайт.

Башка жыныстагы адамды сүйүү, аны менен интимдик мамиле түзүү – ойноштук деп аталат. Бирөөнүн аялын (күйөөсүн) сүйүү, интимдик жакындык – христианчылыкта, иудаизмде, исламда күнөө деп эсептелинет. Эркектин аялга (аялдын эркекке) кумардануусу ойноштуктун кулчулугуна алып келет, анда үй-бүлөлөр бузулат, акчалар бейчекин сарпталат, балдары жетим калат, психикалык-эмоционалдык көйгөйлөр көбөйөт, венералогиялык оорулар арбыйт, анын арты – азап. Оруста макал бар: “На чужое горе счастье не построишь”, натыйжада карылагы бактысыз өтөт. “Ойнош башында оттон

ысык, артында сасык", "Ойноштуктан эр өлөт", "Ойношчул катындан, шылдыңчыл бала туулат".

**Бышыктоо:** Биз азыр баңгиликке (тамекиге, спирт ичимдигине ж.б.) кызыктыруунун варианттарын сунуштайбыз, силер маданияттуу "жок" деп андан баш тартуунун варианттарын тапкыла.

1. Эшик чырылдады. Салкын кирип келип, жаңылыктар жөнүндө сүйлөдү. Ажар, тамеки тарталычы, менде ал бар, бирок сен мындайды тартып көрө элексиң, ушундай сонун, такыр зыяны жок, ме тартып көр.
2. Максат эшикке чыкса, балдар хоккейдин акыркы жаңылыгын айтып жатыптыр. Өспүрүмдөрдүн бири чөнтөгүнөн бирдеме алып чыгып, балдарга жаңсады. Балдар подъездди карай басты. Максат, сен эмне турасың, жүр.
3. Караңгы кирип калган. Винодон Тынчтыктын башы айланып турган. Ал биринчи жолу конокто эле. Баары романдагыдай болуп, гүл, музыка, ыр менен башталган. Эмил: "Ме, мобуну көрчү", эки таблетка көрсөтөт.
4. Дачага барып эс алып келели. Ал жерде көл бар.

80-жылдары педагогикалык ЖОЖду бүтүргөн Бегимай аттуу кызды ичкилик ичкен адамдын баласы ала качкан. Ал кезде кыздар ала качкан жерде "отуруп" калышчу. Жигиттин атасынын, чоң энесинин ичкилигине өз энеси чыдабай, ажырашып кеткен. Ичкиликке кызыккан улуу баласы атасы менен калган. Үй-бүлөдө үчөө ичкилик ичсе, келиндин азабын элестетүү кыйын эле. Күйөөсү да ичкиликтен кыйла деградацияланып калган. Ошол үйдөн кетпей, үй-бүлөнү соолуктуруу үчүн келин күрөштү. Мурда Бегимай бактысыз бечара сыяктуу көрүнчү, бирок ал сабырдуу, кайраттуу, эстүү кыз экен. Азыр баатыр сыяктуу көрүнөт. Ошол күйөсүнүн ичкилигин токтотуп, андан үч бала төрөп, үчөөнө тең жогорку билим берип, жакшы тарбиялады. Кыздарыбыз ушундай эрдикке жөндөмдүү болуп тарбияланса, улут соолугат эле.

Тилекке каршы мындай үй-бүлөдөгү өз атасынын ичкилигине чыдаган энесинин тарткан азабын жаш кыздар көрүштү. "Ат арыктыгынан, катын карыптыгынан бузулат"-деп айтылат. "Мындай азапка чыдагыча, кытайга, кореецке, еврейге ж.б. улутка күйөөгө тийген дурус" деп жыйынтык чыгарган кыздар бар, муну токтотуу азыр кыйын болууда.

Эми сабакты **жыйынтыктайлы**. Кыргызда: "Кумарга ууру жолдош", "Кумардын түбү – өкүнүч", "Баңгини уулум дебе, буканы уюм дебе", "Арак адамды мээримдүү кылып элжиретет, зөөкүр кылып, келжиретет", "Арак арды алдырат, барды тоздурат", "Арак ичкендин акылы жоор", "Мас аял, - жаш аял, башта мээси аз аял", "Мастыктын түбү – мазак, мазактын түбү – азап", "Алкы жамандын арты жаман". Булардын баары элди регресс жолуна салуучу нерселер. Регресс жолуна түшпөй, өнүгүү жолуна түшөлү, азгырыктардан алыс бололу, соо коом түзөлү, Бегимайдай кыздар көбөйсүн, азгырыкка алдырбаган уулдар көбөйсүн, улут соо болсун". Доскада жазылган тексти окуп сабак жыйынтыкталат.

## Өспүрүмдүн өз маселесин өзү чечүүнүн мааниси

**Сабактын максаты:** өз алдынча аракет, өз кесибин өзү аныктоо, өз ара жардамдашуу, өзүн өзү көзөмөлдөө ж.б.дын маанисин түшүндүрүү.

**Жаңы тема:** "Үзүлбөс үмүт менен план түзүп, турмуштун дайрасына жапырт сүзүп, кээ бири артта калып, кээси чөгүп, кээ бири алга кетет караан үзүп"-дептир Чыгыштын бир акыны. Адамдардын тагдырын суулардын тагдырына салыштырса болот. Айрым суулар чөлдү көздөй агып, кумга сиңип, жок болот, айрымдары дарыяга кошулуп, деңизге куюлуп, чалкыган океанга биригет. "Аккан арыктан суу агат", – деп айтылат. Ата-бабалары аракетчилдердин балдарынын көпчүлүгү аракетчил болушат, ата-бабалары билимдүүлөрдүн балдарынын көпчүлүгү билимдүү болушат, ошондуктан алардын "арыгында суу агат". Кумга сиңген суудай тагдырдын ээси болбош үчүн бала аракетчил, мээнеткеч болуп, өзүнүн маселесин өзү чечип, өзүн-өзү жетилтиш керек. Биз бул сабакта "ким артта калат", "ким чөгөт", ким караан үзүп алга кетет", ошого көңүл бөлөбүз.

16-17 жаштагы өспүрүмдөр өз камын өзү көрүп, өз муктаждыктарын өзү канааттандырып, маселесин ата-энесине жүктөбөй, өзү чечип, жоопкерчиликти мойнуна алыш керек. 18 жашка жеткенден кийин ичкен-жегени, кийгени, баскан-турганы ж.б. жашоого зарыл каражатты өзү табышы абзел. Жигит үй-бүлөсүн, ата-энесин багууга милдеттүү. Кыз үй-бүлөнүн куту болууга, үй-тиричилигине тиешелүү маселелерди чечүүгө даяр болушу керек. Ошондуктан өз камыңды өзүң көр, өз мүдөөңдү, коомдогу ордуңду өзүң аныкта, өзүңдү өзүң көзөмөлдө. Ар кимдин айтканын ээрчибей, өзүңдү өзүң жетилт.

Өз кыйынчылыгын ойлой берүү зыян, ал улуулар менен мамиле түзүүгө жолтоо болот, анда кубаныч аз болуп, кыйынчылыкты жеңбей, максатка жетпей, каласың. Өзүн өтө сындап, жолдошторун өтө жогору баалоо адамдын өзүнө зыян. Өзүн-өзү сындоо өнүгүүгө жолтоо болбогон, демилге бере турган деңгээлде гана болуш керек. Өзүн жемелештин кереги жок, сындын чеги болот.

Ишиңди анализде, окууда активдүү, мамиле түзүүдө калыс, оюнда толеранттуу, таанып билүүдө демилгелүү, өз алдынчалыкта максималдуу, ишти баштоодо оптимист бол, маселе чечүүдө тапкыч бол. Көрө албастыкты байкамаксан болуу менен бирге юмор сезими керек. Кыйынчылыкта наалыба, ишиңе жолтоо болгонго, бут тосконго көңүл бөлбө, өзүңдү-өзүң кармап, токтот. Өзүңдү-өзүң тейле, корго, өркүндөт, ички тең салмактуулукту сакта.

Азыр өз алдынча аракеттин маанисине карата мисал келтирели. Баатыр 16га чыкканда атасы дүйнөдөн кайткан. Ал аргасыз эрте жетилип, эркектин бардык милдетин мойнуна алды. Анын беш иниси, бир карындашы бар эле. Сегиз адамдын тамак-ашы, кийим-кечеси, кичүүлөрдүн окуусу ж.б. маселелерди энеси экөө чечишкен. Үйлөнгөндөн кийин шаарда иштеп, ишемби күндөрү үй-бүлөсүнө келип, каралашып турган. Инилеринин баарын үйлөндүргөн, карындашын турмушка берген. Энеси 19 неберени багып

чоңойткон, ал 70 жашка келгенде буту баспай, ооруп калса, инилери аны карылар үйүнө тапшырмакчы болушат. Баатыр инилерине нааразы болуп: "Ушунча баланы баккан эненин багар-карары жок болобу, силер адам эмес, айбан болдуңарбы?-деп, энесин шаарга алып кеткен. Суроо: эмне үчүн Баатыр өзүнүн, инилеринин, карындашынын, энесинин маселесин чечүүгө күчү жеткен? Эмне үчүн инилери энесинин жардамына муктаж болгон? Эмне үчүн ушунча баланы баккан эненин Баатырдан башка багары жок эле? (Окуучулардын жообун угат).

Экинчи мисал: Садыр үй-бүлөдөгү балдардын улуусу болчу. Ата-энеси колхоздо иштегени менен үй-бүлөнүн материалдык абалы начар эле. Ал Алматыдагы аскердик окуу жайга өттү, анткени ата-энесин кыйнабай билим алып, үй-бүлөсүнө жардам берүүнү, Ата Мекенине кызмат кылууну ойлоду. Ал өмүр бою ата-энесине, бир туугандарына жардам берди, Мекенине кызмат кылды, көп адамдардын ажатын ачып, көп маселелерди чечти. Пенсияга чыккандан кийин иниси экөө таксист болуп иштеди. Садыр айына 40-50 миң сом, иниси 8-10 миң сом тапчу. Ал 63 жашында каза болду. 62 жашында жесир калган Садырдын аялы кайнилерине, кайын сиңдисине жардам берүүгө чамасы жетпей калганда алар нааразы болушту. Байкем өлсө эле сен каралашпай каласыңбы?-дешти. Суроо: Эмне үчүн Садыр айына 40-50миң, иниси 8-10 миң сом акча тапчу? Эмнеге Садыр көп маселе чечти? Эмнеге кичүү инилери, карындашы Садырдын, кийин жесир жеңесинин жардамына муктаж болду? Алтымыштагы агасынын жардамына муктаж элүүдөгү, элүү бештеги инилери өз алдынчалыкка жетишкенби? Ушул эки мисал талкууланат.

Эми адамдын иш-аракетине түрткү болуучу нерселер жөнүндө айта кетели. Адамдын өзүн өзү өнүктүрүүчү иш-аракетине түрткү болуучу талаптары үчкө бөлүнөт.

1. Физикалык (табигый): тамак-ашка, кийим-кечекке, үй-жайга ж.б. муктаждыктарды канаатандыруу. Адам тамак-ашсыз 35 күн, суусуз 5 күн, абасыз 5 минут жашай алат. Психологдор товарларга өтө жогорку талапкерлер – социалдык төмөнкү катмарлар болорун белгилешет. Байлар жөнөкөй кийинишет. Орто Азия элдери чет өлкөдө чыккан машина алыш үчүн ичпей-жебей, туугандарына катышпай калышты, үйдө балдары ачка, чоң балдары миграциялап, кырсыкка кабылып, айрымдары өлдү. Башкаларды бул фактылар ойлондурган жок.

2. Социалдык: ата-энеге, бир туугандарына мээрим, сүйүү, жакшы мамиле, аларга пайдалуу болуу, тиричилик кылууда катышуу, үй-бүлөдө жылуулук табуу, ырайымдуулук, адептүү сезимдер ж.б.

3. Интеллектуалдык: билим алуу, дүйнө таануу, илим менен техниканы өздөштүрүү, коомдук-саясый абал менен таанышуу, моралдык-укуктук маселелерди билүү, көркөм-адабий окуу, эстетикалык табитти өнүктүрүү, чыгармачыл аракетчилдик, билимин пайдалануу менен жаңы нерсе түзүүгө аракет.

Адамдын жогорку интеллектуалдык өнүккөн деңгээли: адабий,

илимий, көркөм-өнөр, техникалык, декаративдик-прикладдык ж.б. тармакта новаторлук-чыгармачыл аракети эсептелет.

Өзүн-өзү тарбиялоо боюнча күндөлүк түзүп, максатыңызды, аны чечүү үчүн милдеттерди жазыңыз. Өнүгүү үчүн адамга күчтүү мотивация (максат, ниет) болуш керек. Ийгиликке жетүү үчүн ага умтулуу, башка каалоолордон жогору болуу маанилүү.

Өзүн-өзү жетилтүү үчүн өзүн реалдуу баалоо керек. Төмөн баалаган бала баштаган иштин ийгиликтүү бүтөрүнө ишенбейт, ата-энесинен коркот. Аларга байкалбай жүрө бергиси келет. Өзүн төмөн баалагандардын жогорку максаты болбойт. Өзүн реалдуулуктан жогору баалагандар инсандык сапатын, сырткы келбетин сонун дешет, бой көтөрүп, текеберденишет, пейил күтүп, бааланышат, эрдемсинет, өзүн мактабаса да башкалардын кылганын жактырбай, кемчилигин табат. Адамдарды таң калтыргысы, багындыргысы келет.

Ооруп калса, ден соолугун калабына келтирүү үчүн көптөгөн психологдор “өзүңдү сүй” дешет. Индус медицинасы: “Өзүң кандай болсоң ошол абалда, бардык артыкчылыгың жана кемчилигиң менен жакшы көрүү (сүйүү) – ички тең салмактуулук (бейпилдик) үчүн зарыл”, – деп эсептешет. Муну өзүнө корстон болуу же өзүмчүлдүк катары түшүнбөш керек. Ата-энени, бир туугандарды, жакындарды сүйүш керек,  өзүн эмнеге сүйүүгө болбосун, адамдын өзү – алардын катарындагы сүйүүгө татыктуулардын бири экендигин унутпагыла.

**Бышыктоо.** Инсандык сапатынын өнүгүүсүн баалоо критерийлери:

1. Жогорку денгээл: өзү билим издейт, таанып билүүгө жөндөмдүү, өзүн-өзү өзгөртөт, өзүнө ишенет, өзү тандайт, өзү жоопкерчиликтүү, өзүн-өзү сындайт, өз алдынча эмгектенет, эмоционалдык жактан мамиле түзүүдө ийкемдүү, эрки күчтүү (мындай бала алдыга кетет).
2. Ортоңку деңгээл: өз алдынча дүйнө таанууга аракеттенет, кээде өзгөрөт, айрым учурда өзүнө ишенет, кээде өз алдынча иштеп, кээде жардамга муктаж болот, жоопкерчиликти мойнуна алат, аракети максатка багытталган, анда-санда өзүн сындайт, кылган иши, кылык-жоругу кээде ийкемдүү, кээде билгенин бербейт, эрки бар, бирок күчтүү эмес (артта калат).
3. Төмөнкү денгээл: билимге кызыгуусу, дүйнө таанымы төмөн, өзүн-өзү тарбиялоого көңүл бөлбөйт, өзүнө ишенбейт, өз алдынча чечим чыгара албайт, жоопкерчиликти мойнуна албайт, конкреттүү максаты жок, оюндагысын бербейт, эрки жок (бул чөгөт, чүнчүйт).

Реалдуу мүмкүнчүлүгүңдү туура баала.

***Өзүн-өзү өнүктүрүүгө карата тест:***

1. Мен дайыма жаңы нерселерди үйрөнгүм келет.
2. Өз мүнөзүмдү тарбиялоо үчүн класс жетекчинин, психологдун лекцияларына катышам.
3. Бардык мага тапшырылган иштерди өз күчүм менен бүтүрөм, мугалимдин, ата-эненин жардамына муктаж эмесмин.
4. Мен чоң жигит (кыз) болуп калдым, өзүм маселе чечип,

жоопкерчиликти мойнума алам.

5. Ишти ойдогудай бүтүрбөсөм, мен күнөөлүүмүн.

6. Турмуштук максатым бар, жашоонун маңызы эмнеде деген суроо коём, максатыма жетүүгө аракеттенем.

7. Туура эмес чечим чыгарсам, катамды мойнума алып, башка чечим чыгарам.

8. Тааныш эмес ишти баштаганда, аны аткаруу процессинде апкаарыбайм, ойлоном, жаңы билимге, көндүмго ээ болгондугума кубанып, аягына чыкканга чейин аракеттенем.

9. Ата-энем, жакындарым мага ишенет, алардын ишеничин акташ керек.

10. Мен келечекте кандай кесиптик тармакта эмгектенеримди билем, ага даярдыгым бар.

Буга “ооба”, “ойлогон эмесмин”, “жок” деп жооп бергиле. “Ооба” деген жооптору көп окуучу өзүн-өзү баалоосу жогору, кийинкилери орто жана төмөн. Окуучулар өзүн-өзү баалашат.

Оруста макал бар: “Чужую беду, руками разведу, свою – ума не приложу”. Бул кимге таандык? Отуз жашка чыкканча ата-энесинин мойнунда жашап, элүүсүндө картайгандар кимдер? “Башына жоолук салынган” эркек (под каблучник), аялдын наркындагы, аялдын наркынан төмөн эркек деген атка кимдер конгон, эмнеге “конгон”? Кыркка чыкканча “кыз” болуп, төркүнүн мойнунда отургандар кимдер? “Жакшы жерге тийсем, акчалуу эр тапсам болду”-деген кыздар кимдер? Кандай келин кайын-журтуна батпай, балдарын төркүнүнүн мойнуна жүктөйт? Эмне үчүн адамдар бекер акчага, тамакка кызыгат? Шайлоодо ким көп акча чачса, ошону шайлап жатабыз, эмне үчүн? Бекер сыр капканга коюларын унутпагыла. Өз алдынча аракеттенбегендер эркиндикке жетеби? Ойлонгула.

**Жыйынтыктоо**: Адамдын өнүгүшү үчүн маанилүү нерсе – чөйрө, үй-бүлөнүн мүчөлөрү менен гармониялуу мамиледе жашап, өзүн-өзү жетилтүү. Эч кимдин жардамына муктаж эмес кылсын, эч кимдин көзүн каратпасын, ошондуктан аракетчил болуңуз. ЖРТдан (ОРТ) жакшы упай алгыла, адабиятта сынчыл, илимде чилистен, көркөм-өнөр чыгармачылыкта өнөрпоз болгула, техниканы, технологияны өздөштүргүлө, декаративдик-прикладдык тармакта чебер-уз болгула, шырдактын баасы 40-50 миң сомго жетти. Кол өнөрчүлүк өтө жогору бааланууда. Азыр кыздарга үйдө отуруп, дүйнөнү багындырса болот. Кыргыздын чебер кыздары, чилистен уулдары, зергерлери, өнөрпөздору көп болсун.

**Адамзаттын ааламдык проблемасы – ВИЧ/СПИД. Адамзаттын жашоосунда венерологиялык оорулардын залалы.**

**Сабактын максаты**: Адамзаттын жашоосунда венерологиялык оорулардын залалын, мындай проблеманын башатын анализдөө менен, андан алыс жашоонун зарылдыгын тушүндүрүү.

**Жаңы тема**: Горбачевдун кайра куруу саясаты элге эркиндик берди.

Тилекке каршы бул эркиндик адепсиз жүрүм-турумга кенен эшик ачты. Жалтыраган парнографиялык сүрөттөр, эротикалык тасмалар тарады. Телеберүүлөрдө бейадеп кинолор, сериалдар көрсөтүлдү. Совет элинин мурдагы “адептүүлүгү” күчтүү көзөмөл менен жөнгө салынып келген экен, ички маданияты калыптанган эл мындай маданиятсыздыкка жол бермек эмес. Бул акырындык менен бүлдүрүүчү “бомбанын” милдетин аткарды. Анын жемиши – үй-бүлөлөрдүн ажырашуусунун арбышы. Азыр ажырашкан үй-бүлөлөр көп. Көп балдар атасыз төрөлүп, чоңоюп жатат. Улуу Британиянын, АКШнын изилдөөлөрүнө караганда үй-бүлөнүн ажырашуусунун көбөйүшү, никесиз төрөлгөн балдардын санынын өсүшү менен, балдардын кылмыштулугу, моралдык жактан бузулуу кошо өсөт. Азыр дүйнө жүзүндө адамдардын мамилелери начарлап, коомдор деградацияланууда, анын себептери:

– Батышта пахишакана (сойкулар тейлөөчү үй) иштейт;

– Москвада пахишакана ачыш керекпи?-деген суроого мектептин 8-11-класстын кыздары 53% “ооба”деп жооп берген, 23% анда кызмат кылууга даярдыгын билдирген. Бул кыздардын жер жүзүндөгү моралдык милдетин унутуп, арам менен адалды ажырата албай, адамча жашоого үйрөтүлбөй калгандыгы менен байланыштуу [21]. Россияда бир жылда юстициялык органда 10 миллион иш козголгон. 7 миң өспүрүмдөр Москвада героин аркылуу СПИД (ВИЧ) жугузган, 28 миң өспүрүм каңгып жүрөт (2001).

Россияда 100 никенин  ажырашуусу 55% түзөт, айрым жерде андан жогору, мисалы, Таганрогдо – 70%, Тольяттиде 90%. Украина менен Россия СПИДдин тарашы боюнча дүйнөдө алдыңкы орунда турат. 1995-жылдагы октябрда  – 1006, 1996-жылдагы июнда – 1269, 1997-жылдагы ноябрда – 3327, 1998-жылдагы январда – 15000, 2001-жылдагы январда – 71500, 2001-жылдагы декабрда – 140000 адам аны жугузган.

Кыргыз Республикасында никесиз төрөлгөндөр -26%, 49579 түгөй үйлөнүп, 10434 ажырашкан б.а. 30% түзөт (2018). Балдар кылмыштуулугу – 2016-жылы –  862, 2017-жылы – 1107, 2018-жылы 1368, б.а. жыл сайын 28,4% өсүүдө.

Европада, Америкада гомосексуалисттер, лезбияндар (кыргызда мындай балээ болгон эмес), иудистер (натуралдар, манъяктар, садисттер, мозахисттер, парнографтар, балдардын сойкулугу) – баңгилик менен аркечтиктин жемиши. Пахишакана (сойкулар үйү), бачабастар (гомосексуал), күлгүндөр, адаттагы сексуалдуу тейлөө бар, бир жыныстык нике катталат. Ата Мекендик педагогикада булар – моралдык жактан бузулуу катары эсептелет. Джимм Сваггарту “Гомосексуалист” деген эмгегинде: “Американы Кудай жок кылууга өкүм чыгарбаса, Содом менен Гоморрду жок кылгандыгын кечире албайт, Гомосексуалисттер айбандан төмөн абалга жетишти”– деп жазат.  Мындай ыплас нерселерден коом алыс болсун, жаштарыбыз адамча жашасын демекчибиз.

2001-жылы Жер жүзүндө 34 миллион адам СПИД жугузган. Африканын экваторунда – 23 миллион, Германияда – 37 миң, Украинада – 68

миң, АКШда – 900 миң ж.б. Европа Союзунун жана Дүйнөлүк банктын Комиссиясынын маалыматында СПИД жугузган өлкөлөрдө 2010-жылы 66 миллион эл азайганы белгиленген. 2018-жылкы статистикада ВИЧтен 32 млн. өлгөн, 37,9 млн. оорулуунун инфекциядан коргонуу системасы жабыркоодо. Бир жылда 770000 адам каза болгон. СПИДди жугузгандардын көпчүлүгү моралдык жактан бузулгандар, баңгилер, бачабастар (гомосексулдар).

Россияда акыркы он жылдыкта сифилис жугузгандар 140 эсе өстү. Кыздар 2-2,5 эсе көп ооруп жатат. Анын ар бир үчүнчүсү мектеп окуучусу (2015). Жыныстык оорулар 30 эсе  өстү. Бул оорулар нерв системасын, психикасын кесел кылууда. Аны жугузгандар уятсыз, “бети калың” болуп, кийинки турмушуна зыяндуу.

Бул цифралар бири-бирине байланыштуу, толук эмес үй-бүлөлөр көбөйсө, жогорку цифралар чоңоёт, анткени алар тарбиядан өксүп, терс жолго багыт алат, өзүн баалоосу төмөндөйт, эмоционалдык, физиологиялык проблемалары арбыйт, жоопкерчилиги төмөндөйт. Толук үй-бүлөнүн балдарына караганда толук эмес үй-бүлөнүн балдары көп ажырашат.

Азыр жакшы уул (кыз), жакшы ата-эне болуу маанилүү маселе болууда. Үй-бүлө – эркин коомдун уюткусу, үй-бүлө толук болбой, бала эркин ойлоого жетише албайт, балдар (жетимдер) үйүндө чоңойгондор толук үй-бүлөдө чоңойгон балдардан айырмаланып, кыйналууда. Улууларды урматтоону, кичүүнү ызааттоону бала үй-бүлөдөн көрөт, мээримди үй-бүлөдөн табат, жоопкерчилиги калыптанат. Үй-бүлөнү сактап калуу – адамдын (көбүнчө аялдын) ийгилиги.

Биз көбүнчө аморалдык жүрүм-турум Батыштын жаштарга терс таасири деп ойлойбуз, азыр Россиянын XIX кылымдагы турмушу жөнүндө сөз кылмакчыбыз. Ал кезде орус интеллигенциясы сексуалдык жактан “эркин” болгон. Ф.М. Достоевскийдин “Бир тууган Карамазовдор”-деген чыгармасында Иван Карамазов: “Элдин жүрөгүндө Кудайдын жоктугу жаңы муунду жыныстык бузулгандыкка, каалаганынын  баарын кылууга мүмкүнчүлүк берип,  эшик ачты”-деп белгилейт. Ал мезгилдеги көп китептер сексуалдык темага арналган: “Леонид Андреевдин “Түпсүзү” (Бездна), А.Куприндин “Чуңкуру” (Яма), В.Ивановдун “Эросу”, М.Кузьминдин “Канаттары”, М.Арцыбашевдин “Санини”, Ф.Сологубдун “Майда жини” (Мелкий бес) ж.б. Василий Розановдун Дионисий (XV кылымда Дионисий деген икон тарткан сүрөтчүнүн) “динин” таратып: “Кудайга сексуалдык тажрыйба аркылуу жетесиң”-деген аморалдык пропаганда практикаланган.

Россиянын мурунку өкмөтү да жыныстык жашоосу “эркин” болгон. Падышанын кеңешчиси жана кечил Распутин жогорку коомдогу көп аялдарды бузгандыгы, аны өлтүргөндөрдүн сексуалдык  тажрыйбалуулугу, Екатерина II жаман үлгүсү менен тарыхта калган. 1924-жылы А.Б. Залкиндин “Революциялык пролетариатка 12 жыныстык осуяты”-деген китебин бийликтегилер чыгарышкан. Александр Коллонтай социалдык камсыздоонун биринчи комиссары, большевиктердин жетектөөчү адиси феминист: “Жаңы коомдун сүйүүсү” боюнча компаниелерди уюштуруу иштерин жүргүзгөн.

Анын: “Жаңы жумушчу классынын моралы” (1919), “Эркин сүйүү” (1925) деген аталыштагы китептери чыккан. Анда: “Эмгекчи аарылардын сүйүүсү” жарыяланган. “Аял – аарылардын королевасы, жарым анонимдүү аталардын балдарын төрөйт”. Мындай көз караштагы адамдар Россияны революциядан кийин либералдаштырып, ажыраштырууга карата мыйзамдар чыккан. Атасыз балдардын көбү мамлекеттик балдар үйүнө тапшырылып, балдардын кылмыштуулугу өскөн.

1930-жылдары пуританск (христиандык мораль) көз карашты карманып, консерватизм үстөмдүк кылган, “эркин сүйүү моралы” укук коргоонун күчү менен токтотулган. Парнографияга, гомосексуализмге, ж.б. аморалдык жүрүм-турумга тыюу салынган.

Христианчылыкка чабуул жасоо менен, рухий баалуулуктардын наркы төмөндөгөн. Атанын авторитети түшкөн, балдарга мамлекет камкордук көрөт деген иллюзия пропагандаланган. Өзүн-өзү тыюу – З.Фрейддин теориясынан кийин керексиз болгон. Советтик педагогикада секс темасы тыюу салынган. Азыр Россиядагы балдар үйүндөгүлөрдүн саны революциядан кийинки жана согуштан кийинки балдардын санынан аз эмес.

**Бышыктоо.** РФнын 18 жашар жараны минтип жазат: Менин СПИД жугузганыма эки жыл болду. Ооруканада мага окшогон жаштар арбын. Биз – акырындап өлүүчү тирүү өлүктөрбүз. Эми биз эч кимди сүйбөйбүз, үй-бүлө күтпөйбүз, балалуу болбойбуз. Көчөдөн улууларды көрсөм, таарынам, кыжырым кайнайт, арылгыс кайгыга батам. Биз “шерменделик” деген эмне экенин билбей, ушул абалга жеттик. Силер чачыңар агарганча жашадыңар. Эмнеге бизге түшүндүргөн жоксуңар? Моргдо (өлүк коюлуучу жайда) жаш кыз-жигиттер жатышат. Башка маркадагы машина минип, СПИДден өлгүчө, трактор айдап, дыйкан болгон жакшы тура! Мен мурда эркектен коркчумун, эми эркектин эрки бошосо эле “сыйлыгын” берем.

Үйдөн чыгарымда колумдагы чылымды жулуп, чалкан же камчы менен сабаса СПИДден сактагандыгы үчүн кандай ыраазы болмокмун! Эми эч нерсени өзгөртүүгө болбойт, кечиктим. Биринчи сексуалдык “эксперименттен” кийин дилиңде ыплас сезим калат экен. Аны тазалаганга эч ким жардам бере албайт. Бизди сырты жылтыраган журналдар, компьютердеги денеси, өңү оңдолгон сүрөттөр, азгырган көз караштар, экстраванттуу (денеси ачык) кийимдер, парнография, гламур-искусство, шоу-бизнес, реклама менен жыкты.

**Мугалим:** Коомдун деградацияланышынын себептери төмөнкүлөр: ажырашууга мыйзамдын жеңилдиги, коом ажырашкандарды сындабагандыгы, никесиз төрөгөн энелердин сындалбагандыгы, жалгыз бой энелерге кезексиз квартираларды, жеңилдиктерди берип, коомдун колдоосу, ЖМКда, искусстводо жоопкерчиликсиз, цензураланбаган бейадеп маалыматтардын, чыгармалардын чыгышы, өзүмчүл индивидуализм, аялдардын ою мыктап доорон сүрүүгө бекигендиги, баласын бактылуу кылуунун ордуна, өзү жашоодон ырахат алгысы келиши, балдардын бактысы

үчүн үй-бүлөнү сактап калган аялдарды басынтуу, аялдардын эркектерден көп акча табышы, үй-бүлөнү сактап калуудан карьеранын маанилүү болушу, чоң шаарларда элдин өзүнүн жүрүм-турумун анализдебей калышы, секстин максаты тукум улоо экенин унутуп, көңүл ачуу сыяктуу мамиле кылышы, контрацептивдик (презерватив) каражат, таблетка кенен өндүрүлүшү ж.б.

1980-жылдан баштап СПИД (ВИЧ) көйгөйү башталды. Ошону бетине кармап, “коркунучсуз секс” деген темада семинарлар өткөрүлдү, жаштарга берилген “билим” никесиз союздун санын өстүрдү. Изилдөөлөргө караганда мындай “агартуу иштери” терс таасир этери аныкталды. Презерватив эч кимди дарт (венерологиялык, СПИД) жугузуудан сактабайт. Калың бетондон да суу өтөт, дүйнөдө абсолюттуу андан сактоочу каражат жок. Андай семинарлар жаштардын боюна бүтүшүн, аборттун, никесиз төрөлгөн балдардын санын азайткан жок. Тилекке каршы, аморалдык жүрүм-турум көбөйүп, канчалаган тагдырларга балта чабылды. СПИД (ВИЧ) – жугуштуу, айыкпас дарт, иммунитеттин дефицитин эч нерсе калыбына келтирбейт.

Ошого карабастан реабилитацияга (мурунку абалга жетүүгө) медициналык жактан жардам алып, ден-соолугун, психикасын калыбына келтирүүгө (режим өзгөртүү, диета, даарылануу ж.б.) аракеттенишет.

**Жыйынтыктоо.** “Мыйзамдар жана инструкциялар – моралдык норма эмес”, – деген Ганс Кюнг. Моралдык жактан бузулган жүрүм-турумга жол бербегиле. Үй-бүлө күткүчө өзүн таза кармоо – жогорку маданияттуулук. Маданияттуу болгула. Өмүрлүк жарды тандагыла, сүйүүдө туруктуу болгула. “Үй-бүлө сүйүүдөн курулат, адамдын бактылуу болушунун зарыл шарты – үй-бүлө күтүү” (И.А. Ильин). “Сезимдерди ооздуктабагандык – дүйнө маанисиз деген ынанымга жеткирет. Жүрүм-турумдун пакизалыгы дүйнөнүн маанилүүлүгүн түшүнүүгө жеткирет” (А.Камо). Пакизалык – чыныгы ички сулуулук. Жашоонун сергек мүнөзүн тандагыла. Сүйүүсүз, никесиз жашоо айбандарга таандык, адамча жашагыла, бактылуу болгула.

## Класстан тышкаркы иш-чаралар

## Укуктук аң-сезимди калыптандырууга карата викторина

1) Мамлекеттин функциясы деген эмне? (Мамлекттин негизин түптөөгө арналган кызмат-ишти билдирген аракеттердин негизги багытын мамлекеттин функциясы дейт).

2) Демократия деген эмне? (Көпчүлүк калк мамлекетти башкарууга кенен тартылган, адамдын жана жарандардын эркиндиги бар болгон жана анын укугун коргогон көп партиялуу, плюрализмди камсыз кылган саясый режимди мүнөздөөчү форма демократия деп аталат).

3) Мыйзам деген эмне? (Мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу жогорку органы же анын өкүлү жарыялаган нормативдик акт, ал өзгөчө процедуралык тартипте кабыл алынат, коомдун жашоосунда маанилүү маселени жөнгө салат, жогорку юридикалык күчкө ээ болгон заң).

4) Апартоид деген эмне? (Ашынган расалык дискриминациянын б.а.

укугунан ажыратуу формасы, анда эл расалык белгилери боюнча бөлүнүп жашоо, басынтуу практикаланат).

5) Мамлекеттин жогорку баалуулугу деп эмнени аташат? (Адам, анын эркиндигин жана укугун аташат).

6) Бир эле адам канча жолу КРнын президенти болуп шайланууга укуктуу? (2 жолу).

7) КРнын түзүлүшү кандай? (Президенттик-парламенттик).

8) Канча жашка чыккандан кийин мамлекеттин жараны депутат болууга укуктуу? (22)

9) Көз карандысыз мамлекеттин негизги белгилери кандай? (Суверендүүлүк).

10) Адам укугу боюнча негизги документ кайсы? (Адам укугу боюнча жалпы деклорация).

11) РФсында канча субъект бар? (89)

12) Канча жашка чыккандан баштап толук жарандык жоопкерчиликке тартылуу башталат? (18 жаш).

13) Физикалык адам деген ким? (Мамлекеттин территориясында жашаган адамдардын баары).

14) Укук таанычуунун көз карашы боюнча «аморалдык иш кылган адам» деген түшүнүктү ачкыла. (Жалпы кабыл алынган моралдык норманы бузган, иш-аракет кылган адам).

15) Мамлекеттик бийликтин жогорку органы катары кайсы нормативдик акт кабыл алынган? (Мыйзам).

16) Укук бузган учурда жоопкерчиликтин кайсы түрү ишке кирет? (Административдик).

17) Кылмыш деген эмне? (Коомго же адамга коркунучтуу, зыяндуу, мыйзам тарабынан тыюу салынган, күнөлүү иш жасоо, ал аркылуу жазаланат).

18) Кайсы курактан баштап кылмыш кылгандыгы үчүн жоопко тартылат? (Өтө коркунучтуу кылмыш үчүн 16 жашынан жоопко тартылат).

19) Өспүрүмдөргө саат канчага чейин көчөдө жүрүүгө уруксат берилет? (Саат 9га чейин).

## Экологиялык викторина

1. Биздин өлкөдө кайсы жерде атмосферага ташталган таштандылардан, машинанын газынан абанын, суунун абалы начар?
2. Бизди курчаган табигатты коргоо үчүн кандай чаралар керек?
3. Чоң шаарлардын ичинен дүйнө жүзүндө кайсы шаарда атмосфера таза деп эсептелинет?
4. Кир жуугуч порошоктордун экологиялык мааниде кандай пайдасы, зыяны бар?
5. XXI кылымдагы чарбачылык шартта кандай ааламдык (масштабдуу) көйгөйлөр бар?
6. Планетанын ресурстары – жалпы адамзаттык байлыкпы же

экологиялык көйгөйбү?

7. Ядролук согуш жөнүндөгү доктрина – биосфераны бүлдүрүү коркунучу.

8. Энергия үнөмдөөгө багытталган саясат – бизди курчаган чөйрөнү коргоонун натыйжалуу чарасы (окуучулар жообун таап келишет).

## Кызык экен окуп кой

***(дубал газетага керектүү материалдар)***

- Булут минсең жетпейсиң, мурункунун наркына, бурулдайсың, түтөйсүң, бул замандын дартына (Арстанбек).
- Текеберчиликти жеңген адам жагымдуу болот. Ачуусун жеңгендин көңүлү көтөрүлөт. Кумардануусун жеңген ийгиликке жетишет. Сараңдыкты жеңген адам бактылуу. (араб макалы).
- “Ата-энени, бир туугандарын, элин, Мекенин сүйүү – балага жакшылык каалоо, мээрим, ага камкордук көрүү сыяктуу сапаттар үй-бүлөлүк тарбия аркылуу калыптанат, адамгерчилик, ак ниеттүүлүк, иш билгилик, жаратман ойлом эмгек аркылуу калыптанат, башкаларга карата камкордук көрүү, дүйнөнү, коомду, адамды таанымы таалим-тарбия аркылуу калыптанат” (В.А. Сухомлинский).
- Ар бир баланын башкалардан айырмаланган өзгөчөлүгү, таланты болушу мүмкүн. Аракетчил бала таланттуу жалкоодон көбүрөөк ийгиликке жетишет.
- “Тарбиянын максаты – балада адамгечиликти калыптандыруу, каражаты – ага жакшылык каалоо, мээрим, тарбия чиновникти, акынды же кесип ээсин чыгарууга эмес, адамгерчиликтүү адам калыптандырууга багытталган. Адамгерчилик дегенибиз – рухий сапаттардын топтому” (В.Г. Белинский).
- Уят – бул адамдын парасатын, касиетин, наркын, намыс-ариетин түшүрбөй, бийик кармап турган дымактуу, ыйык сезим. Уялууну билбей калгандын көөдөнүндө боштук бар, уятсыздыктан алдамчылык, уурулук, өзүмчүлдүк, кара мүртөздүк, чыккынчылык, таш боордук, кыянатчылдык ж.у.с. терс сапаттар чыга берет.
- Калыстыктын каалгасы бекисе, кара өзгөйдүн дарбазасы ачылат.
- Рухий тарбиясыз адамдардын коому – макулуктардын коому (И.П. Подласый).

**Адабияттар:**

1. Абрашов С.И. Духовно-нравственное воспитание школьников в системе дополнителного образования в условиях малого города. //Педагогика. №8. 2009.
2. Байгазиев С.О. Ала Тоодогу агартуунун тарыхынан кыскача очерк. Бишкек. 2005.
3. Бауэр Е.А. Духовно-нравственное воспитание детей и подростков: Германия и Россия. //Педагогика. №8. 2010.
4. Власова Т.И. Духовно-нравственное развитие современных школьников как процесс овладения смыслом жизни. //Педагогика. №9. 2008.
5. Волков Г.Н. Этнопедагогика: учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. Заведений. – М.: Академия, 2000.
6. Губаев С.С. Население ферганской долины в конце XIX начале XX в. Ташкент. 1991.111-б.
7. Гершунский Б.С. Философия образования XXI века. –М., 1998
8. Григорьев Д.В. Духовное и социальное воспитание человека. Народное образование. – 2010. – № 1
9. Дереклеева Н.И. Классный руководитель. Основные направление работы. – М. Вербум-М. 2001.
10. Добаев К.Д. О проблемах современного общества. //Общественный рейтинг. №18(230513). 2013.
11. Дженкинс П.Дж. Воспитание духовности детей. София. 2005. 144-б.
12. Данилюк А.Я. Учебный предмет «Основы духовно-нравственного воспитания народов России» // Педагогика. – 2009. – № 9.
13. Жумабаева Г.А. Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык жана психологиялык аспектилер. Бишкек. 2017.
14. Ерасов Б.С. Социальная культурология. – М., 1996. С.115.
15. Иптаров С. Кыргыздын шаары – үй-бүлө. //Шоокум. №11(28). 2008.
16. Канке В.А. Основы философии. –М. 2004.
17. Кронгардт Г.К. Кыргыздар. Бишкек. 1991. 68-69-б.
18. Костенко Л. Средняя Азия и водворение в ней русской гражданственности – Санкт-Петербург. 1871.
19. Кукушин В.С. Общие основы педагогики. Ростов-на-Дону. 2002.
20. Кукушин В.С. Этнопедагогика и этнопсихология. – Ростов-н/Д.: Феникс, 2000. – 448 с
21. Кукушин В.С. Теория и методика воспитательной работы. –

Ростов-н/Д.: МарТ, 2002. – 224 с.

22. Лазарев С.Н. Диагностика кармы. – М., 2000.

23. Лю Гуань Юй. Мудрость Востока – Бишкек: Одиссей, 1993.

24. Ницше Ф. Антихристианин– Ашхабад: Метбугат, 1994.

25. Никандров Н.Д. Светское образование и духовное просвещение: проблемы взаимодействия // Педагогика. – 2010. – № 3.

26. Положение детей в СССР. Состовитель Е.М.Рыбникова. – М.,1990.

27. Сухомлинский, В.А. Духовный мир школьника – М.: Учпедгиз, 1961. – 223 с.

28. Слободчиков В.И. Духовные проблемы человека в современном мире // Педагогика. – 2008. – № 9.

29. Советский энциклопедический словарь //Гл. ред. А.М. Прохоров. – М.: Сов. энцикл., 1980. –

30. Торсунов О.Т. Законы счастливой жизни – М.: Ведабук, 2004.

31. Религиоведение. Под ред. М.М. Шаховича. Спб. Питер.2009.

32. Харисова, Л.А. Ислам. Духовно-нравственное обучение школьников. – М.: Владос, 2002.

33. Шадриков В.Д. Духовные способности. – М.: Магистр, 2000.

34. Шевченко И.П. Система духовно-нравственного развития учащейся молодежи Украины // Педагогика. – 2008. – № 9.

35. Элебесова А.Б., Аблезова М.К. и др. Граждановедение. Учебно-методическое пособие для для преподователей вузов Кыргызской Республики. Бишкек 2009.

36. Б.А. Юнусов. “Эстремизм жана такфиризмдин коомго келтирген коркунучу. I эл аралык симпозиум. Бишкек. 2014.

37. Ященко И.К. Василий Великий и духовно-нравственное становление личности. // Педагогика. – 2011. – № 1.